РУХТАР МЕНЕН СЫРДАШУУ

Бишкек - 2008

РУХТАР МЕНЕН СЫРДАШУУ

Бишкек - 2008

Рух сөзү улук сөз
өмүрүңө мүрөк сөз
жүрөгүңө түнөк сөз
Тарбиялап такшалтат
Аалымдан сени башкартат
(Рухтардын сөзүнөн).

Сырдуу дүйнөнүн сырдуу сырларынан учкай кеп. Сыр деген нерсе жашыруун, адамдарга сездирбей жашоочу, көзгө көрүнбөгөн, көп адамга сезилбеген, өзүнчө бир кубулуштар же белгилер деп эсептейбиз. Бирок ошол жашыруун сырларды да, көзгө көрүнбөгөн кандайдыр бир күч аткарат, алар да кимдир бирөөнүн башкаруусунда иштеп, буйругун аткарат. Табият сырларынын түрлөрү өтө эле көп. Ал сырлар бардык пенделерге эле сезилип таасир бере бербейт. Аалымдан кимге таасир бер деп буйрук берилсе гана, ошол пендеге таасир берет б.а. өзүнүн сырын көрсөтөт. Табият сырлары көбүнчө көзгө көрүнбөгөн Рухтар аркылуу ишке ашат.

Мисалы: мазардын сыры бар, ал сырын кээ бир адамдар гана сезет, экинчи бир адам сезбейт. Ушул жерде кандайдыр бир сыр бардай деп, жүрөгүндө сезгенин же туюмунда туйганын сөз кылса, бирөөлөр бул жердин сырдуу экенин укмамын деп айтышы мүмкүн. “Сезилип, сезилбеген, ишенип – ишенбеген кубулуштарды, пенделер сыр деп коюшат”. Сыр деген нерсе Адам Атадан бери сезилбей келе жаткан табышмак болуп эсептелет.

Аалам үчүн мындай сырлар табышмак эмес, жөн эле адамдарга жардам берүүсүн, ошондой эле Кудайдын кудуретин пенделерге көрсөтүүчү, адамдардын Алланын алдында алсыздыгын сездирүүчү көрүнүш.

Кээ бир адамдарды сырдуу жердеги сыйкырдуу күчтүн жардамы менен тарбиялап, табияттын сырлары аркылуу ак жолго салып, аларга аян алуу, табыпчылык ж.б. касиет тартуулап, элдин ден соолугуна, жан дүйнөсүн аруулантып тазалоого жардам берүү үчүн милдеттендирет. Мына ошондой

адам баласына сезилип, сезилбей таасир берип, өз кудурет күчтөрүн көрсөтүп, адам баласынын келечек тагдыры жөнүндө кам көрүшүп, акыл – насаат, кеп – кеңештерин айтышып, аалам жердин биримдигин чыңдоого аракет жасашып, бир эмес, бир нечелеген адамдарга (ар бир улуттун өкүлүнө) өз тилинде, ааламдагы көзгө көрүнбөгөн сырдуу (периште дейбизби, рухтар дейбизби) күчтөр аркылуу, ар кандай ыкма менен аяндар алынып жазылууда. Мына ошондой сырдуу көрүнүштөргө дуушар болгон жогорку билимдүү физик мугалими Ажибай уулу Эргешбай агай 1999 – жылдын август айынан бери Ааламдык күчтөр менен байланыш түзүп, алардын берген маалыматтарын кагаз бетине түшүрүп, (мындайча айтканда) көзгө көрүнбөгөн күчтөрдүн талабын аткарып келүүдө.

Бул жазылып алынган аян маалыматтарда эч кандай адам баласына тескери таасир бере турган жагдай жок, түшүнгөн адамга бул жашоодо өз ордун табууга көмөктөшөт. Бирок маалыматтардын арасында маанилүүсү да, маанисизи да аралашып калышы да мүмкүн. Ошол себептен урматтуу окурмандар көкүрөккө туура келген жерин кабыл алып, келбегенин акылга салып чечмелеп тыянакка келсе болот. Мен агай менен 1999- жылдан бери чогуу иштешип, болуп жаткан кубулуш – сырларга, маалыматтарга анализ жасап, иликтөө жүргүзүп, көп сырдуу окуялардын, фактылардын күбөсү болдум. Азыркы учурда адамдардын жан дүйнөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр, аалам байланышына чыккандар арбын болууда. Келечекте бизди дагы кандай окуялар күтүп турат аны бара көрөбүз. Шартка жараша Ажыбай уулу Эргешбай агай аркылуу жазылып алынган кол жазмалардан тааныштырууну туура көрүп, сиздерге кыргызга белгилүү жана белгисиз улуу рухтардын Акыл насаат, кеп кеңештеринен сунуш кылабыз. Алар: Манас Ата, Жакып Ата, Каныкей Эне, Чыйырды Эне, Семетей, Айганыш (Курманбек баатырдын жубайы), Актан баатыр, Ак – жылан деген Рухтар: окурмандарды кайдыгер калтырбайт деп ойлойбуз. Окурмандардын ой- пикирлерин, сунуштарын күтөбүз.

Айтикеев Кеңешбек
"Бишкек адам тануу алымканасы"
"Бата" нын жетекчиси

15.08.2002 – жыл саат 18 .20.
БАЙЛАНЫШТА МАНАС АТА

Айлуу түн, айсыз түндө алыс кетип
Кырк күн деп, калкым үчүн казат кетип
Калк үчүн, жаным курман баратат деп
Капилет душман келсе тосуп кетип
Калкымды калкалаган чеп болгомун.

Узун түн уйку көрбөй узак кетип
Урушта туруш жок деп шашып кетип
Шар суунун туурасынан кечип өтүп
Элиме өмүр арнап, кечирбей душманымды
Кыя чаап кылычтап башын алып,
Буруудан бура тартып, өлүктү атка артып,
Азаптын тозогунда, жоо тосуп калкты барктап,
Калкты сактап, каардуу калкым үчүн калкан элем.

Бугутта бугуп жаттым, бууданды бура тартып
Душманга ажал болуп, айкырып ат дүбүрткө
Кошулуп от чачырап, калкымды жоодон сактап,
Уйкусуз таң атырган, уктатпай жоо качырган,
Караанын көргөн кезде узатпай тузактаган
Уу тырмак бүркүт сындуу куушуруп кууп кирген
Тоо бүркүт Манас элем.

Кан көрүп кармашканда, душмандан өч алганда өчөшүп өчүн алган, катарлап башын алып, кармашта жеңиш алган кыргыздын кыраан уулу жоо тоскон Манас элем. Калк үчүн кан майданда кармашып жан курман деп, кыйкырып кылычтаган, кыйкырык кыргын салган, жеңиш же аман калган Манасты Алла сактап, Кыргызды теңир сактап, урпагын улап сактап, ааламда Алла колдоп коргоочу Манас элем. Кыргызды сактоо үчүн атайын төрөлгөмүн. Калкыңды сактайсың деп, ааламдан берген бата. Батадан бак ачылып башкарып кол баштадым, колума кылыч кармап кармашып жөө качырдым, калкымды калкаладым, жоо келсе балталадым, байырлап кыргызыма ынтымак ырыскысын Алладан сурап бердим. Жоо жеңип, жеңиш алып, биримдик баш коштуруп ынтымак жашоо бердим.

Алыстан дүйнө аралап, баалап байкап көрдүм баарысын баш коштуруп биримдик жашоо бердим. Бир болгун ынтымак деп, акылы-насаат бердим. Аруулап жүрөктөрүн, ата салт сактагын деп, салт сактап колго бердим, кордобо барганда деп, эскертүү катуу бердим. Эзилген элдерине эркиндик алып бердим. Эрме чөл араладым, барктап эл байырладым, баркына элдин жет деп башчыга дайындадым. Баш кошуу оңой эмес, аш тартуу тоюң эмес, ага да акыл керек, жакындап жүрөгүнө мээрим төгүү керек. Мээрим төгүлбөсө, жан тартып жакындабайт, айдаган жолго жүрбөйт, айтылгын сөзгө көнбөйт. Асканын зоосу болот, ашуунун коосу болот, айдаган малың болсо, кадырың баркың болот, союлуп салтың болот. Салт сактаган мейман күтүп, сый урмат деген болот, аш деген ташты ээритип биримдик деген келет. Берилсе жүрөк сөзү, ишенсе эки көзү, душмандар дос болушат, ишенип жүрөгүнөн кол кармап бирге болуп, үзөнги жолдош болуп, казатка бирге аттанып, башына таш жазданып чыныгы жолдош болот, ишеним менен болот. Жоо келсе тосуп чыгуу, кармашта жеңип чыгуу жолунан жол башчынын, акылдан, жөндөмүнөн, тилинде мөөрүнөн, алга деп алга баштап кайтпаган кайратынан, каардуу баатыр болуп, кармашта башын кыйып, көзүнүн жашын тыйып көөдөндө көрүп турган, Алладан белек берген адамдык касиеттен, колдогон колдоочудан, жасаган жаратылыш жалтанбас жаштыгынан, ар ишке маштыгынан, жол таап ыгын билген, сезимтал-сезгичтиги жашоодо жардам берет, кыйноодо демин берет, жеңишти алып берет, жетилтилтип сыноолордо намысты алып берет, бак- дөөлөт байырлатып, атак – даңк алып берет, баарысын баш коштуруп, боорукер балдай сөзүн мээримин төгүп берет, ишеним демин берет, душманың болсо дагы аш берсең ээрип берет.

Ашуунун кары болот, баатырдын баркы болот бак консо баатырына казатта жеңиш болот; калкынын камын көрүп, жоо келсе чеби болот. Аска- зоо бийик болот, жайлаган кийик болот, жоо келип кармашканда калкынан баатыр чыгат, канында Хандык бар деп калкынан Ханы чыгат.

Каада – салт сактап жүрсө, эл тарых далил чыгат, кээ бири залим чыгат, түбөлүк ойлонбостон көкөлөп көктү карап көрбөстөн келечегин көп эле кыйноо салат. Калк деген калыс болот, суу башы алыш болот, баалап баркын билсе, калк деген толкуп дайра шар кеткен сел да болот. “Акылдуу элден чыгат, азыгың жерден чыгат”, “жек көргөн душман

келсе, баатырың элден чыгат.” Казат деп алыс кетет, калтырып калкын кетет, кадырлап калк өстүрсө, калкынан башчы чыгат, эл баштап алга кетет, өстүрүп алга кетет жөлөгү таяк болуп, бир – бирин жөлөп кетет, баш кошуп биримдик деп, ынтымак элге берип, ырыстуу калк экен деп эл баштап алга кетет, элинин бактысы деп, баалап барктап кетет. Чыныгы жол башчыны, эл баштап колдоп кетет, каалап бата берип, кайрат айтып, көтөрүп бийиктетип атагы – даңкы кетет. Акылдуу баштан чыгат, башчысы жаштан чыгат. Калкында калыс сөз бар “Акылдуу он бешинде баш болот, акылсыз отузунда жаш болот”. Такталып иши менен алга кетип, эр жүрөк колду баштап жоого кетет. Жоо тоскон эл баатыры, кан кечкен калк баатыры, калкынын камын көрсө чыныгы эл баатыры. Баатырды Алла берет, эл камын көр деп берет, ааламдан жөлөп барат, өмүрүн улап барат, өзгөрбөс пейил болсо, өзү эле оңдоп барат. Жараткан Аллабыз бар, жашаган пендебиз бар, баалап баркын билсе, калкынын колдоосу бар. Чырпыгы чынар болуп өсүшүп жетилүү бар. Ааламдан бир Алладан ырыскы насиби бар, берилген белек деген бир өмүр өмүрү бар. Белегин бөпөлөсө, көтөргөн көңүлү бар. Көрк берип көкөлөткөн, колдоочу, коргоочу бар, алга деп жол баштаган Алладан периште бар, берилип Алла десе, орундап ой тилеги бактылуу жашоосу бар.

Бак конуп баатыр болуп эл башкардым,
Бала кез колду баштап жоого аттандым
Жоо тосуп, каршы туруп такшалганмын.

Арнагам өмүрүмдү кыргызыма,
Ааламдан агып келген жылдызыма.
Аллага, жаратканга мен ыраазы
Кыргызды сакта деген буйругуна.

Жоо келсе чеби болдум кыргызымдын,
Корголоп кол башчымын коргоодомун.
Коолордо жоону тосуп тоолордомун,
Уйкусуз таң атырган жолдордомун.

Кол баштап коргон болуп мен жүрөмүн
Жоо тосуп мен 40- күндүк казаттамын.
Өмүрдү элге арнап азаптамын.

Азабым айлуу түндө жол баштадым
Жаштык кез ойноо чакта казаттамын.
Төрөлүп кыргын доор жашоодомун
Кылычта башты кыйып чабыштамын
Баш алып кан майданда кармаштамын

Каалап калкым үчүн кармашамын
Калк үчүн өмүрүмдү арнашамын
Эл үчүн. Мен туулган жерим үчүн
Майданда баш берүүгө мен даярмын
Алланын мен буйругун аткарамын
Башымды кыргызыма байлагамын
Казат деп алыс жерден душман тосуп
Алдынан каршы туруп айдагамын

Каршылаш салам берип тосуу эмес
Жөн эле учурашып кайтуу эмес
Кылычтап баш кыйышып, баш беришип
Жоокерди курмандыкка чалуу деген.
Өлүмгө башты байлап туруу деген
Чеп деген - кооздолгон бул сөз эмес
Баш берип кезектешип тосуу деген.
Катарлап узатылган өлүм деген.
А бирок артка кайра тартпа деген
Бул өзү, ал жигиттик парзым деген:

Душмандын капилеттен кармашы бар
Жаңылсаң көз ирмемде жайлашы бар.
Жакшысы жаат – жаат бөлүнүшпөй
Биримдик, ынтымакта ийгилик бар.

Баатыр бул, элге берген байлык болот
Жазылган пендеге дөөлөт болот.
Жер сактап, элин сактап калкалаган
Кам көргөн өз элине Ата болот.
Элинен баатырына бата болот.
Кыргызым кырда өскөн кыргый элең
Кыр кырда жоону тосуп турган элең.
Кырк күндүк казат жүрүп чарчабаган

40 күнү от жебеген тулпар элең.
Кек алып жоого аттанган урпак элең
Алысты көрө билген шумкар элең
Бийиктеп күүгө келген бүркүт элең
Урушта туруш жок деп жоого аттанган
Кылычтап кыйкырышып жоону жеңген
Жоокер деп жоого аттанган кыргыз элең
Арбагы Манасымдын коргогун деп
Жоо келсе ураан менен кирет элең
Чынында Манас коргоп жеңет элең.

Ааламда кыргызымды колдоп жүрөм
Корголоп өмүр бою бирге жүрөм
Кыргызым ынтымакты сактагын деп
А бирок акыйкатты барктагын деп
Жашагын чындык менен акыйкат деп
Чындыктан кадыр- баркың табылат деп
Чындыктан жүзүң жарык барк алат деп
Чындыкты калыс калкың кадырлайт деп
Бийлигиң чындык менен бекемделет.
Чындыгың бийлигиңе жөлөк болот.
Чындыктан жүзүң жарык элге болот.
Чындыктан кадыр баркың көтөрүлүп
Бак дөөлөт, бийлик деген колдо болот
Чын жолдош кайгы - муңда бирге болот
Чындыкты чыркыратып тепсегенде
Үзенги буту тайып төмөн кетет

Чындык бул, Алла сөзү белек деген
Чындык сөз жашоо үчүн керек деген
Чындык сөз чыркыратып жабылгында
Ырыскы, ынтымагы качты деген
Бийлигиң бийиктебей тайды деген.
Кара оюң калкка маалым болуу деген.

Чындыкты калк тараза тартып турат.
Чындыктан кадыр баркың артып турат.
Чындыктан мартабаңыз көтөрүлүп
Бак дөөлөт башка келип конуп турат

Чындык сөз тарыгыңа далил болот
Чындык сөз бак дөөлөтүң багың болот.
Чындыкты баалашып барктагандар
Калыс эл, калайыкка барктуу болот.
Чындык сөз душманыңа огуң болот
Ойготуп уктатпаган ооруу болот
Чындыктын магнит сындуу күчү болот.
Бир эмес, миң дегенди тартып турат
Сөзүнөн жүрөк эргип балкып турат.
Чындыкты баалаган пенделерге
Алла да мээримин төгүп турат.
Чындыкка жете албаган пендесине
Аллабыз аянычтуу карап турат.
Боору пендесине ооруп турат.
Пендесин жүрөгүнөн аяп турат
Чындыкты тепселеген бийлигине
Карабай ал (алла) каарын төгүп турат.
Абийирин эл алдында ачып турат.
Калпычы өз калкынан качып турат.
Бак дөөлөт баштан качып
Үзенги улам бошоп түшүп турат.
Каалап калкым турат.
Барктабай баары турат.
Башчыда барк болбосо
Кетпейби бийликтен деп
Каргашып калкы турат.
Тойбогон эки көзү, бербеген бийлик турат
Маанилүү маселеде
Кылчактап кыйыр турат.
Кыжырга тийип турат.
Калкыбыз ал тараза
Тартышып тактап турат
Барктуусун барктап турат
Баркы улам артып турат.
Баалуу сөзү үчүн
Калыстык көзү үчүн
Акыйкат чындык үчүн
Айтылса чын жүрөктөн
Баалап калкы турат

Көтөрүп көңүл турат
Чыныгы адам сапат
Көрүнүп баары турат.
Периште колдоп турат
Көз кырын Алла салып
Иши алга жылып,
Ачылып жолу турат
Ардактап эли турат
Башына дөөлөт келип
Байырлап кетпей турат.
Элине баркы болсо
Көтөрүп эли турат.
Баш кошуп биримдикте
Бир жашап баары турат.
Элине бөлүнбөстөн
Бир тууган болуп турат
Бий болуп, башчы болуп, бактылуу өмүр турат.
Бийликте узенгиден тайуу болот
Калкыңа кадыр баркың төмөндөшү
Чындыкты тепсегенден боло берет
Кадыр барк, ал төмөндөп бара берет.
Себебин, пейилиңден байкап билгин
Ач көздүк аша чапкан сезип билгин
Калкыңды карабаган аны билгин.
Кара өзгөй ойлоруңдун таасирин билип койгун.
Баалап, барктабаса өзүңдөн сурап билгин.

Пенде бар, ал жашаган коому бар
Коом бар, башкаруу бар, такшалуу бар
Так сүйлөп, таамай сөздөн таанылуу бар.
Кээде бийлик талаш, дөөлөт талаш.
Ичи ара кара өзгөйлүк кармашуу бар.
Арада ак ниеттүү элим деген
Өмүрүн элге арнаган каарман бар.
Ааламда Алла Тала калыс көз бар
Тараза тартып турган калыс калк бар
Калкыңдан качып алыс кете албайсың
Кара өзгөй өз калкыңа жага албайсың
Жашоодо максатыңа жете албайсың

Жетсең да, элге бакыт бере албайсың
Чынында элден колдоо көрө албайсың
Аралашып эл менен жүрө албайсың
Жаз күнү жаап өткөн мөндүрүндөй
өзүңчө өөн эле көрүнөсүң
кошулбай өз элиңден бөлүнөсүң
эл үчүн сен кара өзгөй көрүнөсүң.
Кара- ойлор, өмүр бою тозоктосуң
Артыңдан жаштар өсүп келе жатса да
Аларга оңой жолду бошотпойсуң
Жаз күнү түшүп келген бороондойсуң
Кайгыны алып келген караандайсың
Ачык күн, күндүн бетин каптап калган
Калдайган кара туман каптагандай
Каардуу кара чаар жыландайсың.
Оюң жок жакшылыкты каалаган
Атайын аалам жактан алып келген
Капилет кирип келген ажалдайсың.
Аламын, беремин деп сен алдайсың
Келгенде сездирбеген боорукерсиң
Максатка жеткениңде ташбоорсуң
Сездирбей уу тырмагын матыргандай
Аскада көз жетпеген бүркүттөйсүң.
Көзүнө уусун чачкан жыландайсың
Азыкты алганыңа кубанасың.
Сыртыңдан сырың бербей адамдайсың
Акырын сыноо менен кадамдайсың.
Калкыңдын тузагына түшкөн кезде
Бошонуп алыс жака кача албайсың
Калкыңды алга карай баштабайсың
Убагы сааты келсе качкандайсың
Ичиңе кара таруу айланбаган
Жашаган эл ичинде кара өзгөйсүң
Турмушуң жакшырса да өзгөрбөйсүң
Сыртынан сырты сылык көрүнөсүң
Ак ойдун арасында бөлүнөсүң
Ушундай пенде деген укмуш дүйнө
Сыртынан караганда сылык дүйнө
Ичине кирген кезде бузук дүйнө

Пендеси байкаганча эки дүйнө
Сырты ак, ичи кара жашоо дүйнө
Мээрим бере албаган жансыз дүйнө.
Жаратып жаратканым койгон экен
Андайлар оңолбойтко эки дүйнө
Канынан канча өтүп пейил кетет
Бооруң ооруйт кайгы дүйнө.
Кайрадан жаралбайт го адам дүйнө
Дүйнөгө бир келесиң адам дүйнө
Бул дүйнө адам дүйнө, о дүйнө арбак дүйнө
Баарысы түшүнүксүз, чексиз дүйнө
Ааламга окшош дүйнө
Адамдар жаралгандан
Ачылбас сырдуу дүйнө
Аргымак минсең дагы
Ичиңде башка дүйнө
Дагы эле сыртың сылык
Ким билет ички сырды
Сыр каткан сырдуу дүйнө
Кээ бири нурдуу дүйнө
Ушундай жашоо өтөт
Укмуштай баары өтөт
Унутуп өткөн күндү
Пендеси деген кетет.

Өмүр бул ал өткөөл
Меймандай келип кетет
Аккан суу дайрасында
Өркүндөп өсүп кетет
Чөлүндө сиңген суудай
Акырын өчүп кетет
Табият бул закону
Аткарып дайым келет
Максатка жетип кетет
Ажалы алып кетет.
Уланып урпак кетет
Байгеде жарышкандай
Жарышып байлык топтоп
Көз тойбой дүйнө жыйып

Көз ирмем ажал келсе
Чачылып талаа кетет
Тарыхта болуп келген
Жаралып жарык дүйнө
Жалп этип өмүр өчүп
Жайганы калып келген
Падыша болсоң дагы
Атак даңк алсаң дагы
Көз тойбой жарык дүйнө
Көз жумуп өтүп кеткен

Кыргызым кыраан куш деп
Кыйкырып жоону жеңген
Арбагы Манас колдоп
Казат деп дүйнө аралап
Дүйнөлүк аренада, кыргыздын аты калган
Эстесин урпагым деп
Аскада, таш жазууда
"Мен кыргыз" – деген сөзү
кашкайган жазуу калган

Аскада кыргыз сөзү баарына күбө болот, далилдеп тактаганда таштары тактап берет, байыркы кыргызым деп, таш жазуу барктап турат, миллион жыл өтсө да өчпөстөн даана турат, окууга каражат жок, өксүгөн тарых турат, аракет абдан болсо, кыргызга жарык тийет. Улуу калк «кыргыз» деген тарых да айтып турат, тактаган урпагы жок үмүттө тарых турат, үйрөнсө таш илимин, дүйнөлүк кыргыз илим, жарк этип жарык көрөт, жайнаган жайлоо гүлдөй тарыгы Кыргызымдын жөн эле гүлдөп чыгат. Тарыхты тактап ал деп, кыргызды үндөп чыгат, табылга, табылга деп изилдеп илим чыгат, урпагы өз тарыхын, чындыгын далилдерин дүйнөгө алып чыгат. Архивде аалам жакта, такталып тарых турат, ой менен байланышып кол менен жазып турат, бул дагы чындык тарых, ааламдан айткан тарых, кылымдар бек сакталып кыргызга берген тарых, тагдырың аалам жакта, тарыгың аалам жакта сактады, өзүң баркта, өзүң сакта.

Ааламда Манасыңдын руху бар
Кез – кезде кабар берип турушу бар
Каалап ал тандаган пендесине
Айтуучу тарбиялык сөздөрү бар
Ааламда калыс турган көздөрү бар
Салам деп кол кармашып келбесе да
Алыстан кабар берип турушу бар.

Байланыш үзүлдү.
Эргешбай ыраазымын.

21.10.2001 жыл. саат 21.25
Аянды "Манас Ордодо" жаздырды

БАЙЛАНЫШТА ЖАКЫП АТА

Ордого келип турабыз
Ортого алып турабыз
Оюңарды биз окуп.
Ыраазы болуп турабыз

Ак ордо ою ак тилек
Тилеген баары ак жүрөк
Арбактар баары колдойбуз
Душмандан элди коргойбуз.

Байланышта Жакып Ата.
Алланын алып буйругун,
Аткарып милдет турабыз
Кароолдо кайтарып.
Кадимден салтты сактайбыз

Рухтарды сыйлаган
Сыйлуу биздин ордобуз.
Карайганды агарткан,
Дил, жүрөктү тазарткан.
Баалайбыз эмгекти.
Эл үмүтүн актаган
Тарыхтарын тактаган

Рухтарды барктаган
Баарыңарды барктайбыз

Ак ойлууну барктайбыз
Ак ойлорду колдойбуз
Аралашып элдерге,
Агартабыз элдерди.
Кара ойлууну кармайбыз
Кара жолдон чыгарып
Ак жолуна айдайбыз
Максатыбыз бир гана,
Пенделерге жакшылык.

Байырлап байкап турабыз
Урпакка көңүл бурабыз

Урматтаган рухту
Урпагыма ыраазы

Жакып Ата баштаган,
Баарыбыз келип турабыз
Байланышып пендеге
Жаздырып ойду беребиз
Уруксат алып Теңирден
Убактылуу келебиз
Айтылбаган сырларды
Муңканган ички муңумду.
Жаздырып колго беребиз
Эстешип эске келет деп
Эсиңе салып беребиз
Агартып пенде жүрөгүн
Аткарып биз да жүрөбүз.
Апкелип Манас Ордого
Аралашып турабыз

Кароол Дөбө жеринде
Катарлашып турабыз
Кат кабарын берем деп
Кармап пенде турабыз.

Баатырлардын баарысы
Өткөн күнүн эскерет.

Уйкусуз таңды атырган.
Кол баштап жоону качырган
Жашаган доор эскерет.

Шам жагып рух чакырган
Урпактарга ыраазы.
Урматтап рух сыйлаган
Пендеге рух ыраазы.
Ак бата берем ак жол деп
Аллабыз дайым колдо деп
Арбактар жүрөт ааламда
Урпактардын камын жеп.

.....байланыш үзүлдү.

Эргешбай ыраазымын, байланыш Кароол чокуда алынды. Саат түн 22.00

БАЙЛАНЫШТА – КАНЫКЕЙ ЭНЕ
түнкү саат 22.03

Алыстан ат арытып келипсиңер.
Аткарып эл белегин берипсиңер
Ак тилеп аалам менен байланышып
Рухтун оюн окуп жүрүпсүңөр.
Энеңер эл сыйлаган эне болгон
Эл коргоп жоого камдап камын көргөн.
Элине өмүр арнап өткөн эне.
Силерге ал ыраазы:

(байланышка Бишкектен Турсунбай, Үпел, Камчыбек молдо Кароол чокуда катышып фонар жагып олтурушту).

Эл милдетин аткарып келесиңер
Жашоонун келечегин элди ойлоп
Чогулуп ак тилекти тилейсиңер
Арадан миңдеген жыл өтсө дагы.

Сыйлашып рухтарды жүрөсүңөр
Жүрөктөн рух бар деп билесиңер
Арбагын Манасымдын силер сыйлап
Кез – кезде бул Ордого келесиңер.

Рухту эске алган жерде калбайт
Рух да эске алып элди колдойт
Аян түш алдын берип
Кырсыктан сактап коргойт

Ой менен кабарлашып кабар алган
Баарыңа биз ыраазы.
..... *байланыш үзүлдү*
Эргешбай ыраазымын.

Кароол чоку аябай суук экен. Үшүп кеттим. Алар сезишип айланайын үшүп кеттиң төмөнкү түлөөканага түшүп жаз деп колума жаздырышты.

Түшсөк аябай жылуу экен.

Түнкү саат 22.12
БАЙЛАНЫШТА ЧЫЙЫРДЫ ЭНЕ

Баатырга эне болуш оңой эмес деген мазмунда колумду кармап жаздырды. Ойлонбойм, кандай сөз жазууну билбейм. Колум өзү жазат, бул илимде "Автоматтык (письмо)" кат – деп аталат.

Урпагысың Манастын
Урматтап, сыйлап талаштың
Канчасы жолдон адашкан
Урпагым улуу калксыңар
Улуу жолдон адашпаң

Манасты Кыргызыма төрөгөнмүн
Уйкусуз ак бешикке бөлөгөнмүн
Келечек Кыргызымды колдойт го деп
Түшүмдө барын көрүп болжолдогом

Баатырды тарбиялоо оңой эмес
Кайгы муң аралашкан өмүр болот
Казатка аттанганда кайгы тартып
Уйкусуз жолун күткөн дагы болот

Кармашта кандай болду балам ай деп
Жүрөгүң кайгы тартып, күтүү болот
Алыстан чаңы чыгып караан келсе
Кан жутуп, жолун тосуп туруу болот

40-күндүк казат десе, эне шордуу
Алла деп өмүр тилеп таң атырат
Неберең ыйласа да чочуп кетип
Жакшылык болсо экен деп жаткырасың

Капалуу кирип келсе кандай бу деп
Калтырап, кан жөткүрүп ойлоносуң
Ой деген жамандыкка буруп кетип
Эне ай, кандай күндү өткөрөсүң

Баламан мурун эле кетейин деп
Көрүнбөс ажалды да чакырасың
Кулаксыз укпайт экен сөзүңдү деп
Угузбай душманыңа бакырасың

Эл жүгү оңой эмес билгендерге
Пендеге башка түшүп сезгендерге
Пешенеге Алла сызса көтөрө бил
Өмүрдү элге арнап жетелей жүр

Баатырың башты кыйып жүрөт дешет
Башына түшкөн пенде билет дешет
А, бирок, баарысына кайтарым бар
Ойлогон эне жүрөк оңой бекен
Баатырың баатырдыгын коер бекен

Кун кууп, Канын төгүп баатыр болот
Катарлап өлүктөрү жатыр болот
Өлүктүн энеси бар, атасы бар

Сыздаган энелердин жүрөгү бар
Баатырга арнап айткан каргышы бар

Жүрөккө батып тийет эне каргыш
Баш кыйган эли үчүн баатыр жалгыз
Жалгызды алпештеген энеси бар
Эзилген баласына жүрөгү бар

Баатырдын уул-кызы түнөгү бар
Капырай кара кийип каламбы деп
Душмандар мени келип талайбы деп
Бешигин бек кучактап таң атырган
Ай нурлуу, өмүрлүк жаш чүрөгү бар
Кармашта как жүрөккө найза тийсе
Заматта кара кийип калары бар

Жетпеген ажал болсо канжар сайып
Жүрөгүн жара тартып кетери бар
Душманы моокуму канып, бийлик талаш
Баатырга кайгырбаган пендеси бар

Бешикте жаш баласын бөлө чаап
Өчөшкөн өчүн алып тынары бар
Алыстан көздүн кырын сала берип
Сыртынан сыртын салып сынары бар

Баатырдын баатырлыгын билбеген бар
Жанында жандай жүргөн душманы бар
Үзөнгү жолдош болуп түпкө жеткен
Адамды аралаган аласы бар

Баатырга эне болуу оңой эмес
Бак дөөлөт башка конуу оңой эмес
Дөөлөттөн кол жуулуп кетери бар
Байкатпай баатыр башын алары бар

Баатыр деп, элге арнаган бала болсо
Эзилип эт жүрөгү эне өтөт
Бак дөөлөт баатыр алып элге берсе
Кайтарым болобу деп эне коркот

Чыйырды чыркыраган өмүр өткөн
Семетей ала качып кайгы өткөн
Кун кууп атакеңдин өчүн ал деп
Өлөөрдө керез айтып өтүп кеткен

О, дүйнө эне байкуш тынчып жатпайт
Арбагы, ал байырлап, бала барктайт
Келечек, тагдыр жолун барын көрүп
Кан жутуп, кайгы тартып колдоп өтөт
Көрүнбөй айланчыктап өмүр өтөт
Арбагы кайгы тартып чексиз кетет

Сездирбей урпагына жандап жүрөт
Корголоп, өмүр бою, коргоп жүрөт
Кара жол баспагын деп зордоп жүрөт
Камчылап ак жолуна айдап жүрөт
Адашпа урпагым деп тарбиялап
Арбактар урпак камын көрүп жүрөт

Энелер эркин болбой ойлуу жүрөт
Көңүлү көтөрүлбөй солгун жүрөт
Баатырдын келечегин ойлой берип
Энеке карып болуп кайгы өткөрөт

Манастын баатырдыгын ойлоп жүрөм
Көңүлүм караңгылап жашап жүрөм
Жаштыгы жоону кууп жолдо өттү
Кан төгүп, 40 күнчүлүк казат өттү
40 күнү уктабастан эне өттү
Шырп этсе жаны чыгып кандай кабар
Деп ойлоп эт жүрөгүн эзип өттү
Баладай эркелетпей өмүр өттү
Балам ай көңүл ачпай кылычташып
Баш кыйып, жоону жеңип, элди сактап
Жол жолдо таш жазданып баатыр өттү

Баатырдык, бакыт эмес билгендерге
Беттешип, ажал болуп бир - бирине
Элиме деп, өмүр арнап жери үчүн

Жан кыйып, жашоо кыйып өткөндөргө
Ажалдан мурда, дүйнө кеткендерге
Баатырга эне болуш оңой бекен
Акылдуу пенделери ойлор бекен
Баш кыйып баатырыңды келдим десе
Баатырдан мына өчтү алдым десе
Өөрчүтпөй баатырыңды өмүр кыйып
Балталап мына башын алам десе
Эзилген эне жүрөк чыдаар бекен

Пендеси башка түшсө чыдайт экен
Келбесе ажал деген өлбөйт экен
Көнгүн деп жаткан менен көрбөйт экен
Өлүмдү ээрчип эч ким өлбөйт экен

Баатырды төрөгөндөр бакыт эмес
Жоо жеңип келген дөөлөт дөөлөт эмес
Баатырды душман башын кыйып кетет
Өрт болуп эне жүрөк күйүп кетет
Жоо келсе, элди душман кырып кетет
Байлыктын барын тартып сүрүп кетет
Кызы күң, жигити кул доор келип
Тууган эл азап менен күнү өтөт
Кайгы муң, өмүр өтүп, жашоо өтөт

Баатырсыз элдин күнү ушул болот
Кайгы муң башка түшүп чыдоо болот
Жалпы элди душман келип кыйноо болот
Баатырсыз жашоо турмуш кыйын болот
Баарысы бир сөз менен жарык болот
Урпагына тарбия, таалим болот
Куунун кууп, өч алып баруу болот
Урпагы уланышкан жашоо турмуш
Өткөргөн өмүр улап чексиз болот

Урпакты улантышкан эне болот
Ырыскы, берекеси колдо болот
Өстүргөн баатыр бала жолдо болот
Элине намыс коргоп, баатыр болот

Манасты элим үчүн төрөгөнмүн
Башыма кайгы түшсө көтөргөнмүн
Алланын пешенеге сызганы деп
Бешикте неберемди балталайт деп
Түн орто алып качып жөнөгөнмүн
Өмүрдө тынчтык турмуш көрбөгөнмүн
Ажалга мен арбашып күн көргөнмүн

Манастын башы алынып күнү бүттү
Башыма азап менен тозок бүттү
Бир кезде үзенгилеш дос болгондор
Кас болуп катынына куда түштү

Канык ей канжар алып качып чыкты
Кайнене, бала менен бачым чыкты
Бешикти алмаштырып, балталатып
Баласын жанын алып аман чыкты
Бир кезде ханыша деп аталганы
Башына кайгы менен муңга алмашты
Ак тойго күбө болуп алып берген
Алам деп, жуучу коюп жармашышты
Жол тосуп туш - тушунан тосуп чыкты
Жоо болуп балта, кылыч кармап чыкты
Канык ей байлык чачып качып чыкты
Чачыке каңырыгы түтөп чыкты
Жетимин ала качып жолго чыкты
Укканга жомок эмес, бул укмушпу
Тагдырдын башка салган же турмушпу.

Аралап аска зоону баратабыз
Жаш төгүп бири - бирин карашабыз
Таң атпай ашуу ашып кетели деп
Жетелеп байгесиндей жарышабыз

Баатырым болгон кезде болгон турмуш
Көздөрү өткөн кезде ушул турмуш
Жан сооо, аска аралап качуу турмуш
Токойдо күн баткыча жатуу турмуш
Түн ката, жол аралап качуу турмуш

Бул деген үзүндүсү жашоо турмуш
Кайнене, келинине түшкөн турмуш
Билгенге бул өзүнчө мүшкүл турмуш
Ушундай башка түшкөн баатыр турмуш
Пендеге сыноосу деп берген турмуш
Алланын ал сыноосу кыйноо турмуш
Пендеси сабыр этип чыдоо турмуш
Кеңешип кабыргада жашоо турмуш
Баарысы убактылуу өтмө турмуш
Башыңа байлык келсе көппө турмуш

Ушундай энекелер жашоо турмуш
Баарысын сабыр этип жеңүү турмуш
Турмушта көп учурайт жеңил турмуш
Көргөндө кол кармашып кетүү турмуш
Жөн эле турмуш менен ойно турмуш
Турмушту оюнчуктай көрүү турмуш

Чыйырды энең көрдү кайгы турмуш
Элдерге эң бактылуу өткөн турмуш
Жүрөктө кайгы муңду айткан турмуш
Азыр мен карап турган арбактуумун
Баарыңды карап турган рух турмуш
Билгенге бул өзүнчө укмуш турмуш
Жашоолор башка түшкөн жашоо турмуш

Саат 1.55
Эс ал уулум - эртең менен улантабыз.
Эргешбай ыраазымын 22.10. 2001 жыл. Саат 6.25 - улады

Энеңер ак ат минип келип турат
Эскерип өткөн күнүн дагы турат
Баатырын тарбиялап эне өстүргөн
Жашоодо эне шордуу көп өксүгөн
Өксүгү башты кыйып бала кетти
Эл коргоп, жерин коргоп канды кести
Капилет найза тийип жараланып
Жашоодо эне жүрөк сыздап өттү
Алыста караан топтор келе жатса

Көрүнбөй өз баласы алыстаса
Капырай калып калган баламбы деп
Жүрөгү жарылууга даяр турса
Өткөргөн эне турмуш оңой бекен
Башына түшсө пенде көнөт экен

Жеңиш деп келген кезде жыргап өтсө
Казатка кетти десе азап чексе
Жол карап жортуулдан келеби? деп
40 - күнү уйкусуз түн, өмүр өтсө
Энеге баатыр төрөш жеңил бекен
Эт жүрөк эне болгон сезет экен

Чыйырды чыдам жетпей күндөр өттү
Санаксыз кайгы күндөр далай өттү
Алладан өмүр тилеп, чырак жагып
Өмүрүм чырак менен бирге өттү

Айланып чырагыңды карап турам
Элестеп өткөн күнүм ыйлап турам
Пенденин ак тилегин бере көр деп
Алладан мен да кошо тилеп турам

Шашыла алыс жакты караймын деп
Мен дагы кароолго жараймын деп
Энтигип мен баламды көрөмүн деп
Кароол дөбөсүнө далай чыккам
Аны эстеп алдыңарда ыйлап турам
Манастын эң акыркы өмүр жолун
Мен эстеп каңырыгым түтөп турам
Өткөргөн өмүр жолум көзгө элестеп
Өксүгөн көп өмүрдү эстеп турам

Аралап баатырларды карап турам
Караанын көрө албай шашып турам
Айткыла баатырыңар кайда десем
Жоо кууп кеткен эне келет эне десе
Ишенбей эне жүрөк кайгы тарткан

Күндөрдү шам алдында эстеп турам
Эскерип эскермени мен жаздырам

Жеңиш деп келген күнүм көп эстедим
Өмүрдө далай жолу той өткөрдүм
Жаралуу атка артып келген күнүм
Кайгырып азап тарткан күнүм эстедим
Суткалап чырак жагып Аллабыздан
Өткөргөн өмүр тилеп, күндү эстедим

Азыр мен арбак болуп келип турам
Көрүнбөй катарлашып келип турам
Жылоолоп Манасымдын Аккуласын
Кайгысыз оң жагында кармап турам
Чыныгы окуясын айтып турам
Сезер деп эне жүрөк дагы турам

Кан кечүү, кайгы тартуу оңой эмес
Өткөргөн пендесинин доор элес
Эскерип арбактары катар турат
Өткөргөн кайгы мунун айтып турат

Кабарды далай жолу кабарлаган
Кайгылуу кабар болсо добул урган
Чындыгын чиркин жүрөк айта албаган
Артылып өз атына өлүктөрү
Зыркырап кайгы мунду алып келген
Капарсыз Кароол Дөбө турат
Далайга күбө болуп
Эскерип барын турат
Эскерип арбактары
Кырчындай жигиттери
Канжарлап жүрөк сайып
Кош айткан өмүр жары
О, дүйнө бирге кеткен
Өткөрбөй өмүр кеткен
Кырчындай өмүр кыйып
Кош айтып жаны кеткен
Ошол жан арбак болуп

Өткөнгө күбө болуп
Ичтеги муңун айтып
Айтылбас сырын айтып
Жазыңыз чындыгын деп
Баатырдын жары айтып
Баарысы жанда турат
Кылычы кында турат
Урпакты коргойлу деп
Рухтар даяр турат
Өткөргөн өмүр жолун
Эскерип баары турат
Казатка даяр турат
Алладан кан төкпө деп
Баарысы сурап турат
Жүрөктөн тилеп турат
Кайгыны биз тартканбыз
Энелер тартышпасын
Кан кечип, башты кыюу
Урпакка уланбасын
Канжардап өмүр кыйып
Жарлары суналбасын
Урпагы уланбастан
Өмүрлөр кыйылбасын
Эртелеп арбак болуп
Биз окшоп турулбасын
Урпагын алып кач деп
Түн орто балталайт деп
Кабарлар угулбасын
Тул болуп, кара кийип
Күткөн жар калбаса экен

Кун кууп барамын деп
Урпактар камынбасын
Кана эми жөнөгүн деп
Атаңдын кунун ал деп
Аттанып алыс бар деп
Анын да жары күтүп
Кайгы жүрөк түтөп
Баш калып, аты качып

Кабарын береби деп
Канжарлап жары сулап
Ажалсыз өлөбү? деп
Бешикте бала багып
Энеси калабы? Деп
Капырай кара ойлор
Энени чырмабасын

Акындар муңун айтып
Күнү-түнү ырдабасын
Аш берип- союш союп
Салттары уланбасын
Жакшылык кабар келип
Тойлору тойго улансын
40-күндүк шаан-шөкөт
Уланып тойлор болсун
Селкинчек, улак тартыш
Көңүлдөр ачык болсун
Урпагын тарбиялап
Ынтымак ырыс болсун
Арбагы рух колдоп
Жолдору ачык болсун

Аскада өлүк калып
Көмүлбөй баары калып
Кайгылуу күн келбесин
Жашоодон түңүлбөсүн
Уланып жашоо болот
Урпагын улоо болот
Арадан кылым өтсө
Өткөн күн тарых болот
Миллион, 1000 жылдар өтсө
Белгисиз баары болот

Ачыгын айтып берген
Тарыхын тактап айткан
Өз элин барктап айткан
Бир гана арбак болот

Жашоолор чексиз болот
Рухтун өмүр жолу
Узарып алыс болот
Урпакка кабар берип
Өмүрүн өзү айтып
Тарыгын тактоо болот

Катарлап биз келебиз
Кабарын биз беребиз
Кайгы муң жүрөктөгү
Жаздырып биз сергийбиз
Урпакка сабак болуп
Жеңилдеп биз эргийбиз

Орточу Ак Ордодо
Айтабыз Ак Маралга
Кабарлап, тарбия деп
Таамайлап сөз беребиз
Урпакты жолго сал деп
Биз айдап апкелебиз
Ак жолго түшпөгөнгө
Айла жок биз арбакпыз
Кара жол каалабайбыз

Капилет ажал келсе
Өзүңдө күнөө десе
Орточу боло албайбыз
Чыркырап отто жатса
Жардамга бара албайбыз
Отунан ала албайбыз
Кошулуп жата албайбыз
Кош тагдыр боло албайбыз
Ордуңа барайын деп
Боорукер боло албайбыз
Чыркырап эне жүрөк
Чыдабай биз турабыз
Ак болуп келгилечи
Урпактан суранабыз

Көрбөймүн ишенбейм деп
Бир турмуш жашаймын деп
О, дүйнө ким көрүптүр
Көрүнүп койгула дейт
Көрүнбөс дүйнө болот
Ишенгин урпактарым

Чыйырды энең турат
Жүрөгү ээрип турат
Урпакка кабарла деп
Улантып айтып турат
Баарысы узун тарых
Жазылса бүтпөс жарык
Урпагым угуп ал деп
Улантып айткан тарых

Кайгылуу күндөр өтүп
Жүрөктөгү тагы калып
Бир өмүр жете бербей
Капилет Ажал келип
Кыйылып өмүр кетет
Кылчайбай шашып кетет
Жашоолор уланылат
Урпактар уулантышат
Ушундай бүтпөс тарых
Өткөргөн өмүр жолун
Улантып айтуу менен
Урпакка тиет жарык
Узартпай кыскартайын
Пендесиң айла канча
Улантсам өмүр жетпейт
Сактаган мууңум кетпейт

Арбактар биз муңдуубуз
Угузбай биз сырдуубуз
Сырыбыз сырдуу сандык
Ачылбас муңдуу сандык
Муң баскан жүрөктөрдү
Кантейин кайгы турмуш

Баарыбыз бир жүрөбүз
Түбөлүк бөлүнбөйбүз
Бир өткөн өмүрдөнбүз
Калбаган көңүлдөнбүз
Өмүрлөш биз болобуз
Өксүшүп биз жүрөбүз
Өмүрдү Алла берсин
Алладан биз сурайбыз
Аппакпыз периштебиз
Аралаш биз жүрөбүз
Арга жок караябыз
Меккеге биз барабыз
Урпактын күнөөсү деп
Жер карап уялабыз
Арга жок коштошобуз

26.02.2002-ж. Саат 08.15.
БАЙЛАНЫШТА МАНАС АТА

Казатта жүрдүм аттанып
Башыма ташын жазданып
Жоо жеңип жоодон келгенде
Жай бастым бир аз назданып

Кармашта жүрдүм баш кыйып
Каарданып жаш тыйып.
Кам көрүп жүрдүм калкыма
Ынтымак бердим жалпыңа

Алыска кеттим аттанып
Ак сакалдан бата алып
Ак бата сөзү Алла сөз
Ак нуру менен колдоду.

Алыста жүрдүм калкым деп
Намысын элдин алдым деп
Намысын коргоп элимдин
Жан кыйса өмүр бердим деп

Баштаган колум көп болду
Баатырлар чыгып бак болду
Кылычтап кыйып душманды
Кыргызым баатыр эл болду.

Баатыры өмүр арнады
Беттешкен жоону кармады
Кан төгүп катуу кармашта
Качырып жоону айдады

Чыгышка чыгып жоо чапты
Жоолорду жеңип бак тапты
Кан төккөн жери жандуу жер
Кантский (силерче) дешип аташты
Кансыратып кармашты.
Кансырап жатат Кан айыл
Кырсык деп өмүр кыйышат.
Түшүнсө кандуу кыргыз жер
Далилдеп азыр турушат
Кантский эмес Кан айыл
Тарыгың урпак тактап ал
Кан төккөн ата-бабаңды
Куранды арнап барктап ал.

Кан төгүп өмүр кыйышкан
Кармашып жоону кырышкан
Эр эмес, эркек кийинип
Кыз баатыр өсүп чыгышкан.

Эл коргоп эрдик жасашкан
Эңиш деп найза сайышкан
Эркеги жоону качырып
Жүрөккө канжар матырып
Кыйкырып кырып кыздары
Кыз баатыр атак алышкан.

Кыргында кыйып баштарын
Төбөгө түйүп чачтарын
Намысты колдон бербейм деп

Туулган жерди коргойм деп
Туу сайып тоого чокуга
Томсортуп жоону айдаган
Кулсуң деп көгөн байлаган.
Көркөмдүү кыргыз кыздары
Көрсөтпөй жоону жайлаган
Таанытпай кийип эркекче
Эркектей жоону качырган
Эркекко десем кызго деп
Эсинен душман таңдырган
Эр азамат жигиттей.
Жоо келсе кылыч кармаган
Жоолашып элди сактаган
Үйүндө ыйман ызаттуу
Ызаттап мейман күтүшкөн
Ыймандуу кыргыз кыз болгон.
Термелеп чачын майдалап
Жибек чач кыргыз кыздары
Баатырдын баатыр жары деп
Баш кыйып келе жатыр деп
Беттешүүгө чама жок
Бей тарап качты душман деп
Тарыкта калган таптак кеп
Кыз Сайкал менен беттешип
Кыйындыгын байкагам
Көтөрүп көккө турганда
Капырай башты чайкагам.
Душманы укса күлөт деп
Баатырын кызы жыкты деп
Кыргызга намыс келбесин
Деп ойлоп атка мингизди
Акылы артык кыз Сайкал.
Артыктыгын билгизди.
Аралап кызы жоо чапкан
Аргымак минип жол баскан
Артынан кууп душмандын
Алдынан тооруп кармашкан
Акылдуу кыргыз кыздары

Баатыр деп намыс талашкан.
Айчүрөк сулуу ал баатыр
Айганыш сулуу бул баатыр
Баатырдыгы Канықей
Унутулуп ал жатыр.
Унутпай тарык тактап ал
Узун тарык ташта бар
Изилдеп тарык издеп тап
Далилдер жатат жүздөп тап.
Тарыгың ташта жазылуу
Ааламда архив сакталуу
Арбак деп бизди чанбасаң
Адашып тетир барбасаң.
Ааламда баары сакталуу
Аспеттелип баркталуу
Параллел дүйнө жашайбыз
Унутулуп денебиз
Рухтар жашап жүрөбүз
Урпактын камын көрөбүз
Улуубуз насаат айтабыз
Көрүнбөй көзгө кайтабыз.
Унутпа сөзүн урпак деп
Улуудан насаат бул кеп деп
Урматтап рух сөз айтат
Унутпа урпак деп айтат.

Аян түш берип эскерет
Пендебиз эске кеч келет
Сезимге салып сездирет
Ойлонтуп ойго салдырат
Ошондон башка айла жок
Умсунган менен пайда жок.

Улуубуз узак жүрөбүз
Жашоосун пенде билебиз
Көрүнбөй жандап жүрөбүз
Көбүнчө билим беребиз.

Берилип жүрөк сездирип
Белгисин рух беребиз

Берилип алсаң билимди
Тарбия таалим беребиз.

Тарбия элди башкарат
Чыныгы жашоо башталат
Тарбия таалим алган деп
Атадан бала калган деп
Узун кетет салтыбыз
Урмат сыйлуу калкыбыз.

Салтыбыз калкты сактаган
Салтыбыз сактап башкарган
Карынын сөзү капка деп
Кары сөз калкым барктаган.

Урмат сый болгон карыга
Урматы болгон баарына
Урматташып сыйлашып
Улуусу өтсө ыйлашып
Өлүмү кыргыз сый болгон
Урматтап көмүү салт болгон.
Сөөгүн бербей душманга
Урпагы сөөк талашып
Кун кууп узаак барышып
Кармашып жеңиш алышып
Жел жетпес тулпар минишип
Туурун бекем сактаган
Тууган элин барктаган
Кан төгүп катуу кармашта

Кылычтап намыс сактаган
Кыргында жерин сатпаган
Кыргызым кыйын эл болгон.
Кыйкырып кырда жоо сайган
Кыргыз эл баатыр эл болгон.

Дүйнөгө кеттим аралап
Дүнүйө таппай эл сактап
Бийликке эмес жер барктап
Кыргызымды бек сактап.

Берээн деп элим барктады
Берилип жоого аттанды
Кызылды байлап чекеге
Эр жигиттер баштады
Баатыр деп элди сактады.
Бекинип жоодон качкан жок
Бекинип дүйнө жаткан жок
Бек кармап кылыч кармашып
Берилип өмүр арнашып
Кайраты менен жоо чапкан
Ак эмгек менен мал тапкан
Ак ойлоп, ак жол баштаган
Ар намыс коргоп, жатпаган
Азап Күн башка түшсө да
Ар намысын сактаган
Намыскөй кыргыз эл болгон.

Намыс деп жоого аттанган
Намыс деп казат баштаган
Намысын элдин сактайм деп
Ант берип өмүр арнаган.

Ант берип жоону жеңишкен
Ант берип жарды сүйүшкөн
Жашоодо эки ант болот
Аткарса сапат ал болот
Аткарбаса кор болот
Ант деген ыйык сөз болот
Кураны, күбө эл болот
Эстүүлөр элди башкарат
Эсине келип такшалат
Эл колдоп эли ишенсе
Тарыкта калып бак конот.

Башкарып элди барктап ал
Бүркүттөй жашты таптап ал
Тапталган жигит эл коргойт
Дүнүйө десе эл кордойт.

Кадырлап элди калкала
Кармашып душман бек карма
Карышсаң качат душманың
Кадырды анда утканың.
Кайгыга элди калтырба
Кадырласаң баркың да
Кадырың менен эл башкар
Каарман болуп тарыкта
Артында изиң калсын да.

Из калбай элди башкарсак
Урпагың жүрөт жол таппай
Улуунун салган изи жок,
Уксун деп айткан сөзү жок
Акылы жок насаат жок
Урматы болбойт, сыйы жок
Тирүү жан сындуу өткөн дейт
Дүнүйө кууп өткөн дейт
Көк карап көөп кеткен дейт
Өзгөгө үлгү көрсөтпөй
Өзүнчө жашап өткөн дейт.

Өзүнчө тарык из калат
Ат оонаса түк калат
Өзүм деп жашап өтүшсө
Изи жок, урмат сыйы жок
Азгырып жаны учканда
Белекке метр (4 метр) чыт болот
Эскерүү жок элинен

Эстелик жок калкынан
Буйрубайт ага салтынан
Күбөсү анын баркынан.

Кадырлап калкың сыйлай жүр
Кадырың сезип бирдей жүр
Кадырлашып эл менен
Урматың менен сыйлуу жүр.

Ак`ойлоп, аппак жолдо жүр
Кармашта баштап жоодо жүр
Жашоодо алга багыттап
Көрсөтүп үлгү жашап жүр.

Жаш кезде жүрөк өрт болот
Арнаса элге даңк болот
Эл баштап алга баштаса
Атагы калып барк болот

Эл десе башка бак конот
Элим деп эллин башкарса
Эл уулу деп аталып
Жашоого салган из болот.

Жашасаң изиң салып жүр
Из менен элиң алып жүр
Каарман болуп тарыкта
Эстелик болуп калып жүр.

Эр болсо элди башкарат
Кармашта жүрүп такшалат
Кадырлашып эл менен
Кадырлуу болсо барктала т.

Аскалуу тоонун зоосу бар
Аркары жайлап коосу бар
Аркары насип элге деп
Ажалга себеп, мерген бар
Азык деп алып келген бар
Азыгын бөлүп эллине
Тараза тактап тарткан бар
Бир айыл журтту бир багып
Өмүрүн арнап өткөн бар
Өкүлү болуп Кожожаш
Дүйнөлүк кино болгон бар
Жүрөктүн үшүн алышып
Ак аркар каргап аскада

Асылып аска калган бар
Эл багып өмүр өтсө да
Өксүткөн анда арман бар
Өлүгү калып аскада
Жем болуп кыргый бүркүткө
Насип деп бата берген бар
Өткөргөн өмүр элде бар
Жашоонун эки жагы бар.

Эт менен элди бакты эле
Эмгеги элге жакты эле
Ашыкча атып ач көздүк
Аскага белек такты эле.

Аңдаган жок Алланы
Ааламда Алла көзү бар
Так тараза тартуу бар
Талкалап көзү тойбосо
Тазалап койчу өзү бар.

Ааламда турат күзгүсү
Уктабай турат түнкүсүн
Ионосфера деп айтат
Вернадский эмгеги
Илимде ачкан деп айтат.

Так сүрөт тартат күзгүгө
Так салат адам пендеси
Таанылып турат кордоосу
Таарынтып, кыйнап зордоосу.

Эл баштап алга баштасаң
Эмгегин алып жашасаң
Бекерден байлык топтолот
Элирип жүрөк козголот
Ашыкча алып ач көздүк
Аягы азап тарт болот
Азабын тартып жат болот
Азгырылган акылы
Акылга келсе кеч болот.

Кеч келген акыл болбосун
Кечикпей жолун оңдосун
Кечире турган Алла жок
Кежирлик кылса оңбосун.
Акылдуу элин башкарса
Бак дөөлөт келип бак конот
Байытып элин башкарып
Бак конуп башка бата алат.

Кылымдар өтүп кыр ашкан
Кыргын доор көп өткөн
Кыйкырып жоодон сакташып
Кыргызды сактап, баркташып
Кыргыздын салтын сакташып
Баатырлар өткөн барк алып.

Баатырлар чыгат калкыман
Сый урмат чыгат салтынан
Сый деген жылуу сөз болот
Жылытып турган жүрөктү
Ынтымак, ыйман сактаган
Ыймандуу адам пендеси.

Ынтымакты сактасаң
Баалап баркын мактасаң
Байкашып турган калкың бар
Баалап турат баркыңды
Из калып турат артыңда
Илимий иштер изилдеп

Изилдеп тарык такталат
Каарман тарык из салат

Жаз келсе жайлоо көрктөнөт
Жоо келсе жериң өрттөнөт
Жоо тосуп жоону айдасаң
Бата алып элден барк табат

Жашоодо коом өзгөрөт
Жалтанган бийлик кез келет
Жаратып жаңы тарыгын
Агы менен карасын
Жашаган доор өткөрөт
Өркүндөтсө өлкөнү
Өзгөргөн жашоо доор деп
Өзгөчө жашоо жол баштап
Өчпөгөн өмүр өткөрөт

Жашоого өмүр бир келет
Жалтанбай жашоо өткөргөн
Өмүрүң өзүң колуңда
Өркүндөтүп өмүрдү
Өзгөчө өмүр өткөргүн

Өмүр бул, өмүр эмес өспөгөн соң
Минген ат, ал ат эмес баспаган соң
Жашоо бул, жашоо эмес өзгөрбөсө
Жашоого жаңы из салып жашабаса

Башыңа конгон бакыт, бакыт эмес
Өзүңдү өзгөчө эл сыйлабаса
Баштаган эл башчысы, башчы эмес
Акындар ырга кошуп ырдабаса

Берилген өмүр жолуң өмүр эмес
Урпагың улап өмүр жашабаса
Бийлигиң бийлик эмес доордогу
Өзгөртүп дооорлорго из салбаса.
Өзгөрүү эки жактуу жашоо болот
Бак дөөлөт өз элине алып келет
Баш кесип, өмүр кыйып зулум болуп
Бул дагы тарык болуп калып кетет.
Элим деп эл баштасаң элиң билет
Бооркер, мээримиң эсте калат
Түбөлүк өмүрлөр жок өтүп кетет
Эскерип эл эстелик куруп кетет.

Баш болсоң бакыт берип калкың баркта
Жоо келсе, чеби болуп элди сакта
Жашоодо мээримиң элге берип
Бооркер, сый урматтуу болуп жаша.

Жаз келсе, кошуң айдап үрөн сепкин
Күрөшүп күздө алсаң азык болот
Кыш келсе жаз даярдык көрүп жаша
Калкыңа, ал камкордук деген болот.

Жашоо бул кылыч кармап кыйуу эмес
Жоолашып жоону тосуп туруу эмес
Жашоо бул, ынтымакты бекем сактап
Сабырдуу эркти кармап туруу деген.

Жашоо бул, жайлуу жерге жатуу эмес
Жаз келсе жайлап уктап жатуу эмес
Жашоо бул, жазда жарыш, күздө күрөш
Күрөшүп гүл азыгын камдоо деген.

Жашоо бул, жаакташып айтуу эмес
Ырыскы, ынтымактан качуу эмес
Жашоодо кары сөзүн капка сал деп,
Баш кошуп ынтымакка келүү деген.

Жашоо бул, кылыч кармап чыгуу эмес
Кыйкырып элди экиге бөлүү эмес
Ата салт, ынтымак бул ырыскы деп
Улуудан акыл-насаат тарбия кеп

Улук сөз улуулардан келген байлык
Улантып ата – салтын кеткен байлык
Баарыбыз бир Атанын балдары деп
Баш кошуп, биримдикке келсе байлык

Байлыкты бааласа бакыт келет
Башкарса ынтымакка эли келет
Бытырап быт-чытынан качып жүрсө
Жалтанып душманынын жеми болот

Байлык деп, бийлик дөөлөт, талаш болсо
Жашынып, бири-бирин караш болсо
Жазында жаан жаап өткүн сындуу
Күн өтүп, тирүү жандай жашоо болот.
Жан сактап чет элдерде жашоо болсо
Жаз келсе мейман сындуу келүү болсо
Урпактын андайынан жогу жакшы
Сыноодо, сый урматы болбогон соң
Кыйноодо жөлөк болуп бербеген соң.

Урматтайт, ата салтын сактап жүрсөң
Кадырлайт, калк кадырын бакртай билсең
Улуудан кичүүлөргө урмат болот
Урмат,сый, ал биримдик деген болот

Жашоодо урмат менен сыйы болсо
Уланып урмат сыйлуу жашоо болот
Улуусу урпактарын тарбиялап
Уланган, ал ынтымак деген болот
Ошондо, душманга да үлгү болот

Уйкашкан сөзүң болсо, маани си жок
Жарашкан жарың болсо, көөнү жок.
Уйкашкан, ал тарбия бере албаса
Жарашып же көңүлүн бура албаса
Жашоодо экөөнүн тең пайдасы жок
Өмүрдө бул жашоонун үлгүсү жок
Бул жашоо, анын дагы күлкүсү жок
Сакталып ыр дестеси чаңга батат

Сүйбөсө, түнөктөрүн бузуп качат
Жашоонун ал да түрү болуп жатат

Жашоонун түрлөрү көп
Жаркылдап күлгөнү көп
Көтөрбөй көңүлдөрү
Көңүлсүз өмүрлөр көп
Көрк берип отурушка
Таланттуу тагдырлар көп
Тамшантып таң атырып
Көтөргөн көңүлдү көп

Талантка шартын түзсө
Өркүндөп өсүү болот
Кайрылгыс ошол талант
Тарыкты түзүп берет
Таланты козгоп кетет
Сезимге, ойго салып
Үлгүсүн берип кетет
Ээрчитип окуучум деп
Тарбия берип кетет
Устаттан шакирт озуп
Кыргыздын тарбиясы,
Ушундай узак кетет

Урпагы улап айтат
Курч сөздөн курап айтат
Уламыш бул тарык деп
Тарыгын тактап айтат
Баатырын барктап айтат

Ааламдан аян болуп,
Көрүнүп көзгө айтат
Сезими сезип айтат
Куюлтуп сөзүн айтат
Алладан ал касиет

Күн эмес, айлап айтат,
Ал балким жылдап айтат

Өмүрүн арнап айтат
Түгөнбас акыл кенчин
Ааламдан алып айтат
Тамгасы, жазуусу жок
Миллион сабын айткан
Саякбай баба айткан
Кыргыздын Манасы деп
Көрүнөт карачы деп
Сөздөрүн угуп айткан
Жамгырда эли кетпей
Таң ата талбай айткан
Тагдырга жазылган деп
Өмүрүн арнап айткан.

Жашоосун кечип коюп
Аралап элди айткан
Түшүнбөйт чет элиң деп
Кыймылын жасап айткан
Кылычтап колу кеткен
Тебинип буту кеткен
Көзүмө көрүндү деп
Кыйкырып үнү кеткен
Турганда тулку бою
Өзүнчө тартып кеткен
Тура албай калайык калк
Таңдары атып кеткен

Талаш жок, бул касиет
Жөн адам колдон келбейт
Ааламдан арналбаса
Өркүндөп баатыр болбойт
Өзгөчө талант болбойт
Талантты барктабаса
Өркүндөп өсүү болбойт
Өрнөктүү өмүр болбойт
Өстүргөн таланттарды
Өзүңө насип эткен

Өстүрсөң эл баалайт
Өсүүнү эл каалайт
Өзгөчө талант бул деп
Баалап баркың болот
Өзүңчө наркың болот.

Өнөрүң өз колуңда
Өстүрсөң атың калат
Өзгөчө жан эле деп
Эскерүү элден болот
Элиңде жерде болот.

Өмүр бул, жел сыяктуу
Желиген жамгырындай
Сезилбей өтүп кетет
Сыноосу, кыйноо болсо

Баарына көнүп кетет
Капилет кырсык болсо
Кыйылып өмүр кетет.

Кылгырып сүйүп кетет
Жалындап күйүп кетет
Чыныгы чындык сүйүү
Тариэл Тинатиндей

Олжобай, Кишимжандай
Кыз-жибек, Төлөгөн деп,
Тарыкта калып кетет.

Өзгөрүп доор келсе
Кино деп тарап кетет
Тарбия берип кетет
Тарык бул чын тарбия
Көңүлгө сиңип кетет
Сезимдер дүйнөсүнө
Сезилип сиңип кетет
Бул дагы жашоо болот
Кайталап сүйүүлөрдү
Тартылбай кино кетет
Жүрөктө бек сакталып
Унутпай өмүр бою

Ойлонуп ойдо жүрөт.
Элеси ал тартылып
Элестеп көздө жүрөт
Сезимде сезип жүрөт
Үшкүрүп кези келсе
Эсине салып жүрөт
Бул дагы жашоо дүйнө
Эскерип элде эмес
Ичтеги сырдуу дүйнө
Сыр бербей жүргөн дүйнө.

Жашоонун эки түрү,
Сырт дүйнө, ички дүйнө
Ич дүйнө ал көрүнбөйт

Сыртына сырын бербейт.
Көрүнгөн сырткы дүйнө
Жашоо деп айткан дүйнө
Улантып урпактары
Узартып кеткен дүйнө.

Жашоо бар эки дүйнө
Көрүнүп сыноо берет.
Кээде кыйноо берет
Жашаган адам дүйнө.

Көрүнбөс рух дүйнө
Параллел жашоо дүйнө
Сездирген сезим дүйнө
Сездирип тарбиялап
Сезимге салган дүйнө

Бабалар дүйнөсүнөн
Аян түш берген дүйнө
Ааламдан белги берип
Айтылып касиет деп
Кадимден кайып билим
Ааламдан келген билим
Тарбия берген билим.
Манастан акыл-насаат

Ааламдан келген насаат
Урпагын тарбиялап
Таалимин берген насаат.

Рухмун алыстамын
Кыргыздын камындамын.
Сөз менен тарбиялап
Суткалап жаздырамын.

Рухмун кылычым жок
Чабышар жоолор да жок
Ак күчтөр, кара күчтөр
Кармашуу катуу болот
Жеңилүү, жеңиш болот.

Жеңгенде сөзүм жетет
Тарбия сөзүм жетет
Талыкпай жазса экен деп
Ааламдан үмүт кетет.

Рухмун айлабыз жок
Бир жашоо закону жок
А, бирок Аллабыз бар
Адамга кам көрүү бар
Параллел эки дүйнө
Чыныгы жашоолор бар.

Аска бар, ашуусу бар,
Адашып качуусу бар
Арнаган акыл насаат
Улантып айтуусу бар

Айтууга доор келди
Ааламдан кабар келди.
Бул дагы убактылуу
Барктаса узап барат
Тарбия сөзүн берет
Келечек урпактарга
Улантып жашоо берет
Ааламдан башкаруу бар.

Адамда такшалуу бар
Ааламдан билим алып
Белек берүүлөр бар

Белегин бек сактап ал
Ааламда Манас сөз ал
Барктасаң бакыт болот
Баарыңды тарбиялоо
Максаты ошол болот

Кылычтап эл коргодум
Кадырлап жер коргодум
Жашоого багыт берип
Кыргызды мен коргодум

Элиме эмгектендим
Ээлеп жерин бердим
Жайла деп жайлоо бердим
Эгин деп түзөң бердим
Баркта деп баарын бердим
Акыры рух болуп ааламга,
Жалгыз келдим.

Жашадым жашоо көрдүм
Кыргыздын кыйналганын,
Көргөндө чыдабадым,
Жаздырып тарбия деп,
Акылды-насаат бердим
Сөз менен тактап бердим
Элимди барктап бердим
Эркиндик, эркин сөз деп
Эскерип эски сөздү
Эсиңе салып бердим

Эске алып эл башкар деп,
Өзгөртүп шартка карап,
Баалап барктап ал деп
Өзүңө эркти койдум.
Бийлик бар, жүгөнүң бар
Элиңди жүгөндөп ал.
Ааламда Манас сөзү
Өзгөртүп өзүң ойлоп
Керегин тизмектеп ал.
А, балким жактырбасаң
Жалынбайм эрк өзүңдө.
...Байланыш үзүлдү.
Эргешбай ыраазымын.

26.02.2002-ж. түнкү саат 22.50.
БАЙЛАНЫШТА: КАНЫКЕЙ ЭНЕ

Кагылам карааныңдан каргадайым
Уктабас ак эмгегиң мага дайын
Арнады өз өмүрүн жазууга деп
Ааламга Аллабызга мен барайын

Аллага ардагым деп тапшырайын
Төшүңө жазуу орден тактырайын
Ордени ал касиет жазуу болсун
Пешене тарык жазуу жаздырайын

Аскадан аркар, кийик аттырайын
Азык деп бир өзүңдү бактырайын
Өзүңө өмүр тилеп Аллабыздан
Өмүргө өмүр кошуп узартайын

Энекең эрте келип күтүп турат
Манаска кезек берип сыйлап турат
Улуунун урматы деп эркек заты
Эркекке сый көрсөтүп салт деп турат

Аскалуу тоону аралап жалгыз жүрөм
Жоолордун жолун тосуп күтүп жүрөм
Капилет кайрып тосуп орто жолдон
Манаска үзенгилеш болуп жүрөм
Үркүтүп мал сыяктуу айдап жүрөм
Кылычтап башын кесип сабап жүрөм
Жүрөккө канжар сайып өчүн алып
Атымды мен атабай жеңип жүрөм
Манастай мен эркекче кийип жүрөм

Элимдин мен да камын көрүп жүрөм
Эрмэ чөл, ээн тала кезип жүрөм
Жоо келсе жолун тосуп, намыс алып
Кыргыздын баатыр кызы болуп жүрөм
Сыр бербей кийим чечип үйгө кирип

Ийилип, сылык келин болуп жүрөм.
Эс алып ак тулпарды минип жүрөм
Түшүмдө жоону сайып жеңип жүрөм
Өңүмдө аткарылып, мен кармашып
Канжарлап мен катыгын берип жүрөм
Жөн эле аралашып кетипмин деп
Манастын атын алып байлап жүрөм

Четинен жоону кырып бара жатам
Өзүмдү токтото албай кырып жатам
Кыргында кырып жүрөм кыргый куштай
Кыргыйы кыя барып тебишкендей

Кыргызда канында бар кызы баатыр
Жоо келсе кыя чаап кырып жатыр
Кыядан жолун тосуп бирден терип
Мергендей жанын алып бара жатыр

Үйде эмес кыргыз кызы жоодо баатыр
Жоргосун жорголотуп келе жатыр
Түгөйлөш түгөй менен түнөк конуп
Түбөлүк бирге жашап бара жатыр
Түнөгүн бек кармаган кыргыз кызы
Тарбия таалим алган ал жылдызы.

Баатырдык бааласа кесип экен
Балталап башын алып жүрөт экен
Өмүрүн жоого арнап, жолдо жатып

Түшүндө ал кыйкырык салат экен.
Кызыгып кыргын салып турат экен
Жоо көрсө аттын башын бурат экен
Буулугуп мен турганда келдиңби? деп
Белестен бештен башын алат экен
Барбы? деп издөө салып турат экен
Чыныгы кыргыз кызы баатыр экен.

Баатырлык байкап жоону атуу эмес
Кун кууп ата өчүн алуу эмес
Баатырлык эллин сактап, жерин сактап
Кан тамган жерин сактап өтүү деген.

Жылгадан жылкы айдап кыргыз өскөн
Кыйкырып жашоолордо сөзү өктөм
Жоо келсе үзөнгүсүн үзө тээп
Жоо жеңип кыргызымдын өзү өктөм.

Жайлоодо жамгыр болсо жазы көктөм
Жарышып тай-турагын балдар өскөн
Байгеден тулпар озуп, байге алып
Жарышта намыс алып калкым өткөн.

Калкым бар каадабыз бар, салтыбыз бар
Кадимден салт сактаган баркыбыз бар
Сактаган каада салтын калкы болсо
Баалап маданият өсүү болот

Салт деген калкты барктап сактоо деген
Эмгегин ата-эненин барктоо деген.
Салты жок, улут болбойт, урпак болбойт
Улуту салт билбесе, күлүп кордойт.

Баалап баркын билсең, салтын сакта
Калкыңды кадырласаң салтын баркта
Баалап баркын билсең, өз салтыңдын
Кадырың, сыйың болот эсте сакта
Салтыбыз, ал тарбия сактап келген
Каада салт калкыбызды барктап келген

Баалап салтыбызды кыргызымды
Боз үйүн, боз жоргосун баалаган
Саякбай Манас айтып таң калтырган

Кыядан кыргый салган кушчусу бар
Аскадан бүркүт алган мүнүшкөр бар
Уктабай, уйку бербей тулпар таптап
Талашып байге алган саяпкер бар
Баарысы салты үчүн кызмат кылган
Чет элди таң калтырган салтыбыз бар
Тарыгы такталбаган калкыбыз бар
Таң калуу, узун тарык күбө болот
Ойлосоң ал байыркы кыргыз болот
Баалап баркын билип изилдеп ал.

Тарыгы ал такталуу аалам жакта
Ааламдан билим алып анан баркта
Ааламдын архивинде тарыгың бар
Энеңдин эски сөзүн эске сакта.

Буддага бурулба (отуруп сыйынуу)
деп билим берген
Исага ишендир (учуп кеткен) деп дагы берген
Мухаммед 40-жашында жаттагын деп,
Тамгасын таанытпастан илим берген.

Тараткын тагдырың деп кылыч берген
Кылычтап алыс элге жүрүш берген
Күрөшүп аалам илим тараткын деп
Ааламдан билим деген агып келген.
Алладан атайылап буйрук келген.
Көзүнө элес болуп сүрөт келген
Ааламдан мен периште делип келген
Жаттатып өмүрүнүн аягында
40 плюс 23 өлүм берген
Ааламдан берген билим жерге келген.

Байкасаң бардык билим аалам жактан
Ар түркүн жолу менен берилиптир
Максаты бирөө гана тарбиялоо
Байкасаң ааламдагы атасынан,
Жердеги баласына акыл-насаат
Тарыктан тарбия деп келиниптир

Ах чиркин адам деген өзүм деди,
Бирине-бири үстөмдүк кылам деди
Бөлүнүп жер бетинде ыркы келбей
Өлүмдү кан төгүүнү алып келди.

Ааламда Алла үчүн баары бирдей
Ал жакта улут болбойт, уруш болбойт
Отчетун берип кезек туруш болот
Алланын баласыбыз баары бирдей
Белегин алышабыз жашагандай
Ааламда так тараза тартылгандай

Тарыкта аалам билим берип келген
Гайыптан келген илим делип келген
Ааламдан агып билим келген билим
Периште, ал орточу берген илим.
Тарбия, таалим берген аалам билим.

Ал илим дин илими болуп кетти
Бөлүнүп душман болуп дагы кетти
Чындыгы бир Аллага сыйынуу бар
Дүйнө эли динсиз жашоо кооmу бар
Аң-сезим өсүп өнүү дегени бар
Ынтымак, биримдикте жашоолор бар
Дүйнөдө уруш-талаш болбошу бар
Урпактар бир туугандай болуп жашап
Аталып, Алтын доор – жашоосу бар

Акырын сабыр десе келиши бар.
Аны да аалам жактан бериши бар
Ааламдан билим алып жашайбыз деп
Пендеге акырындап түшүнүү бар
А, бирок азырынча түйшүгү бар
Түшүнсө баары чындык дегени бар.
Ааламдан агып билим келип жатат
Аллабыз акыл-насаат берип жатат

Өзү эмес акнур берген рух сөзү
Бир кезде жашап кеткен адам өзү
Тарбия, таалим берет рух сөзү

Көрүнбөйт, же угулбайт, белги берет
Уктабай уйкусу да канып калат
Колдору акыл-насаат сөзүн жазат
Суткалап жазуу болсо кол талыбайт
Ким билет Алла берген ал касиет
Рухтар акыл-насаат берип жүрөт
Кезектеп –кезек менен келип жүрөт
Параллел дүйнө дешип көрүнүшпөйт
Ааламдан келген гайып билим экен
Азыркы илим күчү жетпейт экен.
Окумуштуу ойлоп-ойлоп күлөт экен.

А, бирок так анализ бербейт экен
Берүүгө чамасы да келбейт экен
Ошентип гайып билим улук билим
Улуудан урпагына келген билим
Улантып улуу тарык берген билим.
Түшүнсө түбөлүктүү чындык илим
Түрү бар, түркүн, -түркүн келген билим
Тандаган пендесине берген билим
Таанытып, такшалдырган гайып билим.
Ааламга байланышып берген илим.

Барктаса гайып билим агып келет
Ааламда Акыл насаат казына бар
Кылымдан кылымдарга сактап берет
Түгөнбөс түбөлүктүү илим берет.

Энекең түн уйкусун безип келет
Ааламдан алыс жактан кезип келет
Урпакка акыл-насаат айтайын деп
Алламдан ал уруксат алып келет

Ааламдын архивинен алып келдим
Уктатпай мен жазууга буйрук бердим
Буйругум элим үчүн, жерим үчүн
Тарбия, таалим сөзүн жазуу үчүн.

Ааламдан илим алып,
Өткөргөн өмүр тагдыр.
Байкасаң түз байланыш
Байырлап бакыт тагдыр
Суткалап талбай жаздыр.

Жазуу бул илим болот.
Тарыкта так сакталат
Урпагы уланышып
Улук сөз, ал барктала

Баалап баркын билсе,
Барктаган жазуу болот
Уйкусуз өмүр арнап
Арнаган белек болот

Белеги керек болот
Тарбия таалим берип
Такшалган өмүр берет
Көтөргөн көңүл берет
Ааламдын чындыгы деп
Элимдин сыймыгы деп
Гайып бул, сыйлуу илим.
Каалап калкыбыз бар.
Баалап баркыбыз бар
Улууну урматтаган
Улуу эл салтыбыз бар.

Салт деген илим болот
Ааламдан берген болот
Бекем деп бек сакталып
Канына сиңген болот.
Калкымы бекем сактап
Кармаган салты болот
Барктаса барктуу болот
Сактаса салттуу болот
Салт менен эл таанылып
Атагы даңкы болот
Атадан бала улап
Тарбия деген болот
Ынтымак, ырыскы деп
Улуу сөз биримдик деп
Канына канга өтүп
Түнөгүн бекем сактап
Кадырлап баркын сактап
Улантып жашоо болот
Уланткан салты болот
Салт менен калкы болот
Барганда салтың сурайт
Капалык болбосун деп
Баарысын терип сурайт
Куда эгер сөөк болсо
Айрыкча катуу сурайт.
Кадаа салт кадыр баркың
Ойлосоң сый, урматың.

Салты жок, сыйы болбойт
Баалап баркы болбойт
Баркташуу сыйлуу конот
Салт сактап сыйлоо конок

Салт менен эл таанылат
Салт менен бааланат
Салт десең санак жетпейт
Санасаң узап кетет

Келиниң келген салты,
Кызыңды берген салты
Аягы өлүм болсо
Өзгөчө анын салты.

Салтыңыз сакталбаса
Урматы, сыйы болбойт
Окшотуп айбандарга
Топтотуп айдоого окшойт.

Айбандан айырмасы.
Акылы салты болот
Байырлап баркы болот
Баалап салты менен
Урматтап, сыйлоо болот
Сый, урмат деген сөздүн
Мааниси терең болот
Урпакка керек болот
Баалап бакртай билсең
Өзүңө сыйың болот
Өзгөчө баркың болот
Өзгөргөн өмүр болот
Өмүрүң өрнөк болот
Кыргыздын ата салтын
Урпагы улоо болот
Аягы чексиз болот

Сезимдүү салтын билет
Баалап баркын билет

Байырлап бакыт конуп
Бактылуу жашоо берет
Сый, урмат кошо берет.
Өрнөктүү өмүр берет.
Таанылып тарык калып
Каарман болуп берет.

Эскерсе эстүү болот
Эсине сактоо болот
Улуудан уккамын деп
Аткарып жашоо болот
Улануу ошол болот

Урматы, сый болбосо,
Каадасы, салт болбосо
Көңүлсүз жашоо болот
Көркү жок, атагы жок,
Өткөргөн тирүү жандай
Жашаган өмүр болот
Эскерип эске салып
Эстелик куруу болбойт.
Жашоого бир келесиң
Баалап барктоо болсун
Жашаган салтың болсун
Артыңда изиң калып
Эстелик куруу болсун
Эскерип туру болсун
Эл баштап элиң болсун
Туулган жериң болсун
Туугандын топурагы
Алтындан артык деген
Уламыш сөздөрү бар
Жашоодо ар пенденин
Тууганы деги болсун
Жашоодо эң биринчи
Урматы сыйы болсун
Эскерип эске салган
Сакталган салты болсун
Жашоодо баркы болсун

Кадырлап калкы болсун
Каалап урпагына
Акылы насаат болсун
Тарбия таалим берген
Чыныгы жашоо болсун.
Чыркырап жаны кетсе
Салт сактап көмүү болсун
Сыйлаган өлүм болсун
Эскерип эсте калып
Узатуу деген болсун.

Салт сактап, салтын барктап
Урпагы улоо болсун
Улантып өмүр жолун
Урматтап жашоо болсун

Урпактан улоо болсо
Бактылуу жашоо болот
Атанын баласы деп
Өскөнүн карачы деп
Өзгөрбөс ал өзү деп
Өлбөптүр байкачы деп
Баалап барктоо болот
Баалуу жашоо болот.
Атагы, даңкы болот.
Атанын баркы болот
Атанын баласы деп
Улуунун урпагы деп
Уланган жашоо болот
Бул деген тарык болот
Тактапса далил болот
Улуу эл далилденип
Урматы сыйы болот
Уланган улуу тарык
Атагы даңкы болот
Калкынын баркы болот
Кадырлап өз тарыгын
Жашаса нарктуу болот
Тарыгын тактаганы

Эл өзүн барктаганы
Тарыгын тактабаса
Адашып алданганы
Алга өсүп барбаганы
Урпакка улуу сөз жок
Урматсыз жашаганы.

Улуу сөз айтылбаса
Уланып жазылбаса
Уйга окшоп жатып туруп,
Жөн эле жашоо болот
Жөн эле өтүү болот
Ою жок сезими жок
Айбанча жашоо болот.

Өзгөрүп жашабаса
Өзүнчө өсө албаса
Өспөйт ко аң-сезими
Өзүнчө ойлонбосо.
Жашасаң ойлоп жаша
Өркүндөп өсүп жаша
Жашаган дооpлорго
Өзгөрүш берип жаша
Өзүңчө багыт алып
Алга деп өсүү берип
Өзгөчө болуп жаша
Эскерип элиң жүрсүн
Эстүүдөй болуп жаша
Өзгөчө өмүр жаша.

Жоо келсе сүрүп жаша
Үйүңдө күлүп жаша
Жаш өмүр бир берилет
Жаркылдап, шаттык жаша

Аралап аска жаша
Аркарын кармап жаша
Азамат мергенчи деп
Айылды багып жаша
Ачкөздүк аша чапай
Аскада калбай жаша

Ар күнү барбай жаша
Насибиң терип жаша
Адашып боз баланды
Боздотуп атпай жаша
Кайбирен каргады деп
Аша аткан баласын деп
Каргышка калбай жаша
Нысап деп атып жаша
Адашып аша чапай
Жыт искеп эркин жаша

Жай күнү жайлоо барып
Жайлоо гүл терип жаша
Бир өмүр жашоо берген
Мээрим төгүп жаша
Бооркер болуп жаша
Бөлүнүп бөрү болбой
Биримдик болуп жаша
Мээрим берип жаша

Ашуудан ашып жаша
Ак карды көрүп жаша
Адашпай акылыңдан
Адамдай болуп жаша

Ак тулпар минип жаша
Бууданды таптап жаша
Ата-энең баркын билип
Эмгегин актап жаша
Жашоого бир келесиң
Аягын ойлоп жаша.

Жылкы айдап жылга жаша
Бал кымыз ичип жаша
Байырлап өз калкыңа
Баркына жетип жаша.

Жетелеп кулун жаша
Суу бойлоп байлап жаша
Баалап баркын сезип
Элиңди сыйлап жаша

Адашпай аңдап жаша
Эмгектен качпай жаша
Кармашып каршы туруп
Каарман болуп жаша

Аска ашып, зоо аралап
Бийигин байкап жаша
Бир өмүр жашоолор бар
Бийиктеп бийик жаша
Кыялап кырда жаша
Кыйкырып жоодо жаша
Жоолашып жеңиш алып
Баатыры болуп жаша.
Абайлап, байкап жаша
Таңдантып талант жаша
Талантты тарбиялап
Таалайлуу болуп жаша.
Так сүйлөп талбай жаша
Тарбия берип жаша
Тагдырга багынбастан
Жашоону жеңип жаша
Эмгекчил болуп жаша.

Асканы ашып жаша
Аркарын кармап жаша
Амандык ден соолук деп
Өз камың көрүп жаша
Бар жокко көнүп жаша
Кыйноодо, сыноо бул деп
Сабырдуу болуп жаша.

Бурулбай туура жаша
Туурасын айтып жаша
Тулуп бир келесиң
Тулпардай болуп жаша
Жалынсыз күйгүзбөстөн
Жароокер болуп жаша
Жаштыкта, мастык дебей
Сезимде сергек жаша
Сезимтал болуп жаша.

Өргө деп өйдө жаша
Өркүнтөп өсүп жаша
Бооркер, мээримдүү
Сен жөлөк болуп жаша.

Белести ашып жаша
Бек кармап бекем жаша
Бел байлап чарчаганда
Белдүүдөй болуп жаша

Бай болсоң ойлоп жаша
Байлыгың бакыт эмес
Желп эткен жел сыяктуу
Жаз келген куш сыяктуу
Кир сындуу жууп кетет
Куш сыяк учуп кетет
Бай болсоң бармын дебе
Жок болсо талдым дебе.
Тагдырың тайкы болсо
Таарынып Алла дебе.

Алланын берери бар
Бакыттын келери бар
Аллабыз насип этсе
Байкатпай берери бар

Алгандын берери бар
Келгендин кетери бар
Алладан тилеп жүрсө
Тилекке жетери бар.

Акылдуу, акмагы бар
Ар кандай жашоосу бар
Акмагы тузак салып
Ак жолдон бурары бар.

Айылы, карысы бар
Акыл сөз айтары бар
Ааламдан акыл алып
Ак жолдо жашоосу бар.

Мекени, мергени бар
Мекенин сүйүүсү бар
Ынтымак, ырыскы жок
Мергендей атышы бар
Аңдышып жатышы бар
Ар кандай жашоолор бар.

Эстешип эскерүү бар
Эстелик куруусу бар
Эмгекти элге арнасаң
Баалап барктоосу бар.
Эмгегиң эл унутпай,
Эскерип туруусу бар.
Акыл сөз, акыл кенчи
Ааламдан берген кенчи
Баалап баркын билсең
Баалуу өмүр кенчи.
Баалап баркташып өт
Бир-бириң жакташып өт
Жөлөгү таяк болуп
Ынтымак, биримдик өт

Эс ал айланайын түндө уктабадың Сага да жан керек Ден соолугуң Бизге да керек. Себеби, уулум сен өмүр бою жа засың. Ишиң баары ойдогудай болот. Ийгилик, жакшылык ты Алла берет. Кудай деп жүрө бер. Кысылба, ойлонбо баары кудайдын айтканындай болот.

Уктап жатсам тилими тиштеп ойготту. Ак простун дун учун тилими тиштеген учуна тийгизсем кан чыккан экен Ак простын кан болуп калды. Тийген жеринде кандын тагы көрдүм. Мурда канаганын байкабадым эле. Бул Ак жылан деген периштемин белгиси эле.

28.02.2002-ж. саат 15.20.
БАЙЛАНЫШТА: АК ЖЫЛАН

Алдыңа аалам жактан келип турам
Тил тиштеп өз белгимди берип турам
Капырай кандай бу деп чочубагын
Кан деген ал жарыктык берген белгим
Жакшылык белги алып шашып келдим.

Апакай, ак оронуп жатыптырсың
Алланын ак жолуна түшүптүрсүң
Көргөндө мен ыраазы болуп келдим
Өзүңө Ак Батамды арнап бердим.

Ак Батам ак жолуңа жарык берсин
Алдыңа ак тулпарын токуп берсин
Ак тулпар аалам берген илим болот
Өмүргө өмүр улап жарык берет
Жашоого көтөрүлгөн көңүл болот

Көтөрүп көңүлүңдү мен жүрөйүн
Көтөргөн көктөн кабар мен берейин
Мен алып Аллабыздын буйругунан
Бурулбай бир өзүңө түз келейин.

Өзүңө көңүлүмдү мен бөлөйүн
Жашоодо өмүр шерик мен болоюн
Өзгөргөн өмүрүңө күбө болуп
Ааламдан күбө болуп мен жүрөйүн

Жоо келсе, жолун тосуп мен чыгайын
Жылоолоп бир өзүңдү мен жүрөйүн
Жүгөндү Алла Таала колго берсе
Берилип бирге жүрүп алгалайын
Ааламда өмүр жолуң мага дайын

Жакында жамгыр жаап жер көгөрөт
Өзүңө өзгөрүлгөн өмүр келет
Өзгөрсө өмүр жолуң аалам жактан
Түшүнгүн ал касиет Алла берген.

Өркүндөп касиетиң өсүп барат
Өркүндөп өзгөрүлгөн өмүр берет
Өмүрүң өрнөк болуп урпагыңа
Жазылып изиң калган тарык болот

Касиет катарлашып катуу келет
Кезектеп Алла насип этип келет
Ааламдан периштелер кезек менен
Келишет сага арнаган нуру менен

Нур келсе өмүрүңө берген бакыт
Периште алып келет өтө шашып,
Өмүр бул Аллабыздан белек болот
Берилген бир өмүргө керек болот

Белекти бек кармагын элге арнап
Берилген касиетти бекем кармап
Берилген касиетиң элиң үчүн
Өмүрдү өркүндөтүп келүү үчүн.

Өмүрүң Аллабыздан берген байлык
Өмүргө түбөлүктүү шерик байлык
Байлыгын эл тараптан баалансың
Бак конуп элге арналган өмүр болсун.

Баалоо атак эмес, даңктоо эмес
Баалоо башкарылган бийлик эмес
Баалоо касиетиң бааланган
Байлыгын Аллам жактан Алла берген

Баалоо калыс болуп элден барсын
Касиет күндөн күнгө күчөп барсын
Касиет өркүндөсүн өмүр улап
Ак Бата берип барсын көңүл улап.

Көкөлөп көтөрүлгөн көңүл болсун
Уланып узап кеткен өмүр берсин
Улантып узак жазып билимдерди
Уламыш тарбиялоо жолу болсун.

Аскада аркар жашап өмүр сүрсүн
Артынан мерген кууп азык алсын
Ааламдан алган илим тарбиялап
Тагдырга таалай жолун ачып берсин.

Жайлоого жамгыр жаап көркүн берсин
Ааламдан алган билим бакыт берсин
Бакыты тарбиялап калың элди
Багыттап ак жолуна салып кетсин.

Жаз келсе жамгыр жаап көктөм келет
Ааламдан касиетин Алла берет
Ардактап бапестесе бакыт берет
Баалап эли барктап насип берет.

Жашоодо бааланган баркы болсун
Касиет сөз жетпеген наркы болсун
Алланын касиетин барктап алса
Элине өмүр арнап жашап өтсүн.

Жашоодо жаркын мүнөз маанай болсун
Өткөргөн өмүр жолу жарык болсун
Жаш берген ааламдагы Алла Таала
Арнаган өмүрүнө бакыт берсин.

Бакыты эли менен бирге болсун
Өмүрү эли үчүн кызмат этсин.
Өмүрү ал өзгөчө өмүр болуп
Өчпөгөн улуу тарык жазуу болсун

Жазуу бул колго калем кармоо эмес
Ыр жазып жүрөк сүйүү арноо эмес
Жазуу бул Аллабыздан буйрук келип
Элиңди тарбиялоо сөзү деген.

Сөз болсо, оолуктурган күчү болот
Кээ бир сөз өмүр жолун кыйуу болот
Ааламдан ак нур менен келген сөзү
Өмүргө өмүр улап бакыт берет.

Бак десе, баарлашып жатуу эмес
Бак десе, байлыгына батуу эмес
Бакыт бул, улуу тоого баруу эмес
Улантып байлыктарды табуу эмес
Бакыт бул, бааланып, барктуу болуп
Эмгектен элге жагып баштоо деген.

Бакыт бул, бакыт издеп кетүү эмес.
Бакыт бул, байлык таап жатуу эмес.
Бакыт бул, эл байлыгын, жер байлыгын
Урпакка улап берип сактоо деген.

Барк деген мейман тосуп багуу эмес
Бийликке жагалданып жагуу эмес
Барк деген бекем сактап эл байлыгын
Элиңе эмгегиңди арноо деген.

Барк деген башты кыйып чабуу эмес,
Бийликти өмүр кыйып сактоо эмес
Барк деген келечегин өз элиңдин
Терээң ойлоп чечүү деген
Акылдан эл тагдырын чечүү деген
Өзгөчө өмүр сүрүп, доор сүрбөй
Эл менен бирге жашап өтүү деген

Артыңда калган өрнөк ошол болот
Жашоодо урпагыңа үлгү болот
Бийлигиң, дөөлөт менен кошо келсе,
Өзгөчө өзгөчөлөп жашоо болсо
Өткөндө унутулган өмүр болот

Жашоо бул, күрөш деген баары билет
А, бирок, байлык топтоп күрөш эмес
Күрөш бул, эл тагдырын терээң ойлоп
Байлыгын элге арнап берүү деген
Баш болсоң эл тагдырын чечүү деген
Бий болсоң суктугунду койгун деген
Андагы эки көзүң тойбос болот
Өзгөчө байлык топтоп ач көз болот.
Күрөш бул ич дүйнөңдү жеңүү деген
Ашынган ач көздүктү койгун деген

Адамга Алла Таала кубат берет
Жашоону жеңүү үчүн күрөш берет
Ак жүрөк, пешене тер, ак тилектен
Жашоодо Алла жолун ачып берет.

Элине бак тилесе бакыт берет
Айсыз түн, аалам жактан жарык берет
Жарыгы жакшылыктын ал белгиси
Ааламдын адам менен байланышы.

Багынуу, байлык сурап баруу эмес,
Багынуу, үмүт үзүп жатуу эмес
Багынуу, ажал келсе моюн сунуп
Актыкка арнап өмүр кыйуу деген.

Арноо бул, аш-тойлордо ырдоо эмес
Алышып, көңүл ачып жыргоо эмес
Арноо бул, күрөштөрдө өмүр кыйып
Күрөшүп жеңиш менен келүү деген.

Арноо бул, азап берип жашоо эмес
Арноо бул, Алла берген белек эмес
Арноо бул, айланаңа таасир берип
Көрсөтүп жашоо жолун өтүү деген.

Арноо бул, адаштырып кетүү эмес
Алдоого өмүр арнап өтүү эмес
Арноо бул жоо келгенде жолун тосуп
Жеңилбей баатыр болуп өтүү деген.

Арноо бул, адам көргөн азап эмес
Жоо келсе, жоого аттанган казат эмес
Арноо бул, акыл арнап жашоо үчүн
Калкыңды алга баштап баруу деген

Арноо бул, калкан, кылыч кармоо эмес
Кармашып каршы туруп жеңүү эмес
Арноо бул, акыл менен элди сактап
Акылдан кан төгүлбөй калуу деген.

Арноо бул, арнап өмүр кыйуу эмес
Арноо бул, жоо аралап чабуу эмес

Арноо бул, көзүн ачып билим берип
Билимден өз бактысын табуу деген.

Арноо бул, аалам жакка баруу эмес
Айланып, кабар алып келүү эмес
Арноо бул, ата-баба салтын айтып
Артында ата салтын даңктоо деген.

Арноо бул, сыйлап кийим жабуу эмес
Кийгенде ак батасын арноо эмес
Арноо бул, элди баштап, алгала деп
Кыйноодо калкка калка болгун деген.

Арноо бул, арнап жанды багуу эмес
Багылып, бакытым деп жатуу эмес
Арноо бул, эл бактына өмүр арнап
Тарыкта из калтырып өтүү деген.

Арноо бул, тагдырым деп жатуу эмес
Арноо бул, байлык алып качуу эмес
Арноо бул, эл байлыгын сактоо деген
Келечек эл тагдырын ойлоо деген.

Арноо бул, аска аралап кетүү эмес
Азык деп, аркар, кулжа атуу эмес
Арноо бул, ата-бабаң жолун жолдоп
Жашоосун изилдөөгө алуу деген.

Арноо бул, айырбаштап алуу эмес
Арноо бул, аң уулоого баруу эмес
Арноо бул, Алла берген ыйман менен
Биримдик, ынтымакта жашоо деген.

Арноо бул, аалым болуп өтүү эмес
Байлык же дөөлөт издеп кетүү эмес
Арноо бул, жашоолордун жолун издеп
Коомду өркүндөтүп өсүү деген.

Арноо бул, алтын, байлык топтоо эмес
Байлыкты басып жатып сактоо эмес

Арноо бул, алга үндөп, алгала деп
Жол баштап, жоокер сындуу өтүү деген

Арноо бул, бак дөөлөткө батуу эмес
Бак консо, элди унутуп качуу эмес
Арноо бул, ынтымак, биримдикке эл чакырып
Элине мээримин төгүү деген.

Арноо бул, ардак такта жазуу эмес
Арноо бул, арам тамак багуу эмес
Арноо бул, калк кадырын бекем сактап
Калк менен урмат сыйда жашоо деген.

Арноо бул, аалам сырын ачуу эмес
Арноо бул, акыйкаттан качу эмес
Арноо бул, арнап өмүр бакты үчүн
Баалап эл баркына жетүү деген.

Арноо бул, адаштырып качуу эмес
Арноо бул, арбын таап багуу эмес
Арнаган ак эмгектен баар таап
Бак конуп баркың менен жашоо деген.

Арноо бул, акыйкат деп жашоо эмес
Арноо бул, акмаксың деп айдоо эмес
Арноо бул, таасир берип тагдырына
Өзгөртүп тагдырларды жаша деген.

Арноо бул, Айга барып келүү эмес
Ай-ай деп алга айдап кетүү эмес
Арноо бул, сыр дүйнөнүн сырын ачып
Доорду өркүндөтүп өтүү деген
Адамдын ич дүйнөсү өсүү деген.

Ааламды араласаң жомок болот
Жазында суук болсо бубак болот
Жаңылык жарыя деп жол баштасаң
Жашоого жаңы багыт ачуу болот

Айбанды багып алсаң байыр болот
Ынтымак жоголгондо кайыр болот

Ыркырап –тыркырашып жашоо болсо
Улуунун баркы кетип уят болот.

Мөмөлүү дарак болсо гүлү болот
Мөңгүсү көп сактalса суусу болот
Кайнаган суусу болсо буусу болот
Душмандын бек сактаган уусу болот
Аргымак ат таптаса күлүк болот
Адамдык жашоолордо үмүт болот
Ак эмгек ак жүрөктөн жашоо болсо
Ааламда Алла Таала бакыт берет.

Ак тилек, ынтымакка алып барат
Ак жүрөк, биримдикке алып келет
Ынтымак, биримдикте жашоо болсо
Улусу, урпагына үлгү болот

Аскалуу тоосу болсо, коосу болот
Ашынган байлык болсо, жоосу болот
Аргымак ат мингени алыс барат
Акылдуу эл башкарса бакыт берет
Ынтымак, ырыскыны элге берет
Эл баштап, жоосун жеңип алга барат
Тарыкта аты калган өмүр болот
Өзүм деп элди бөлсө, өксүк болот.

Ак өргө жайда салкын, кышта жылуу
Ичинде жасалгасы музей болот
Шарт түзүп, маданият өркүндөсө
Дүйнөлүк атак алып өрнөк болот.

Жылкы айдап жылгасында жашоо болгон
Суусунга бал кымызын ичүү болгон
Жолоочу жолдо калды конуп кал деп
Калкымда бооркердик сезим болгон.

Сезимдер өркүндөгөн өсүү болгон
Өзгөчө ыйман менен жашоо болгон
Өркүндөп оозеки маданият
Таң ата, алты айлап айтуу болгон.

Асканы аралаган мерген болгон
Эрлери жоону тосуп баатыр болгон
Баатыры элди баштап коргон болгон
Аш-тойлор көңүл ачуу, байге болгон.
Өзгөрүп, өткөн доор тарык болот
Изилдеп урпагына тарбия деп
Тарбия, таалим берип өсүү болгон
Жашоодо өзгөрүлгөн коом болгон.

Доорлор өзгөрүлүп жашоо берет
Өзгөрүп өркүндөгөн өмүр берет
Жашоодо жаңылыкты ачып берсе
Баалап эл барктаган өмүр болот.

Өмүрдү өркүндөтүп элге арна
Элиңдин ар намысын колго карма
Ааламдан акыл-насаат сөзү келсе
Бек кармап белегим деп элге арна

Жашоого бир келесиң, ойлон пендем
Ааламдан кабар алып жерге келген
Кабарды каалабай тетир кетпе
Кесир деп кайгы муңга батып кетпе

Эмгектен бакыт таап жашоо болсун
Жайлоонун көркү чыгып гүлгө толсун
Жаштыктын жалындаган доорунда
Жашоодо жанга сүйкүм жары болсун.

Жайлоодо арча, кайың көркү болот
Жаштык кез жалындаган өртү болот
Жоо келсе жоону жеңип келди деген
Желпинтип туу көтөргөн белги болот

Азоо деп, ат таптаган азап болот
Жоо келсе, жоого аттанган казат болот
Жашоодо жалгызсырап өмүр сүрүү
Тирүүдө башка түшкөн тозок болот.

Балталап башты кескен доор болгон
Байкатпай байлык, дөөлөт талаш болгон
Баарысы башка түшсө көрөмүн деп
Кыйноодо белди байлап туруу болгон
Жашоонун сыноосунда сындан өтүп
Сыртынан сырын бербей жашоо болгон.

Жашоонун жайлоо сындуу салкыны бар
Жашоонун борон менен ызгары бар
Жашоого мээр берген жылуулук бар
Баарына көнүп көнгөн туруштук бар

Салкында жыргалы деп жата бербе,
Суукта ызгардуу деп кача бербе,
Жашоонун сыноосунда сындан өтүп,
Кыйноосунда чыдап өтүп
Намысты жашоолордо колдон бербе

Пендесиң пенделик деп адашпагын
Байлыкты бийлик келсе талашпагын
Тагдырда пешенеңе жазылбаса
Ааламда Аллабызга таарынбагын.

Жашоодо байлык, бийлик талаш болот
Ачкөздүк адаштырат деген болот
Ааламдан Алла Таала буйрубаса
Аңдышып, өмүр өтүп, насип болбойт

Ак тилеп Аллабыздан сурап жаша
Аалмга көңүлүңдү буруп жаша
Ааламда Айды алам деп көк карабай
Кадырлап калкың менен бирге жаша.

Акеме барып чарчап келип уктап кетсем үстүнкү илебимин сол жагын кырча тиштеп ойготту. Тилин тиштесем катуу ооруйт деп аяды окшойт.

28.02.2002-ж. түнкү саат 21.31.
БАЙЛАНЫШТА: АК ЖЫЛАН

Айткандай аяп келдим бир өзүңү
Ааламдан арнап келген бул сөзүм го
Атайын акырындап аяп келдим
Арнаган акыл сөзүм сага бердим

Акыл сөз арбын болот айта берсең
Агартып жүрөктөрүн келген болсо,
Бой таштап боорума кыскым келет
Бооркер мээрим сөз бергим келет

Ааламдан алып учуп келгим келет
Тарбия таалим сөздөн бергим келет
Ак жүрөк, ак тилектүү пенде болсо
Сырдашып сыр чечишип жүргүм келет.

Сырымды сыр сезгенге айткым келет
Сыр айтып сергип гана жашоо керек
Сырдашпай, тумчуккандай жашоо болсо
Тумчуккан жашоо өмүр кимге керек

Ааламдын сыры терең чечилбеген
Адамдын сыры сырдуу, өзү билет
Сыртынан сырын бербей эркин жүрөт
Өткөргөн жашоо турмуш өмүр билет

Аалам сыр аңдабасаң сезе албайсың
Сезимсиз аалам жакка уча албайсың.
Умтулуп оюң менен байланышсаң
Сыр алып сыр түйүнүн чече аласың.

Тактаган так илимин берсе сонун
Берилип агын болуп келсе сонун
Ааламдан агып келген насаат сөзү
Берилип жүрөгүнө сиңсе сонун.

Сиңирген акыл кенчи акыл болот
Жошоого багытталган өмүр берет

Жашоодо өксүк жашоо өткөрбөстөн
Өркүндө өсүү берет адам затка.

Өркүндөп акыл-эси өссө сонун
Өйдөлөп жашоо турмуш кетсе сонун
Жашоону акыл менен алга баштап
Өмүрдү өркүндөтүп өтсө сонун.

Жашоого бакыт берген акыл болот
Мээрман, бооркерлик ырыс берет
Ырыскы Алла насип этип койсо
Ырыстуу жашоо өмүр арнап берет.

Ааламда Алла арнаган ырыс болсун
Ырыскы эмгек менен насип этсин.
Жашоого жарык дүйнө бир келесиң
Эмгектен сен ырыстуу жашоодосуң.

Адамга Алла Талаа өмүр берет
Өмүргө акыл, сезим кошуп берет
Сезимден акыл өсүп өрнөк болот
Пендеси башка салса көнмөк болот.

Адамсың акылың бар, сезимиң бар
Сезимтал болуп жаша өрнөгүң бар
Сезбесең бул дүйнөдө өзгөрүштү
Кандайча айбандардан айырмаң бар.

Бак болсо, байырлашып бакыт конот
Ак болсоң, ак батасын берип конот
Ааламдан Алла Таала насип этсе
Ал бакыт өмүр бою бирге болот

Ааламдан агып келбейт ак болбосоң
Акыл сөз арнап бербейт бак болбосо.
Агылып билим келип өсүү болбойт
Ааламдан Алла Таала шарт түзбөсө.

Ааламда акыл кенчи океандай
Ааламда Алла арнап бергениндей

Аалабыз акыл насаат арнап берет
Өмүрү өрнөк бол деп тандап берет.

Өсүү бар, өркүндөө бар
Өрнөктүү өмүрлөр бар
Өзгөрткөн коомдорду
Өзгөртүп баштоолор бар.

Акылдуу эл башкарса
Өркүндөп өсүү болот
Өрнөктүү өмүр болот
Өзгөчө жашоо болот

Жаркылдап жакшы мүнөз
Жашартып өмүр берет
Жашоого багыт берет
Өмүргө өмүр кошуп
Узарган өмүр берет

Жароокер жарың болсо
Кыйноодо демин берет
Сыноодо акыл берет
Алланын сыноосу деп,
Берилген кыйноосу деп
Бир болуп кол кармашып
Дем берет, кубат берет
Көтөргөн көңүл берет
Көксөтпөй жашоо болот.
Дем берип сөзү менен
Душман деп, сезим менен
Жашоолор алдыда деп
Жакшына үмүттөнөт
Жетелеп жакшы үмүт
Жашоого кайрат берет
Кайраты деми болуп
Өмүрдү сактап барат
Алладан ак тилешип
Экөөсү тең тилешип
Тилегин берип Алла
Ой тилек орундалат

Алгалап багытталат
Бак берип бакыт берип
Жашоого канааттанат
Эскерип эркиң бар деп
Эркиңди кармап берет
Ээн баш эсирбе деп
Эл көзү сырын бербей,
Сыртыңан байкап барат
Түбөлүк өмүр шерик
Түпкүсүн ойлоп барат
Түбөлүк түнөгүм деп
Багыттап баарын барат
Башына бакыт конот

Бакытты учурба деп
Байырлап, бек карма деп
Акылын айтып барат
Ачууга алдырба деп
Эскертүү берип барат

Үй-бүлө эриш аркак
Бирөөсүз өрнөк болбойт
Ынтымак, ыйман менен
Түбөлүк өмүр болот

Өрнөгү ынтымагы,
Жашаган гүлдүү багы
Күрөшүп жеңүү менен
Жашоонун ал булагы.

Булак бул суу башаты
Ынтымак үй башаты
Булактан дайра болот
Ынтымак ырыс болот

Ырыстуу пенде болсо
Бакыты дөөлөт болот
Аалабыз аны колдоп
Бактылуу өмүр берет

Жашоодо акыл менен
Ынтымак сактап жаша
Бир-бириң барктап жаша
Жашоого бир келесиң
Жакшылык ойлоп жаша
Көктөмдүн жамгырындай
Көрк берип элге жаша
Жашоонун өмүр гүлүн
Башкарып акыл менен
Барктуудай болуп жаша

Жашоо бул, жайлоо гүлү
Жылуулук талап кылат
Жылуулук жылуу сөзүң
Жайдары жакшы мүнөз
Барктаган барктуу сөзүң
Сыйдасың анда өзүң.

Жылуу сөз өмүр берет
Жылуу сөз өрнөк болот
Жылуу сөз үлгү жашоо
Жылуу сөз бакыт табат
Баалап баркың табат
Жашооң жайлуу болот
Өмүргө өбөк болот.

Жылуу сөз жылдыз сымал
Үйүңө жарык берет
Жарк этип маанай жарык
Жашасаң жашоо жарык.

Жылуу сөз сыйлуу конок жайлоодогу
Жылуу сөз жайлоо гүлү көктөмдөгү
Көтөрөт көңүлүңдү меймандостой
Жылуу сөз сезим козгойт жайлоо гүлдөй.

Жашасаң жылуу сөзүң арнап жаша
Көтөрүп көңүлүңдү үлгү жаша
Жылуу сөз жүрөк отун козгоп кетет
Жылуу сөз мээримин төгүп кетет

Байырлап бакыт кушун алып келет
Бак дөөлөт башка конуп бакыт берет
Байыртан бааланат жылуу сөзүң
Мейманды меймандаган тамак эмес
Жайланып жайлуу жаткан орун эмес
Жайлан деп жылуу айткан жылуу сөзүң
Көтөргөн көңүлдөрүн балдай сөзүң
Жадырап тосуп ал жарык маанай
Бир көрсө унутулгус жаркын маанай
Жашоодо биз жүрөлү көп баалай

Башкарат сөзү менен үлгүлүү өзү менен
Байлыгың баалуу сөз
Баалайт калыстык көз

Такшалтат таамай сөзүң
Тазартат жүрөктөрүн
Таасирдүү сөзүң менен
Тагдырга таасир берип
Таанып ал өзгөртөрүн

Бурултуп буруп кетет
Кара ойду түзөп кетет
Каргыш сөз карайлатып
Жаныңды кыйып кетет

Алтын сөз ардак такта
Жүрөккө бекем сакта
Жашоого тарбиялап
Аткарып, анан баркта

Сөз болсо маани терең
Сездирет жүрөк менен
Алгалап алып барат
Алга деп ураан менен.

Сөз менен баа берет
Сөз менен каап берет

Сөз менен багыт берип
Өркүндөп өсүү берет
Өнөрдү өркүндөт деп
Өстүрүп алып барат

Өркүндөп эли барат
Өзгөчө тарык болуп
Өстүргөн коомго деп
Өзгөчө баа берет.

Уктап жатсам тилимин сол учу акырын тызылдап ойготту. Ак жылан келдиби? деген ой менен ручканы колго алдым.

01.03.2002-ж. саат 09.38.
БАЙЛАНЫШТА: АК ЖЫЛАН

Аядым жаман ойго кетпесин деп
Жаман ой ойлоой бербей чектесин деп
Чыныгы аалам жакта периштемин
Өзүңдү тарбиялап келүүдөмүн.

Сыр айтып сырдашууга келип жүрөм
Сыр менен аалам сырын берип жүрөм
Байкасаң аалам жашоо сыры терең
Өзүңдү мен өзгөчө көрүп жүрөм.

Ааламда Аллабыздын буйругу бар
Алланын жер пендесин тандоосу бар
Өзүңдү өзгөчө деп тандап жүрөм
Өзүңө мен байырлап келип жүрөм

Ааламдан кабарлашуу оңой эмес
Ыңгайлуу жолун таап өзүм келем
Өзгөчө аалам жакта өскөмүн деп
Өзгөчө тилиң тиштеп белги берип,
Өзүңдү өзгөчөлөп аяп келем.

Таң калып сыр дүйнөдө жашоодосуң
Таңдантып көп пендени каратасың

Таңдануу таанышканда байкалганын
Сакталган ички сырдай сен билесиң.
Талыбай эмгектенип баратасың
Таанышып алсамбы деп жарышасың
Таң сүрүп күн баткыча жазсаң дагы
Дем берет, ойлоп көрчү талыбайсың.

Дем деген жакшылыктын ал белгиси
Периште келишет көп келгиси
Байырлап байланышып келип турат
Атеист ишенбестен чочуп турат
Аягы айдоо жолдо каламбы? деп
Адам да, бул да пенде ойлоп турат.

Ойлонбо жакшылыктын белгиси бар
Жакындап периштелер келгиси бар
Баалап ак эмгегиң, ак жүрөгүң
Өзүңө өзгө баа бергиси бар

Түшүнөм элиң сага даяр эмес
Колдошуп колдоочуга жарар эмес
А бирок аалам жакта Аллабыз бар
Өзүнүн тандаганын колдоосу бар.

Коркпогун коргондойбуз, колдошобуз
Алыскы узак жолдо бир болобуз
Чарчанып чаалыкканда жөлөп таяп
Доордун жаңылыгын жаратабыз.

Түшүнөм түрлүү ойду ойлоносуң
Түзөңсүз жолдор менен баратасың
Түшүнбөс адамдардын арасында
Түшүнүк илимдерди жаратасың

Жаңы илим жаралышы аалам жактан
Ачылыш ачып берет, кайра баштан
Жаратып ич дүйнөнү жаңылатуу
Тарыкта болуп келген аалам жактан

Жарк этип жарык нуру келе бербейт
Жаратып жаңылыкты бере бербейт
Жакшылык, бул жаратуу оңой эмес
Кылымдан кылым өтүп келет элес

Элеси, ал ээричтип алып жүрөт
Эрме чөл, аска тону аралатат
Каратып кара көздү карайлатып
Чыдаса чындык билим ал(Кудай) жаратат

Аскадан алты кийик ата албайсың
Адашсаң аска, зоодон кача албайсың
Ааламда Алла менен байланышсаң
Бакыттын бак кушуна байланасың.

Өмүрүң аалам жакка байланыптыр
Көрүнбөс периштелер жандашыптыр
Жаныңа жандуу калем колго берип
Периште узаак жолго айдашыптыр
Алдыңда Ак периште алып жүрөт

Артыңдан ай хайлашып айдап жүрөт
Ааламга өмүр арнап баратасың
Периште пенде менен жарышасың.

Кыяда кыргый салган жоргосундай
Жорголоп колуң ырды жаратасың
Жоргонун тизгининен сен тартпай жүр
Жолунан жорголордун адашасың

Жорголоп туура жолдо баратасың
Таңкы жел жайлоосундай жарышасың
Жаңылык жаңы илим ыр сап менен
Жарышта алга озуп баратасың.

Ааламда башың байлап байге салдым
Өзүңдү өзгөчө деп колго алдым
Өзгөчө тарбиялап жолго салам
Өзгөрүп, өркүндөтүп алып барам.

Убада бек берейин ишенип кой
Ыр берет, тизмектетип сен терипкой
Текшерген терээң сырды байкап алсын
Баалап баркын билип көңүлгө алсын.

Аалам бул, ойноо бала, оюн эмес
Ааламдан сыр чечишүү оңой эмес
Элүү жыл аалам үчүн ченем эмес
Ээрчитип эс алууга келүү эмес
Ааламдын сыр дүйнөсүн сезүү деген
Ал чексиз сыры терең чечилбеген
Сырдашсаң, бул бакыттын чеги деген.

Баалап баа берүү оңой эмес
Барктоого баа жеткис илим керек
Адамда илим деген чектүү гана
Өмүрү өтүү болсо сезилбеген

Байырлап аалам жактан биз келебиз
Сездирип сезимдерге биз салабыз
Сезгендер алып калса терең билим
Алга деп, эл баштаган болот билим

Асканын аскалардай бийиги бар
Аскада бийик жайлап кийиги бар
Ааламдан булак илим келип турса
Аягы дайра болуп агуусу бар
Аягы арман эмес бакыты бар
Байырлап башка келген дөөлөтү бар
Бакытка эмгек менен жетүүсү бар
Эмгектен өркүндөгөн өсүүсү бар
Эмгекчил пенделердин үлгүсү бар
Үйрөнүп улап кеткен өмүрлөр бар
Ак жүрөк, ак тилектен өркүндөө бар.

Үйрөтүп үлгү болуп келип турам
Үйүндө байырлашып бирге турам
Үйрөн деп ыр саптарын берип турам
Тагдырга таалай жолун ачып берем
Табылга берейин деп күндө келем

Табылгам, тагдырларга таасир берүү
Тапташып тагдырына багыт берип
Тагдырга илим менен жашоо берип
Жашоого жарык нурун чачып берүү

Жашоого жаратылыш байлыгы бар
Жашоонун эмгеги бар, сабыры бар
Периште демин берип бел байласа
Түгөнбөс түбөлүктүү бакыты бар.

Жашоонун аңдып мерген атуусу бар
Арман деп, талып көпкө жатуусу бар
Кээде төө минет, жөө жүрөт
Бийиктеп бак дөөлөткө жетүүсү бар.

Байырлап бак дөөлөтү жашоосу бар
Бак берсе, сабыр бербей тажоосу бар.
Таркатып тагдыр берген бак дөөлөтүн
Башбоосуз малга окшоп басуусу бар.

Бак берсе, байкабастан тепсөөсү бар
Тойгондой мал сыяктуу кепшөөсү бар
Аягы арман болуп, арга жоктон
Адашып айдоо салып жашоосу бар.

Жашоо бул, сабак берет пендесине
Жашоо бул, багыт берет жашоосуна
Жашоо бул, күрөш болот турмуш деген
Күрөшүп өмүр өтөт сыры терең.

Жашоону ачкөздүгүң адаштырат
Жакшылык жанаштырып жашаттырат
Жашоонун жашыруун сырлары бар
Бир өмүр жашоо берсе ачылбаган.

Жашоо бул, алмаштырып алдоо эмес
Алсызын, алдуулары кордоо эмес
Жашоо бул, жакшылыкка өмүр арнап
Бата алып бак дөөлөттүү жашоо деген

Аралап аска зоону басып жүрөм
Жашоонун жашоо сырын сезип жүрөм
Жүрөктүн жылуулугу жашоо берет
Жүзүндөн сен жылмайып жашап жүрүң.

Ааламды мен айланып жашап жүрөм
Жашоонун кызыгына батып жүрөм
Жайлоонун көркүн ачкан жаз жамгырдай
Жамгырдай жаңы илим берип келем.

Ааламга арнап өмүр сырын алың
Урпагың улантууга үлгү болуң
Сыр деген илим болот, билим болот
Илимдин терең сыры жашоо болот.

Асканы араласаң зоосу келет
Жашоону кордой берсең, шору келет
Күнүмдүк жашоолордун баркына жет
Сабырдуу өмүр сүрсөң бакыт келет.

Баалап баркын сезип сен жашап өт
Жашоону күрөш менен сен жеңип өт
Жашоонун сыноосуна, кыйноосуна
Эрк менен жеңиш алып максатка жет.

Күрөшүү сабак алып өрчүү болот
Күрөштү акыл менен жеңүү болот
Күрөштөн жеңиш алып бакыт келсе
Өрчүгөн өмүр жолуң үлгү болот.

Жашоонун мөмө байлап күзү келет
Жадырап жайнап өскөн гүлү келет
Жаша деп бак дөөлөттүү жашоо берет
Байкатпай борон чапкын чачып келет.

Бороондо байкуш болуп үшүп кетпе
Дөөлөткө көктү карап көөп кетпе
Жашоонун ачуу, таттуу дамы бар
Бар жокко чыдап жаша дегени бар.
Айсыз түн, ачык жолдо адашуу бар

Байлыгы, бийлигинде талашуу бар
Жанашып акыл менен жарашуу бар
Тагдырга айласыздан баш ийүү бар.

Байырлап бакыт кушу консо сонун
Багынтып жоону жеңип келсе сонун
Бак конуп, бак дөөлөттүү өмүр сүрүп
Жашоодо багы менен өтсө сонун.

Бак деген байлык таап жатуу эмес
Бак деген байлык ала качуу эмес
Бак деген эмгектенип эли менен
Сый менен сый урматта жашоо деген.

Бак деген, бийлеп элди жатуу эмес
Бак деген, эптеп жанды багуу эмес
Бак деген өмүр арнап өз элине
Өмүрдөн өрнөк болуп өтүү деген
Өркүндөп алга карай өсүү деген.

Өсүү бул, өзгөчөлөп өтүү эмес
Өсүү бул, коргондолуп жашоо эмес
Өсүү бул, ич дүйнөңдү өркүндөтүп
Алга деп, элди баштап жашоо деген.

Өсүү бул, өзгөрүлүп кетүү эмес
Өскөндү өстүрбөстөн басуу эмес
Өсүү бул, өркүндөтүп илим менен
Жалпы элди жабыркатпай багуу деген.

Жашоо бул, жарыш эмес байге коюш
Жашоо бул, кара ой эмес, тузак коюш
Жашоо бул, алга баштап, өмүр арнап
Өрнөгү болуп дүйнө өтүү деген.
Аска тоо арыласа бийик болот
Асканы аралаган мерген болот
Мээрим, бооркердик сезим болсо
Үлгү алган ал чыныгы адам болот.
Кара ойлор, кара ой менен ойрондолот

Кара өзгөй ойлогону кара ой болот
Карманып кайгы турмуш башка түшөт
Кара ойдун кайтарымы азап болот.

Мезгилдин жамгыры жана кары болот
Жашоодо ачуу, таттуу баары болот
Багынтып күрөштөрдө жеңиш келет
Жакшы ой, жакшы тилек бакыт берет.

Кызуу уйкуда тилимдин учун кан чыгара тиштеди.

03.03.2002-ж. түнкү саат 23.40.
БАЙЛАНЫШТА: АК ЖЫЛАН

Капыс келип кан чыгара тиштеп алдым
Кабарлап кат жазууга демим бердим
Таарынба тагдырың бар бак таалайлуу
Ааламга байланышкан өзгөчөлүү.

Кан чыкты капаланба Эргешбайым
Капилет учуп келип кабарлайын
Кабарым каниет эт, бакыт болот
Бак дөөлөт өмүрүңдү коштоп келет

Түн орто түн уйкуңду бузуп келдим
Каршы алып кара күчтү жеңип келдим
Кадимден жашообуздун күрөшү бар
Күрөшүп бир өзүңө бачым келдим.

Келүүгө аалам жактан шашып келем
Кабарлап бир өзүңө бачым келем
Келүүгө Аллабыздын буйругу бар
Бурулбай буйрук менен түптүз келем.

Келемин тургузамын карап турам
Өзүңө боор ооруп аяп турам
Боорум, бооркерим мээрманым
Өзүңө мээримди төгүп турам

Түн орто бир өзүңө көңүл бурам
Көңүлгө сыр дүйнөнү катып келем.

Буруу бар, бурулуу бар, турушуу бар
Турмуштан сабак алып туруктуу бол
Тууруң түбөлүктүү түнөк болсун
Бишкекте түбөлүктүү өмүр берсин.

Ак жылан ак периште ааламдагы
Кабарлап бир өзүңө келүүдөгү
Периште бекем байлап демин берсин
Жүрөктөн бир өзүңө мээр берсин.

Периште мээрими бакыт болот
Байырлап аалам жактан дөөлөт келет
Жашоонун жаратылыш байлыгынан
Баалап баркың билип белек берет

Бак деген баарлашкан сөзү болот
Сөзү бул, бак дөөлөттүн өзү болот
Ой менен аалам жакка байланышуу
Түбөлүк бакыт жашоо деген болот.

Ааламдан айкын кабар мен берейин
Периште белеги деп дайындайын
Берилип жүрөгүнөн билим берип
Өмүрдү бир өзүңө мен арнайын

Көрк берген жайлоосунда малы болот
Жашоодо башка түшсө көнүү болот
Көктөгү өнөр билим булагынан
Өзүңдү өркүндөтүп билим берет

Илимиң ийне кудук казуу болот
Илимге өмүр арнап өтүү болот
Өркүндөп өсүү болсо өмүр жолуң
Өмүрү өрнөк болуп тарык калат.

Ааламда илим кенчи байлык жатат
Байлыгы байыр алып келип жатат

Бак берсин байырлаган билимди ал
Ааламда Аллабыздын белеги ал

Билим бул кетпес бакыт кетпес дөөлөт
Аллабыз арнап берген белек дөөлөт
Белегин бек сактап ал, бек барктап ал
Өзүң да аалам жакка байырлап ал.

Бакыт бул бакыт кушу жел сыяктуу
Барктабай, бага албаса учуп кетет
Бакыт бул ааламдагы келгин кушу
Барктаса түбөлүккө түнөп калат.

Бакыт бул, ааламдагы ачылган нур
Барктаса агып келип сиңип кетет
Бакыт бул, алып келген периштеси
Барктаса бакыт болуп жандап жүрөт

Бакыт бул, жаан болуп жаап келет
Өмүргө өмүр кошуп өрнөк берет
Өркүндөп билим алса алга барат
Өрнөгү элин алга баштап барат.

Барктаса Алла Таала бааласын
Ааламдан бак дөөлөтүн ал арнасын
Алладан арнап келген колдоо болсо
Бактылуу пендесине жашоо болот.

Бакытты барктап алсаң бакыт берет
Баалап баркын билсең дөөлөт болот
Дөөлөттү көтөргөнгө Алла берет
Пендеге убактылуу сынап берет.

Кээде сабырдуусун сынап берсе
Кээде жашоо турмуш кыйнап берет
Сыноосунан сындан өтүп, кыйноосунан чыдап өтсө
Чыныгы бак дөөлөттү анан берет.

Арнаган арлуу белек илим болот
Жашоодо түбөлүккө керек болот

Жашоодо жардам берип жандап жүрөт
Алгалап жанга кубат берип жүрөт

Баалап баркын билсе бакыт билим
Байырлап бак дөөлөтүн берген билим
Бак дөөлөт байырлашып кошо келсе
Сыноого пендесине келген билим.

Сыр алып сырдашууга сен келип жүр
Ааламга байланышып түбөлүк жүр
Орточу болуп жашоо оңой эмес
Сыноодо сындан өтүү жеңил эмес

Сыналып сындан өтүп баратасың
Уйкусуз далай илим жаратасың
Жайлоодо жаратылыш байлыгындай
Элиңе байлык билим бере аласың.

Жашоонун кыйноосунда баратасың
Кыйналып кызык илим жаратасың.
Кырдагы кыргый салган мүнүшкөрдөй
Элде жок кесип менен жашоодосуң.

Жашооң жайлуу эмес, майлуу эмес
Кара ойлоп бирөөлөрдү аңдуу эмес
Жашооң жаратам деп жаңы илим
Ийнелеп ийне кудук казуудасың.

Жашоо бул жанын эптеп багуу эмес
Мен кыйын, сен тыйын деп кагуу эмес
Жашоо бул көтөрүшүп көңүлдөрдү
Улантып өмүрлөрдү узарт деген .

Жашоо бул жайлоо барып жатуу эмес
Жаныңды сен бир эптеп багуу эмес
Жашоо бул жардам берип жөлөп таяп
Өзгөчө өрнөк болуп жаша деген.

Жашоо бул, жаакташып айтуу эмес
Жан биргем жанашам деп жатуу эмес

Жашоо бул, таяп сүйөп жөлөк болуп
Ынтымак, биримдикте жаша деген.

Жарк этип күнү чыкса гүл ачылат
Кыш өтүп жазы келсе бир ачылат
Жадырап жайнап өмүр өткөрүлсө
Өмүрдү өркүндөтүп узартышат

Жамгыры жаап өтсө, нуру келет
Гүлүнөн жыпар жыттуу жыты келет
Жылжытып жең ичинен сөз узатса
Жаманың ынтымакты бузуп кетет.
...байланыш үзүлдү.
Эргешбай ыраазымын.

21 – сентябрь 2000- жыл саат 17.45
БАЙЛАНЫШТА:
КУРБАНБЕК БААТЫРДЫН ЖАРЫ
"АЙГАНЫШ ЭЖЕ"

Рухтары кыргызды колдоп жүрөт
Дүңгүрөтүп дүйнөнү Чынгыз жүрөт
Ал артында колдогон Манас жүрөт
Манас эмес, белеги рух жүрөт.

Кыргыз эли түшүнбөй көбү жүрөт
Рухтарды кордошуп дагы жүрөт
Арак ичип арамдык жолдо жүрөт
Аалам жакта рухтар баарын билет

Баарын сезип, кечирим берип жүрөт
Кээ бирине кеч болуп дагы жүрөт
Орду толгус жоготуу болгон кезде
Ойлонгону пайдасыз болуп жүрөт

Рухтары ааламдан камын көрөт
Урпактарын багыттап ак жол жүрөт

Рухтардан, тарбия таалим алса
Унутушпай улууну урпак жүрөт

Рух сөзү урпака таасир берип
Тарбиялап ак жолго алып барат
Тазарттырып жүрөгүн урпактардын
Такшалдырып тар жолдон алып өтөт

Рух сөзү урпака дем күч берет
Келечегин багыттап ак жол берет
Аалам менен пенделер байланышып
Жаңы доор ачкычын ачып берет

Аалам бар, байланыш бар
Кабарлап жашоолор бар
Рухтар насаат сөзү
Урпака тарбия бар

Рух бар, урмат сый бар
Урпакты барктоолор бар
Улууну урматтоо бар
Бабалар жолу менен
Багыттан баруулар бар

Жашоо бар жакындоо бар
Периште, пенделер бар
Байкашып сезим менен
Бирдикте жашоолор бар

Ааламда Аллабыз бар
Ал берген насиптер бар
Ак дилден пешене тер
Эмгектен жашаган бар

Бекерден берген дүйнө
Түбөлүк пайдасы жок
Учкан куш болуп жүрсө
Түбөлүк түнөгү жок
Түнөксүз жашоо кыйын
Түнөгүн ойлобосо

Урматы сыйы болбойт
Көңүлсүз жашоо болбойт
Жашоонун көркү чыкпай
Көңүлдүн шаттыгы жок
Өзүнчө жашоо болот

Өзүнчө жашоо болсо
Урпагың уланбаса
Урматың сый болбосо
Жашоонун кызыгы жок

Жашаган дүйнөң болсо
Кызыксыз жашоо болсо
Көңүлдөр көтөрүлбөй
Өмүрлөр өтүү болсо
Өзүнчө жашоо болсо
Жөлөгүң таягың жок
Жоголсоң издериң жок
Же өлсөң ыйларың жок
Тирүүндө сыйларың жок
Бир тууган уругуң жок
Түнөксүз безип жүрсөң
Үйүңдөн качып жүрсөң
Жүрөктө мээрим жок
Баландан безип жүрсөң
Акыл бар ойлоп көрчү
Бул жашоо кызыктуубу?

Жашоого бир келесиң
Байланыш түзүп жаша
Мээрим төгүп жаша
Кайтарым жооп болуп
Сый, урмат көрүп жаша
Элиңди сыйлап жаша
Жериңди бийлеп жаша
Жериңе душман келсе
Элиңди коргоп жаша

Арчалуу Ала – Тоонун
Баркына жетип жаша
Белинди бекем байлап
Түнөктү сыйлап жаша
Урпакты улантышып
Урмат – сый көрүп жаша
Жоо келсе баатыр болуп
Атак – даңк алып жаша

Жүрөктөн жылуулукту
Урпака берип жаша
Улууну урмат кылып
Батасын алып жаша
Жароокер жары болуп
Баркына жетип жаша
Бириңди бириң сыйлап
Үлгүлүү болуп жаша

Атанын баласы деп
Ак бата алып жаша
Ак ниет, чын жүрөктөн
Алладан тилеп жаша

Аска – тоо аралаган
Ак мерген болуп жаша
Бөлүшүп азыгынды
Аскадан тапканынды
Эл менен тең бөлүшүп
Ынтымак бирге жаша
Берилип өз элиңе
Камкордук көрүп жаша
Көрк берип эл жериңе
Эмгекчил болуп жаша

Эмгектен баар таап
Эл менен бирге жаша
Алдыга жол көрсөтүп
Каарман болуп жаша

Кармашта баатыр болуп
Калкалап калкың жаша
Кадырлуу карыя деп
Урмат сый көрүп жаша

Кең жайлоо жашыл арча
Жылкы айдап байып жаша
Саяпкер жорго таптап
Байгеден озуп жаша

Жаш кезде жалтанбаган
Жоо беттеп барып жаша
Жароокер жарың менен
Бактылуу болуп жаша
Бакыт куш башка конуп
Учурбай кармап жаша
Элиңе душман келсе
Өмүрдү байлап жаша

Жылоолоп жылкы айдап
Салтыңды сактап жаша
Ынтымак ырыскылуу
Бир – бириң колдоп жаша

Колдоочуң коргон болсо
Бата окуп, барктап жаша
Калкыңа караан болуп
Каарман болуп жаша

Кайгылуу күндөр келсе
Кайраттуу болуп жаша
Качырып душман келсе
Баатыры болуп жаша

Байырлап баркын билип
Түнөгүң барктап жаша
Карыя сөзүн угуп
Алга деп баштап жаша

Жашоонун жашыл гүлү
Көңүлдү ачып жаша
Өмүр бул бир берилет
Өрнөктүү болуп жаша

Артында урпагың бар
Сен камын көрүп жаша
Урпакты тарбиялап
Мээрим төгүп жаша

Ала- Тоо аска- зоону
Аралап эркин жаша
Арчанын жытын искеп
Узартып өмүр жаша

Жылгага жылкы айдап
Суу бойлоп кулун байлап
Аш тойдо жорго минип
Кыргызым тоодо жаша

Кыз куумай, байге коюш
Эр сайыш, балбан күрөш
Таң ата акын айтыш
Салтынды сакта кыргыз

Баш бериш, жилик тартыш
Мейман деп койду союш
Мейман дос кыргыз деген
Атакты алып жаша

Эл таанып жерди таанып
Талыкпай билим алып
Өркүндөп өсүп, өсүп
Өрнөктүү кыргыз жаша

Ат жабдык күмүш жүгөн
Ак суусар, түлкү кийген
Жигиттик көркүң менен
Ак тулпар минип жаша
Көңүлдү көтөрүшүп

Өмүрдү узартышып
Аш төйдун көркүн ачып
Ыр ырдап шаттык менен
Жаштыктын деми менен
Жашоонун доорунда
Тарыхта калып жаша
Урпака үлгү болуп
Жалындай күйүп жаша

Салтыңды сакта кыргыз
Ишенич акта кыргыз
Капыстан жоолор келсе
Калкыңды сакта кыргыз

Манастын уругусуң
Атыңды баркта кыргыз
Манастын осуятын
Жүрөктө сакта кыргыз

Даанышман, күжүрмөн деп
Урпакты тапта кыргыз
Долларга сен кызыгып
Жериңди сатпа кыргыз
Манастын берген жерин
Сактаган Курбанбегиң
Калкалап кастарлаган
Өтүшкөн баатырларың

Атагың тоолук деген
Томсортуп мал курутпа
Тоо, жайлоо байлык болот
Ошону сен унутпа

Урпака таалим берип
Алдына тулпар берип
Манастын уругу деп
Улуунун жолу менен
Урпакты тарбияла
Кыргыздын кызы баатыр

Аскада, зоодо мерген
Кыргызга ал кесипти
Ааламда Алла берген

Таптаган саяпкери
Таптаган тулпар берген
Тоодогу кыргыз кызы
Алты атар мынтык алып
Аскада, тоодо мерген

Жигити көзгө атар
Адашпай түздөп атар
Душманы капыс кирсе
Бир бирден терип атар
Жат эл деп, жээрип атар
Жеримди баспагын деп
Жүрөкө тээп атар
Таң атып күн батканча
Качырып баарын атар
Атанын салты бул деп
Кун кууп баарын атар
Адашпай алдын тооруп
Калтырбай баарын атар
Урпагым көрдүңбү деп
Тарбия берип атар
Ак сакал карыядан
Батасын алып атар
Уйкусуз түн катырып
Узатпай баарын атар
(Ошол учурда Баткенге террористтер кирген мезгил эле).

Баткенди басып кирген
Атактуу баатыр эмес
өмүрүн башын жеген
Сатылгын ал бир элес

Чаткалда чатак салган
Чыныгы жигит эмес

Тууганга саткын болгон
Сатылган байкуш элес

Элести эл колдобойт
Элести жер колдобойт
Өз элге душман болгон
Аларды алла кордойт

Саткынга өлүм керек
Ажалды Алла берет
Өлүгү ооган жетпей
Аземсиз көмүү болот
Артында урпагы жок
Саткынга ажап болот

Тизгинин тартышпаса
Аллабыз ажал берет
Аскада өлүк калып
Айбандын жеми болот
Бүркүттөр көзүн оюп
Өзгөчө өлүм болот

Кыргыздын жигиттери
Манастай баатыр болот
Аскадан көзгө аткан
Өзгөчө мерген болот

Аралап душман келсе
Арстандай айбат берет
Качырып узатпастан
Коёндой кармап келет

Кыргызым канында бар
Качырып жоону сайган
Кызуулап калган кезде
Жүрөктү жара сайган

Кылычтап кыя чапкан
Кыргыздын кызы баатыр
Кезекти мага бер деп

Кыздары жоону жеңген
Кыз Сайкал уругу бар
Кыйкырып кызуу кирген
Жолборстой сүр көрсөтүп
Жолотпой жоону сүргөн
Манастай баатырлар бар
Тоо бүркүт кыргызым
Кыргызды коргой турган
Шам чырак жылдызым бар
Жүрөктү кезеп өткөн
Баатыры, жигиттер бар.
Таарынба талба кыргыз
Колдогон Манасың бар
Айлуу түн аркалаган
Жалтанбас баатырлар бар

Картайбас карыя бар
Алга деп жарыя бар
Чекеге кызыл байлап
Өлүмгө өмүр байлап
Катарлап жоону айдап
Жүрөктүн үщүн алган
Кыргызда баатырлар бар

Бүркүттөй куушурулган
Такшалган жигиттер бар
Намысты бек коргогон
Чыныгы баатырлар бар
Дүйнөнү дүңгүрөткөн
Кыргыздын Манасы бар
Манастын урпактары
Намысты сакта кыргыз
Капыстан келген жоого
Өлүмдү байла кыргыз
Кан тамган жер баспаган
Өлүмгө ок коротпой
Бабаңдан калган салт бар
Кул кылып айда кыргыз
Баткенде курман болгон

Чыныгы Манас кыргыз
Эненин эт жүрөгү
Эзилбе уулуң баатыр
Намысты коргоп жатыр
Жеримди баспагын деп
Өмүрүн берип жатыр

Атагын Манасымды
Уулуңуз улап жатыр
Баатыр деп төрөптүрсүз
Түбөлүк тирүү жатыр

Ааламдан Айганышың
Ак Суунун тунгуч кызы
Дем берип эми жатыр
Курбанбек урпагы экен
Ал элин коргоп жатыр

Баатырды сиз төрөпсүз
Чыныгы эне баатыр
Элиңе жүзүң жарык
Каныкей сындуу баатыр
Урпака мен ыраазы
Манастай бала баатыр

Түндүгүм, түштүгүм деп
Акылсыз болбо кыргыз
Жоо турат арт жагыңда
Акылдуу болуп жаша
Бир эне баласысың
Бир тууган болуп жаша
Манастын доорундай
Баш кошуп ынтымакта
Дүйнөгө үлгү болуп
Бир бүлөө болуп жаша
Бийлигиң убактылуу
Аны да билип жаша
Бир ууч, кыргызым бар
Бөлүнбөй ынтымакта

Манастай болуп жаша
Жоо кууп Курбанбектей
Намысты коргоп жаша
Келечек эл тагдырын
Ойлонуп анан жаша
Ынтымак, ырыскың бар
Ырыстуу болуп жаша
Ааламда Аллабыздан
Ак тилеп бирге жаша
Кыргызымдын намысы деп
Намысты колдон бербей
Курбанбек баатыр өткөн
Узатып жоону кууп
Кытайга чейин жеткен

Кыргыздын урпагы үчүн
Эл камын көрүп өткөн
Кылычтап кыя чаап
Жер сактап, элин барктап
Өмүрүн элге арнап
Жүрөкө калкан кармап
Эл үчүн жүрөк сактап
Өлүмгө башын байлап
Жаштыгын жоого арнап
Башына жабдык жаздап
Күзөттө таң атырып
Эл, жерин бекем сактап
Ынтымак, тартип сактап
Кырк чоро баарын барктап
Баарыбыз, баарыбыз деп
Эл коргоп жатырбыз деп
Кам көрүп чоролорго
Өмүрлүк жарды тандап
Тойлорго малын камдап
Камкордук көргөн баатыр
Эстешип баары жатыр
Рухтар аймагында
Ыраазы болуп жатыр
Кыргыздан чыккан баатыр

Кыргыздын жигиттери
Кыргыздай баары баатыр
Беттешкен душмандары
Беттебей качып жатыр
Чыныгы душман болсоң
Ичиңде кана баатыр
Сатылгын байкуш баатыр
Айганыш кыргыз баатыр
Ак суунун кызы баатыр
Жоо келсе намыс коргоп
Кылычтап кыйып жатыр

Айганыш Аксы баатыр
Кытайга жоону кууп
Курбанбек баатыр менен
Кылычтап алмак- салмак
Эркекче кийим кийип
Төбөгө чачты түйүп
Тегерек телпек кийип
Бир гана баатыр билип
Арт жака бурулбастан
Жоолорго тыным бербей
Жеткенин кыя чаап
Жетпесе буттан алып
Такымга буйдап басып
Улактап бара жатыр
Курбанбек көзүн кызып
Дем берип бара жатыр
Сезгени кыз экен деп
Ээси ооп калып жатыр
Жеткенде аттан түшүп
Майдалап 41 чачын
Көрк берип баатырына
Чай куюп берип жатыр
Кул болгон душмандары
Ээси ооп карап жатыр
Эрмектеп Курбанбеги
Эркелеп алып жатыр
Аска тоо бийик кыргыз

Жайлаган кийик кыргыз
Аскадай бийиктейсиң
Көз, жетпес кийиктейсиң
Бийиктик сакта кыргыз
Дүйнөдө эң биринчи
Тамгаң бар билимдүүсүң
Дүйнөдө теңдеши жок
Өзгөчө билимдүүсүң
Баркыңды өзүң билбей
Өзүңдү тепсегенсиң
Өзгөчө билим менен
Өр баштап барат элең
Дүйнө эли таңыркашып
Тарыхта калат элең
31 тамгаларды сен сактай алат элең
Дүйнөдө эң биринчи
Тамгалуу жазуусу деп
Атак даңк алат элең
Билимдүү кыргызым деп
Үлгү эл болот элең

Саймалуу ташта жатат
Сактаган илим жатат
Илимдүү кыргыз жатат
Саймалап сайып чыккан
Ээси бир кыз жатат
31 тамга менен
Жазылган кыргызымдын
Эскирбес тарых жатат
Тактаза Жылдыз жатат
Жарыгы кыргызымдын
Тамганын нуру жатат
Тактаган тарыгыңдын
Далилдер баары жатат
Сайма таш кыргыздыкы
Изилдөө күтүп жатат
Такташып айтабыз деп
Рухтар күтүп жатат
Ачкычы аалам жакта

Алышып келе жатат
Белегин беребиз деп
Бет алгын ак жолго деп
Жол ачып берип жатат
Сайма таш чыдамсыздан
Ал сени күтүп жатат
Изилдөө, анализдөө
Кайрадан, ал жаңылык
Ачканы араң турат
Дүйнө эли көңүл бурат
Дүңгүрөп анан чыгат
Манастын эли экен деп
Дүйнө эли таанып чыгат
Жаңылык, ал жаңырып
Дүйнөгө тарап чыгат
Кыргыздын атак даңкы
Жаңырып кайра чыгат

Ааламдан кабар келет
Ак калпак кыргыз келет
Сыр сандык ачабыз деп
Алтындан ачкыч келет

Ачкычтын ээси бар
Берерге белеги бар
Белгиси желеги бар
Кыргызга кереги бар

Ааламдан кыргыз келген
Такталган тарыхы бар
Аскада далили бар
Илимде изилдөө бар
Белгисин тапкандар бар
Белек деп каткандар бар
Берем деп убак күтүп
Чыдамсыз күткөндөр бар
Баарысын тактап алып
Айта албай жүргөндөр бар
Жылоолоп, жүгөндөлүп

Жетекти күткөндөр бар
Тилеги орундалып
Орундуу сүйлөгөн бар
Орхон жазуусунда
31 тамгаларын
15-ин тапкандар бар
жаңыртып жаңы илимди
Далилдеп коштогон бар
Дагы да бош орун бар
Аз калган убакыт бар

Жазылган ушул тарых
Ырдалган акын эмес
Уйкаштык жакын эмес
Уйкаштык талап кылба
Мазмунга көңүл бур да
Бабадан акыл – насаат
Ар сөзгө маани берип
Мазмунун терең бил да

Тарыхты тактап айтат
Кыргызды барктап айтат
Салтыңды сактап айтат
Уйкаштык ыры эмес
Сөз менен сүйлөм айтат
Маанисин сүйрөп айтат
Көңүлдү коюп окуу
Сүйлөмүн сүйлөп окуу
Мазмунун ойлоп окуу
Өзүңдө билимиң бар
Тереңдеп, анализдеп
Тереңдеп кирип окуу
Ааламдын термеси деп
Аны да байкап окуу
Кез – кезде терең ойлоп
Бир азга туруп оку
Айганыш осуятын
Эсиңе сактап окуу
Эжеңди барктап окуу

Ак- Суулук эжебиз деп
Урпагым эстеп оку
Эжем бар ааламда деп
Урматтап, сыйлап оку.
Керегин жаттап оку
Кээсин барктап оку
Оюңа сактап оку
Ааламдын кеңеши деп
Эсиңе алып оку
Эжеңдин эскерүүсүн
Эсиңе түйүп оку
Акылга акыл кошуп
Акылдуу болуп оку
Чыныгы тарых бул деп
Ишенип анан оку
Жүрөктөн чын берилип
Ыр эмес байкап оку
Түшүнүп сөз маанисин
Таанышып тактап оку
Айтылган осуяттын
Орчундуу, жерин оку
Ашыкпай баарын оку
Урпака түшүндүрүп
Тарбия берип оку
Айганыш Ак-Суулук деп
Далилдеп тактап оку
Эсиңе тутуп жүр деп
Эскерип анан оку

Окмуштуу урпагым бар
Илимдүү турпатың бар
Ааламдын илими деп
Жектебе да тепсебе
Чыныгы илим ушул
Кошулуп анализде
Изилдеп илим жакта
Дипломдук ишти жакта
Чочубай бул аалам деп
Терендеп кирип оку

Изилдөө жагын ойлон
Ашыкча болбойт эле
Аралап ой бөлүшсөң
Түшүнсөң терең билим
Аласың укмуш билим

Бийликтен коркпогула
Артыңа кайтпагыла
Рух бул жаңы илим
Арыштап алга башта
Өзгөрүп жаңы коом
Түшүнүк берип башта
Өзгөрүү ааламда бар
Илимде жаңылык бар
Илимди таратуучу
Рухтар ааламы бар
Тарыхтан байланыш бар
Биргелеш жашоолор бар
Илимде далилдер бар

Бийликтен коркпо кыргыз
Басынган коркок кыргыз
Эркиндик дегениң бар
Эркиңче сүйлө кыргыз
Периште берген илим
Беймарал алгын кыргыз
Алгалап өскүн кыргыз
Калгансың өксүк кыргыз
Өксүбө өнөрүң бар
31 тамга менен
Көкөлөп өсөт кыргыз
Ааламдан колдоп турат
Үзенги бекем турат
Ааламдан келген билим
Ааламдан насип кыргыз
Кымтылап койбо кыргыз
Кыраансың ойлон кыргыз.

Журналист илимдүүсүң
Ааламдан коркпо урпак
Илимди улантуучу
Көтөрүп туу сайуучу
Жарыя, жарчы өзүң
Байланыш башталды деп
Илими таштадды деп
Алладан насип экен
Келгиле басалы де

Артка эле таштабастан
Алгалап басалы деп
Ааламдан жаңы илимди
Кана эми алалы деп

Баарыңы Алла колдойт
Ак жолго баштап жолдойт
Илимде далилденген
Коркпогун сурак болбойт
Ааламда Айганышың
Эжең бар ал да колдойт
Аксылык урпактарым
Кайрат кыл, үмүтүм бар
Гезитке бир басып ал
Ак бата мен беремин
Алакан кенен жайып
Батаны сиңирип ал

Ааламдан илим келген
Гайыптан билим берген
Кылымдын ашуусунда
Аксынын аймагында
Гайыптан билим бердик
Чыныгы тарых бердик
Курбанбек Тегенелик
Деп айтып тактап бердик
Айганыш Ак-Суулук деп
Аны да барктап бердик
Бийликтин башындагы
Чындыктан коркпо кыргыз

Акыры болот чындык
Гайыптан жалган келбейт
Калп билим тактап бербейт
Рухтар байланышып
Өмүрүн өзү айтып
Жаздырды баарын тактап
Атеис кол шилтебе
Баарысы чындык кыргыз
Гайыптан келген билим
Далилдүү жеңет кыргыз
Баалап баркын билип
Күтүп ал баатыр кыргыз
Курбанбек баатыр сөзүн
Баалап баркта кыргыз
Бийликтен коркпо кыргыз
Гайып бул оюн эмес
Бир азга ойлон кыргыз

Айганыш, байкап турат
Түшүнбөйт урпагым деп
Ал башын чайкап турат
Чет элдин китептерин
Окуса болмок кыргыз
Алардын демин алса
А балким коркпос кыргыз
Башынан жүрөк түшкөн
37- жыл үшүн алган
Үшкүрүп чочулаба
Түшүнөт дүйнө кыргыз
Дүйнөлүк илимине
Аралаш баатыр кыргыз
Эркиндик колго алып
Эгемен жашап жаттың
Дүйнөгө сен таанылып
Алыстап бара жаттың
Өзүнчө эл башкарып
Тогуз жыл толдуң кыргыз
Дүйнө эли сени таанып
Манастай болдуң кыргыз

Гайыптан билим алып
Жаңылык болуп жатат
Рухтар жаңылыгын
Дүйнө эли жакшы билет
Жээрибе артта калып
Алгала Манасыңдай
Илимден баатыр болуп
Кошулгун дүйнө элине
Алгалап өрнөк болуп
Шумкардай болуп учкун
Жаңылык гайып билим
Алдыга сүрөп учкун
Ааламдын билими деп
Баалап даңктап учкун
Урпака таасир берип
Байланыш түзүп учкун
Маната Акшумкардай
Аска зоо конбой учкун
Аралап бүт дүйнөнү
Илимин алып учкун

Ааламдан алып келип
Ким Алай (Гималай) конгон кыргыз
80 кылым кыргызыма
Жердеги жашоо болгон
Ааламда ал такталуу
Архивде ал сакталуу
1000 жылдык Манас менен
Дүйнөгө сен таанылдың
Ким Алай кыргыздардан
Ошумбек Ошко барып
Ай айлап келген эле
Ошумбек келгенине
5600 жыл болгон эле
Ал 24-чү кылым эле 80-чи кылымдын
Ошумбек аты өзгөрүп
Ош пирим болгон эле
Кыскарып анан барып
Ош болуп калган эле

Бул тарых аалам жакта
Сакталып калган эле
Ошумбек ал руху
Сулайман тоосундагы
Үңкүрдө калган эле
Чын тарых мен айтам деп
Жаздырып койгон эле
Кыскарып убакыт тар
Китеби чыкпады эле
Кыскасы көңүл бурулбады.
Дүйнөгө 1000 жылдык деп
Акаев тойго деген
Жарыя кыргыз деген
Жар салып, той башталып
Ак өргө 1000 ден ашып
Көркүнө чыккан эле
Дүйнө эли тойго келип
Таң калып кеткен эле
Бүркүтү түлкү алып
Кыз куумай жигит жетпей
Кызыкты салган эле
Көз кысып кызы учуп
Жеткизбей кеткен эле
Кызыгы ушу го деп
Кызыккан дүйнө эли
Ошума 3000 жыл деп
Акаев сөз баштады
Жаңыдан той баштады
Дүйнө элин күтөбүз деп
Сүйлөнөт Ак Буурасы
Мейманды эрчитем деп
Көңүлдү сергитем деп
Сулайман тоосу турат
Кыя жол кооздолуп
Анысы күтүп турат
Кыйла иш бүтүп турат
Өркүндөп өсүп турган
Көрсөтөт дүйнө элине
Суктанып басып келет

Мейманы Ош жерине
Жайнаган мөмө-жемиш
Байгеси, кыз куумайы
Көк бөрү, бүркүт салыш
Башталат көңүл ачыш
Меймандап жилик тартыш
Бал кымыз суусундугу
Ош Бишкек узун жолу
Даярдык көрүп турат
Көңүлүн бөлүп турат
Манастай дүңгүрөтүп
Ош тою күтүп турат.
Дүйнөгө таанытканы
Жакындап дагы турат.
Ошумбек тоо боорунда
Кол чаап күтүп алат.
Рух сөз бул чындык деп
Чет элдик таанып алат
Кыргыздын өскөндүгүн
Дүйнө эли билип алат.
Ак өргө, ак үйүндө
Бир жыргап түнөп алат
Меймандар бөлүнүшүп
Сары-Челек, Арсланбабы
Алайы Өзгөн тарап
Мейман деп, күтүп алат
Ошентип дүйнө элине
Таанылып дагы калат

Айганыш аалам жакта
Аксылык Аксуу кызы
Ак тойго күбө болот
Ааламда карап турат
Өркүндөп өс кыргыз деп
Ааламда ак жылдыз деп
Ак бата берип турат
Ош шаары 3000 жылын
Айганыш күтүп турат
Курбанбек теңи менен

Бир кезде биз болгон жер
Эскерип дагы турат
Эгемен кыргызым деп
Эркиндеп өсө бер деп
Айганыш аалам жактан
Ак бата берип турат
Ак тойго күбө болуп
Рухтар келип турат.
Ошумбек ал биз менен
Ош шаарын колдоп турат
Ак тою аман өт деп
Алладан тилеп турат
...байланыш үзүлдү, саат түнкү 0:14
21.09.2000 ж. Эргешбай ыраазымын

22-сентябрь 2000-жыл саат 6:21
БАЙЛАНЫШТА: СЕМЕТЕЙ

Ааламда мен рухмун мекендеген
Чексизде жашап жатам мен жердеген
Сезимде жашап жүрөм кыргызым деп
Ойлоймун ааламдагы жылдызым деп

Семетей чексиздикте, кыргыз уулу
Кыргыздын келечегин ойлоп туру
Кылымдын ашуусунда кыргыз элим
Жашоосу айчы-кайчы кыйнап туру

Кыйноо бул аалам жактан сыноо болот
Сыноодо көөп ташыркап жүрүү болот
Таш жолдо, ал ташыркап такшалганда
Ак тулпар минип, анан байге болот

Байгеден озуп чыгып чабандеси
Жылоолоп, жонун таптап алкоо болот
Уйкусуз күн өткөргөн саяпкери
Озгондо ал эс алып туруу болот
Саяпкер ал уйкусуз таптаган кез

Саяпкер ары-бери, ал чапкан кез
Тулпары тапка келип такшалганда
Алыстап ал тулпары озгон кезде
Азамат келатат деп, мактаган кез

Мактануу эл көзүнө оңой эмес
Кээ бирге көз жетпеген ал бир элес
Уйкусуз эмгек менен тапталганда
Ийгилик өзү келет мактангандай

Мактоого ал татыктуу болуш үчүн
Талбаган, талыбаган эмгек керек
Камчылап сүрөөлөгөн сүрөө керек
Эч качан жалгыз дарак токой болбойт
Уйкусун безип эмгек жасаганды
Ааламдан калыс турган Алла колдойт

Эмгектен эр азамат баатыр чыгат
Күрөштө элин коргоп ал такшалат
Кылычты туура чаппай кыйгач чап деп
Баатыр да, улуусунан тарбия алат

40 чоро колдон алып жоого аттанып
Беттеген душман турат, ал жалтанып
Чоролор сүрөөсүнөн баатыр чыгат
Кылычтап эр намысын коргоп чыгат

Кылымдан кыргызымдын макалы бар
Манасты Манас кылган Каныкей деп
Найза өтпөс олпок жасап камдабаса
Азык деп гүл азыгын жасабаса
Кайрт кыл арт жагында калкың бар деп
Манаска жалпы кыргыз дем бербесе

Найзасы жүрөк сайып жараламак
Манасың көз карайып карайламак
Кыргызды душман кордоп араламак
Кул болуп, күңү болуп, эл айдалмак
Жүрөгүн калкан олпок сактап турат

Орто жер гүл азыкка толуп турат
Кайрат кыл деген сөздүн деми менен
Манасың как жүрөккө сайып жүрөт
Душмандар оодарылып тайып жүрөт

Канчасы жан соогалап барып жүрөт
Жеңишип кунун алып байып жүрөт
Атагы тарых болуп калып жүрөт
Түбөлүк түнөгүм деп кыргыз элим
Руху Манасыңдын колдоп жүрөт

Жалтанбас Манасыңдын урпагысың
Дүйнө эли тарых жагын байкап жүрөт
Арагын ичип алып чалыштасаң
Аттиң деп алар башын чайкап жүрөт

Жашоо бар, ички, сырткы душманың бар
Сезим бар, байкап андан коргонуу бар
Беттешип душман менен турган кезде
Колдогон Манасыңдын руху бар

Жайлоодой кең пейилдүү кыргызым бар
Ааламга жарык берген жылдызым бар
Жериңе душман басып келген кезде
Арада момун болуп сезбей жүргөн
Жүрөгүн окко тозуп таң калтырган
Атын айт кайсы эл деп таңдандырган
Дүйнөлүк аренада эң биринчи
Дзотто жалындаган кызыл отту
Чолпонбай жүрөк менен кыя чапкан
Ал кезде калтаарышып бугуп жаткан

Аткан октой атып атып чыгып
Жеңиш деп кыйкырганда жоолор качкан
Жол салган Манасыңдын урпагысың
Кыйкырып жоону сайып баатыр болуп
Манастан келе жаткан каныңда бар

Жоо келсе кан кайнаган азамат бар
Сезилбей арасында момундар бар
Кыргызым аскадагы бүркүттөйсүң
Душманга куушурулуп сен киресиң
Үзөңгү үзө тээп жоо качырган
Дагы айтам сен Манастын урпагысың

Эр жигит эл четинде жоо бетинде
Деген сөз баатырлыктын далили ушул
Ойногон балалык кез
Өтүшөт ойноо керек
Эр жигит жигит болуп
Кыз сүйүп жарлуу болуп
Уул төрөп кубанганда
Бешикке бөлөгөндө
Биринчи эне сөзү
Баатыр бол, эл корго дейт
Каныңда деген сөздүн
Мааниси ушул болот

Бешик ыр батыр бол дейт
Оо баатыр кандайсың дейт
Чоңоюп эл коргойт дейт
Баатыр сөз бешикте эле
Жүрөккө сиңип барат
Кулакка илип барат
Эр жетип жоо келгенде
Жүрөгүн окко тозуп
Дүйнөлүк баатыр болуп
Дүйнөгө атак алат
Дүйнөлүк тарыгың бар
Дүңгүрөйт сен тактап ал
Кыргыздын улуулугун
Урпагым сен барктап ал
Улаган урпагыңа
Баатырдан ургуң деп
Тарбия таалим берип
Келечек, багыт берип
Жашайсың убактылуу
А, бирок сыноодосуң

Сынга сен толуп өткүн
Артыңа из калтырып
Баатыры болуп өткүн
Жалтанбас болуп өскүн
Арстандай сүрдүү болуп
Манастай болуп өткүн
Кыргыздын кырааны деп
Тарыхта калып өткүн
Дүйнөгө бир келесиң
Жалындай жалындап өт
Жоо келсе жүрөк тоскон
Салтыңды сен сактап өс
Коёндой элеңдебей
Манастай жоо сайып өт
Намысты сен коргоп өт
Кылычсыз доор келди
Жаңырып кылым келди
Жашаган дооруңдун
Баатыры сен болуп өт
Артыңда изиң калсын
Урпагың улап барсын
Аска зоо кенен жайлоо
Таза аба, мөлтүр булак
Душмандан коргоп барсын
Эр жигит өз элине
Жашаган өз жерине
Чеп болуп жашап өтсүн
Жигиттик өз милдетин
Аткарып баатыр өссүн
Аалам бар, рухтар бар
Ааламда жашоолор бар
Кыргызды колдоп турган
Кыргыздан рухтар бар
Манасың, Семетейиң
Курбанбек, Аксуубайың (Аксы Ата)
Баатыр кыз Аккөкүлүң
Түгөйү Амир Темир
Санаса узун тизме
Аксыда жашап өткөн

89 баатырың бар
Баарысы аалам жакта
Рухтар аймагында
Жашоонун каймагында
Жердеги урпагым деп
Жашаган кыргызым деп
Көз кырын салып жүрөт
Тайганда жөлөп жүрөт
Адашса аяп жүрөт
Аралап барып жүрөт
Жарышта байге ал деп
Камчылап сүрөп жүрөт
Жылоолоп жүгөнүнөн
Жетелеп алып жүрөт
Бир гана илимдүүлөр
Таанымал атеисттер
Ишенбей кол шилтешет
Дүйнөлүк маанидеги
Рухтар илими бар
Түшүнсүн илимдүүлөр
Өзгөрсүн катып калбай
Ааламда өзгөрүү бар
Башталган жаңы кылым
Кызыктуу дүйнө болот
Периште аралашып
Пендеге баарлашып
Аалам жер кабарлашып
Тарбия таалимдешип
Байланыш жашоо болот
Дүйнөлүк илим болуп
Кыргызым аралашып
Көч башын баштап берет
Таштары сүйлөп берет
Тарыгын айтып берет
Дүйнө элин таң калтырып
Киного тартып берет
Баарысы баарлашып
Бир балкып эрип берет
Кээ бири жээрип берет

Баарысын түштө көрүп
Чоочуркап өзү келет
Ааламдын күчү бул деп
Кошулуп өзү келет
Бир тизгин бир чылбырда
Байланып бирге келет
Басылып китеп болуп
Баарына тарап кетет
Семетей айтты эле деп
Баланча число эле деп
Далилдеп жазып келет
Алдынан айткан экен
Көз ачык сөзү экен деп
Семетей бабаңарды
Аларга кошуп келет
Бир азга жашып кетет
Урпагым түшүндү деп
Ыраазы болуп кетет

Ааламда рухтар бар
Кам көрүп туруштар бар
Уланткан урпагына
Айтышар насаат сөздөрү бар

Рухтар сырдуу дүйнө
Чечилбейт ич дүйнөсү
Сырдашып сырын берген
Кабарчы периштеси
...байланыш үзүлдү, саат 8:37
Эргешбай ыраазымын.

2000-ж 24- сентябрь түнкү саат 3:32
БАЙЛАНЫШТА: КАНЫКЕЙ ЭНЕ

Сыр дейбиз, кабар дейбиз, пенде дейбиз
Жашоо бар аалам жакта бизде дейбиз
Болгону максатыбыз бирөө гана
Урпакты келечекке тарбиялоо
Тарбия талыкпаган издөө болот
Артына из калтырган илим болот
Урпакка сиңирилген билим болот
Билимсиз тарых болбойт, эл көгөрбөйт

Жерим бар жашоолор бар
Элим бар байланыш бар
Аалам бар айланыш бар
Ааламда Аллабыз бар

Алланын буйругу бар
Периште кабары бар
Урпакка бараары бар
Тарбия берээри бар

Тарбия аалам жактан
Берилет пендесине
Илим бар, билимдер бар
Сиңирет денесине
Илим бул ички дүйнө
Чалкыган деңизиндей
Пенденин ал ичинде
Жашаган эгизиндей

Илимде аты да бар
Духовный байлык деген
Кыргызча которюн
Рух берген байлык деген

Рух деген ал көрүнбөйт
Жашатат башка дүйнө
Жаралган атом дүйнө
Беришет бекер дүйнө

Илим бул ички байлык
Илимдүү жашап өтөт
Нысаптуу айлык менен
Артынан дүйнө куубай
Паспортун алмаштырып
Чет элдик болуп албай
Жашашып анда калбай
Урпагын тарбиялап
Улуулар илиминен
Манастын билиминен
Ууртап аздан берип
Ич дүйнө көбөйтүшөт
Илимдүү урпагым деп
Изилдейт, аныктайт деп
Тарыгын такташат деп
Урпакка үмүт менен
Ааламдан буйрук менен
Периште кабар берип
Пендеге байланышып
Ааламга айланышып
Эли үчүн жери үчүн
Түбөлүк жашоо үчүн
Түз эле байланышат
Кол кармап жаздырышат
Түндөсү уйку бербей
Өңүнөн аздырышат
Келечек урпак үчүн
Биргелеп жашоо үчүн
Аласың илимди деп
Тамгалап бастырышат
Тарыхта архив болуп
Түбөлүк калтырышат
Ааламдан берген билим
Чыныгы билим болот
Көңүлдө бек сакталып
Мээге сиңип барат
Көңүлдө калып барат
Урпакты тарбиялап
Уламдан улам барат
Алланын буйругу деп
Коркутпайт үндөп барат

Ак жолго жүр деп барат
Ааламдан демин берип
Чарчаба, чаалыкпа деп
Периште демин берет
Суткалап жазып барат
Ааламдан берген билим
Адепке тарбиялайт
Урпакты таптагын дейт
Катуулап какпагын дейт
Көңүлүн көтөрүшүп
Өмүрдү узартышып
Өлүмдү кыскартышып
Алланын ак жолуна
Абайлап түшүрүшүп
Жетелеп алып барат
Илимдин жолу менен
Бийиктеп анан барат
Ич дүйнө байлыгынан
Изилдеп тарых табат
Тоо кенин тоонун сырын
Илимдүү адам табат
Илими ал ичинде
Сыртынан ал байкалбайт
Илимдин тили менен
Атеист түшүнүктө
Духовный байлык болот
Азыр бул түшүнүктүү
Орусча тарбиялап
Орусча өнүккөнбүз
Ар ишке көнүккөнбүз
Өсүшкөн, өркүндөгөн
Тилибиз өсүп барып
Орус сөз сиңип кеткен
Кыргыздын сөздөрүнө
Ный, най, ной уланып
Түшүнүк берип кеткен

Катарлап доор келсе
Таасирин берип келет

Пенденин ич дүйнөсүн
Өзгөртүп алып келет
50 жыл өтүп кетсе
Азыркы төрөлгөндөр
Элүүгө чыгып кетет
Ангилис, япон, кытай
Сөздөрү кирип кетет
Сезимге сиңип кетет
Доордун ал таасири
Пенденин күнөөсү жок
Айтууга акым да жок
Доорлор алмашышат
Жашоолор өзгөрүлөт
Сырты эмес ички дүйнөсү
Изилдөө талап кылат
Баарысы тарых болот
Жашаган өткөн доор
Өмүрдүн баскан жолу
Баары чындык тарых
Башынан басып өткөн
Турмуш деп жашап өткөн
100 жылдар өткөн кезде
Ал жомок болуп кеткен
Ишенбей кээ бир кеткен
Ааламда ал сакталып
Чын тарых угуп ал деп
Уктуруп берип кеткен
Периште кабар берип
Пендеси байланышып
Жазылып ал алынат
Бул илим болуп кетет
Ааламдын биримдиги
Ушундай болуп өтөт
Тарыхта калып кетет
Ааламдан илим менен
Ич дүйнө байып кетет
Илимдүү болуп кетет
Тарыхта алтын тамга
Жазылып калып кетет

Кээ бири урпактардын
Тарбия, таасир алып
Баш оту менен кирип
Чыныгы билим менен
Дүйнөнү ал аралап
Атак даңк алып кетет
Арманым жетпедим деп
Армандуу болуп кетет
Анткени илимге өмүр жетпейт
Уланып урпак кетет
Ушулар күйдүрдү деп
Ушагын улам айтып
Айрымдар өтүп кетет
Ишенбей аалам сөзгө
Кол шилтеп далай өтөт
Жашоолор ал ушундай
Айчы жол, кайчы жол бар
Түшүнбөй өтүшкөн бар
Ээ койчу жомокпу деп
Тетири басышкан бар
Баарысы жашоо болот
Агы бар, карасы бар
Күлкүсү, кайгысы бар
Караңгы, жарыгы бар
Арада кыйноо, сыноо
Жашаган пендеси бар
Арада тулпар минип
Арылап кеткендер бар
А кууп өткөндөр бар
Жөөлөп жетпеген бар
Ичинен кектеген бар
Кээ бирде эптеген бар
Беттешип жектеген бар
Баарысы жашоо турмуш
Башынан өткөргөн бар
Көнүгүп бул турмуш деп
Жашашып өткөндөр бар
Өмүрү жетпеген бар
Уланткан урпагы бар

Уурданып изин кууп
Душманы болгондор бар
Таарынба урпактарым
Адам бул тарых болот
Досу бар, душманы бар
Душманың ал жанында
Алыстан душман келбейт
Бир жүрүп сатып кетет
Сездирбей качып кетет
Бийликке келген кезде
Душманың күчөп кетет
Ич душман, сырт душман деп
Көбөйүп дагы кетет
Жашоо бул күрөш деген
Тарыхта аты калган
Ар дайым ак жүрөк бол
Элиңе жүзүң жарык
Өлсөң да изиң жарык
Урпагың баш көтөрөт
Жашоодо ошол керек
Артында калган изиң
Атак даңк алып берет
Урпакка жарык берет
Ааламдан берген билим
Байгеден алып чыгат
Береке байлык болуп
Башына бакыт конуп
Бактылуу өмүр сүрөт
Жүрөгү таза болсо
Жүргөнү ак жол болот
Алладан тилеп жүрөт
Амалкөй алданбастан
Насибин терип жүрөт
Алланын ал насибин
Ашыкпай ал жеп жүрөт

Үшүгүр бергенге деп
Нысаптуу болуп жүрөт
Пейилди кенен коюп

Кең пейил, кең дасторкон
Элине жайып жүрөт
Пешене тери менен
Эл ичи жашап жүрөт

Тагдыры тайкы эмес
Элине барктуу жүрөт
Үйүндө урмат, сыйда
Калкына барктуу болот
Ак сакал, ак карыя
Бактылуу өмүр сүрөт

Үйүңө сыйлуу болсоң
Урпагың урматтаса
Калкыңа барктуу болсо
Эли журт тып-тынч болсо
Таза аба салкын желдүү
Асманың таза болсо
Пендеге ошол бакыт
Ден-соолук дагы болсо
Кадырлап баркың билген
Өмүрлөш жарың болсо
Кадырга жетип жүрсө
Жылмайбай күлүп жүрсө
Небере- чөбөрөлөр
Кучактап моюнуңа
Эркелеп ойноп турса
Калтырбай көңүлүңдү
Көтөрүп көңүл турса
Турмушта бутуң тайса
Жөлөшүп таяп турса
Оорусаң эли журтуң
Урпагың, урук-тууган
Абалды сурап турса
Ажалың жеткен кезде
Аземдеп көмүп турса
Салт санаа болуп турса
Жакшы эле кетти эми деп
Бейишти тилеп турса

Жашаган пендесине
Чооң бакыт ошол болот
Арбагың кетпей турат
41 күн үйдө турат
Баарысын сезип турат
Көрүнбөй сага турат
Кураның азык болуп
Ыраазы болуп турат
Арагың аралашса
Капалуу күн өткөрүп
Үйүңө кирбей турат
Арылап кетип турат
Эртеси соолукканда
Урпак деп ал боорукер
Жакындап жандап келип
Эскерип түшкө кирип
Сүйлөшүп сени менен
Кумардан чыгып турат
Жашаган урпагына
Ардайым көңүл бурат
Ак болсо урпактары
Ак жолдо жүргөн болсо
Артыңда ал колдоочу
Кечээги өткөн бабаң
Көрүнбөй колдоп жүрөт
Кыялга салып жүрөт
Кыйналдың балам байкуш
Түшүңдө айтып жүрөт
Түшүңдү байкап көрчү
Укпайсың түшүнөсүң
Сүйлөшүп кумар канып
Бир азга жеңилдейсиң
Пендесиң ишенбейсиң
Байланыш ошол болот
Укпайсың көрүнбөйсүң
Жүрөктөн сен сезесиң
Ой менен сүйлөшөсүң
Оюңда Алла дейсиң
Ак тилек сен тилейсиң

Тилекти берди дейсиң
Сүйлөшүү ошол болот
О дүйнө, бу дүйнөдө
Бирге эле жашоо болот
Баалап сени турат
Куранда Алла сөзү
Жалындап оту болот
Магниттей күчү болот
Апакай нуру болот
Үйүңдө куран турса
Сөзүнөн нуру чыгып
Үйүңдү жууп турат
Сатып ал, сен коюп кой
Жүрөктү тазарттырат
Көңүлдү агарттырат
Курандын нуру менен
Апакай жол ачылат
Канчалык көп окусаң
Көбүнчө сүрөөлөрдөн
Кара күч качып турат
Ак нурун чачып турат
Ак тилеп Алла десең
Бакыт куш конуп турат
Баркыңа жетип турат
Напилди сен окусаң
Намазда ак тилесең
Тилекти накта берет
Ааламда Алла берет
Алланы сен унутпа
Жүрөктө Алла деген
Жазуусу таптак турат
Илимде далилденип
Сүрөтүн тартып турат
Дүйнөлүк аренада
Баркталып куран турат
Тарбия таалим берип
Таасирлеп дагы турат
Бир гана ишенич жок
Кээ бири сезбей турат

Дүйнө деп көр пенделер
Адашып бара жатат
Адашкан айыбы жок деп
Ак жолго түшкөндөр бар
Ич дүйнө агартышып
Алла деп жүргөндөр бар
Бир азга тайсалдашып
Ортодо жүргөндөр бар
Өтө эле ишенимдүү
Кол шилтеп жүргөндөр бар
Аллабыз эркти берген
Ошону ойрон болгон
Өз эрким өзүмдө деп
Эркинче жашаган бар
Кара күч айдап алып
Каткырып кара жолдо
Өмүрүн өткөргөн бар
Өксүтүп өмүрлөрдү
Өзүнчө көпкөндөр бар
Түнөккө түнөбөстөн
Которуп кеткендер бар
Сатылып жүргөндөр бар
Душманга саткын болуп
Өз элин саткандар бар
Таба албай айкын жолун
Адашып жүргөндөр бар
Акылга эрте келбей
Өмүрүн өткөргөн бар
Өмүр бул бир берилет
Адашпай жүрөлүчү
Карайлап кара жолдо
Дүнүйө кууп кетпей
Өмүрдү кесип кетпей
Ак жолдо жүрөлүчү
Баарына үшүгүр деп
Алланын насиби деп
Биз канаат кылалычы
Канаатка карын тоёт
Ашыкча өмүр соёт

Карыя ушул сөзүн
Биз ойлоп жашайлычы
Ушактап кууп кетпей
Элинди бузуп кетпей
Эл менен бирге эле
Ортодо жүрөлүчү
Эр ортон болгон кезде
Урпакка насаат айтып
Биз сыйлуу бололучу
Арагын коелучу
Адашпай жүрөлүчү
Алдабай жалпы журтту
Ак эле жашайлычы
Бир ууч кыргыз элим
Ынтымак, ырыскылуу
Бүлөдөй бололучу
Уруу деп ушак айтпай
Ынтымак бузуп айтпай
Түндүгүм, түштүгүм деп
Урпакты бузуп айтпай
Манастын жолун жолдоп
Арбагын бирге колдоп
Баатырдай баш коштуруп
Атадай бололучу
Долларды уурдап тойбой
Биз соргок болбойлучу
Дүнүйө кууп кетип
Элинден качып кетип
Окулбай , куран болбой
Ит өлүм, болбойлучу
Боорум-ой, боорум-ой деп
Аземдеп көмөлүчү
Акыркы керээз сөз деп
Биз эстеп жүрөлүчү
Урпагы сөзүн ойлоп
Акыркы айткан сөзү
Ынтымак урпактарым
Деген деп жүрөлүчү
Алардын изи менен

Биз жашап өтөлүчү
Жашоолор алмашылбайт
Урпактар улантышат
Улуудан генетика
Уланып алыс кетет
Урпакты биз уулабай
Аска-зоо, тоо суусундай
Ала-Тоо абасындай
Жыпар жыт тоо гүлүндөй
Арча жыт жайлоосундай
Таптаза бололучу
Бал кымыз, ак сүтү деп
Арагын алмаштырып
Ата-эне уруктарын
Ак кардай сактайлычы
Чыныгы тоолук кыргыз
Тоо бүркүт бололучу
Арактан пайда болуп
Шал болуп калбайлычы
Айыкпас оору болуп
Өмүрлөр үйдө өтпөй
Көтөрүп көңүл өспөй
Акыл жок ыйлап өтпөй
Кыялда жорго минип
Кыз жигит жыргап күлүп
Шарактап жаштык кез деп
Суктантып көргөндөрдү
Өркүндөп өнөрлөрү
Өнөрүң өргө чаап
Конкурста дүйнө аралап
Таң калып кайсы эл деп
Кетирбей кол чабылып
Асектей, Мыскалыңдай
Акыркы жылдыздардай
Атактуу бололучу

Атайдай, тоо булбулдай
Аска, зоо шаңы менен
Дүйнөнү биз аралап

Түнкү ай жарыгындай
Биз жарык береличи
Күндүзгү күн нурундай
Жылуулук төгөлүчү
Жылуулук бул мээрим
Боорукер бололучу
Уруу деп биз бөлүнбөй
Бийлик деп биз атышпай
Бир ууч кыргызым ай
Ынтымак бололучу
Энекең таңда келип
Түн орто айда келип
Жарыгын берип турат
Мээрим төгүп турат
Сайраган тоо булбулдай
Энедей сайрап турат
Жаздырган ар бир сөзүм
Акылым- насаатым деп
Урпагым угат го деп
Энекең үмүт кылат
Үркөрдөй кыргызым бар
Үстүңө үйрүлөйүн
Алга деп мен сүрөйүн
Башкага күлкү болбой
Ичиңде түлкү болбой
Өтөө эле койдой болбой
Тебишип жылкы болбой
Коёндой коркок болбой
Жылоолоп бир-бириңди
Жетелеп жүргүлөчү
Рухтун айткан сөзүн
Жээрибей уккулачы
Бийлик деп чалкалабай
Бир-бириң талкалабай
Биримдик болгулачы
Калкыңды калкалабай
Урпакты сен таптабай
Укурук салган кезде
Унчукпас болуп калба

Тизгинди коё бербей
Азыртан бекем карма
Тизгиниң бошоп кетсе
Баш боосуз малдай болуп
Баарысы байкоосуздан
Баш кошпой тарап кетет
Душманча болуп кетет
Жапанмын, кытаймын деп
Мен эркин сүйлөймүн деп
Кыргызча билбеймин деп
Элиңди жээрип кетет
Чет элге эрип кетет
Өзүнүн урпагына
Тарбия берип кетет
Аралаш үйлүү болуп
Биринчи салтың кетет
Салтың жок калкың болбойт
Өз салтың колдонбосоң
Өзгөчө ойлонбосоң
Өзгөрөм, өсөмүн деп
Өрүштөп өйдөлөйм деп
Өз тилиң билбей жүрсөң
Өзгөнүн салтын сактап
Өзүңдү билбей жүрсөң
Тоолуксуң өз салтың бар
Өзгөчө өз баркың бар
Сындырык кылып кетет
Кыйытып айтып кетет
Өз тилиң билбейсиң деп
Мазактап күлүп кетет
Урпагың мазакталып
Уланып анан кетет
Сел өтүп кеткен өңдүү
Кайгылуу болуп кетет
Аягы 10 жыл ичи
Баарысы болуп өтөт
Келечек көрө бил деп
Бабалар айткан сөзүн
Урпагым эстегиче

Эртерээк этек жаап
Өтө эле шашпагыла
Тил кетсе дилиң кетет
Дил кетсе сатылгандай
Кыргызым дебей кетет
Өз тилиң суудай билгин
Чет тилин сүйлөй билгин
Ошондо сен өсөсүң, өркүндөйсүң
Комузду өчүрбөйсүң
Кыргызды сен сүйөсүң
Комузду баалабасаң
Кыргызды баалабайсың
Каныңдын бузулганы
Биринчи белгиң ушул
Музыкаң жакпай калат
Акырын-акырындап
Барктабай элиң калат
Өз тилде ырдабасаң
Булбулдай сайрабасаң
Тоолуктай накта кыргыз
Ак таңдай сүйлөбөсөң
Тил менен дилиң кеткен
Кыргызга сен күйбөйсүң
Каныңан бузук кеткен
Уланып урпак кеткен
Башкача суудай сүйлөп
Өз тилиң чала сүйлөп
Тилимди сен кордобо
Папа-мама, чаң-чуң десең
Чыныгы кыргызсыңбы
Эң эле улук сөздү
Апа- Ата деген сөздү
Сен өзүң чанып турсаң
Тебелеп тепсеп турсаң
Айтпаймын жарашпайт деп
Тебелеп тепсеп турсаң
Башкалар баркташабы?
Ал сени жакташабы?
Бир гана бийлик үчүн

Алынган байлык үчүн
Сыртынан көрүнүшөт
Башыңа мүшкүл түшсө
Жылт коюп качып кетет
Тарыхтар далилдеген
Бул деген бөлүү эмес
Кол кармап бирге жаша
Бир бүлө болуп жаша
Сүйлөбөй, тантырабай
Өз тилиң билип жаша
Салтыңды сактап жаша
Бир – бириң барктап жаша
Урпакты тарбиялап
Каныңды бузбай жаша
Уяңды жылуу жумшак
Мээрим берип жаша
Муз жүрөк болуп өспөй
Боорукер болуп жаша
Түбүңдү ойлоп жаша
Жериңди сактап жаша
Элиңди барктап жаша
Тарбия таалим берип
Урпакты таптап жаша
Улантат жашоону деп
Ишеним берип жаша
Өзүңдү барктабастан
Сен күлкү болбой жаша
Бириңди жөлөп таяп
Көмөктөш болуп жаша
Манастан тарбия ал
Дүйнөнү бириктирген
Кытайын, калмактарын
Кол кармап, достоп өткөн
Бүлөдөй баштап өткөн
Тарыхта аты калып
Дүйнөлүк илим болуп
Акылдын кенчи болуп
Ашыкча тилчи болуп
Өзгөчө көрктүү болуп

Баштаган көсөм болуп
Баш кошуп баатыр болуп
Урпака үлгү болуп
Көңүлү дүйнө бөлүп
Дүңгүрөп тоюн берип
1000 жылда бир эскерип
Чыныгы кыргыз эле
Башка тил билбей өскөн
Дүйнөгө болгон өктөм
Бийликти талашпаган
Атадай тарбиялап
Калмакты балам деген
Кытайды иним деген
Бирге эле жүрөлүчү
Биргелеп жеңеличи
Боз үйдү жандай тигип
Биз коңшу бололучу
Кыяматтык коңшу болуп
О дүйнө барганда да
Бир жооп береличи
Деп ата- баласындай
Баарысын баштап өткөн
Манасым атабыз деп
Баркташып баары өскөн
Жоо келсе бир кишидей
Жер коргоп эл коргошуп
Мээрим төгүп өскөн
Аталык камкордугун
Түбөлүк көрүп өткөн
Атабыз Манасым деп
Боорукер болуп өткөн
Ак үйдө жашап өткөн
4- 5- ке бөлүнбөчү.
Талашып бийлик үчүн
Гезитте тебишпечи
Ич күптүң ачык айтып
Атадай баарлашып
Чылбырды бирөө кармап

Ээрчишип ынтымактуу
Үлгүлүү болгулачы
Крыловдун тамсилиндей
Ит тартыш болбогула
Урпактын келечегин
Азыртан ойлогула
Туш тарап тартып турсаң
Кыргызым кайда барат.
Баарыга түшүнүктүү
Ордунан жылбай калат
Өсүшпөй ал жалдырайт
Тартышып кайда барат
Тартышса тарпы калат
Өзүнө баркы калбайт
Баягы кыргыздар деп
Тарыхта аты калат
Урпака уят болуп
Карашып жерди калат
Тартышса кайда барат
Ойлончу ойчул кыргыз
Ээрчиме кыргызым бар
Арада арагы бар
Баягы шайлоосу бар
Ээрчишип кимге барат
Жылоолоп ээрчитпесе
Урпагын телчитпесе
Тапырап жылкы айдаса
Таралып баш боосу жок
Туш тарап басып кетет
Аягы кандай болот
Ай айлап ким чогултат
Баш боосу колго тийсе
Баштоого кыйын болот
Байланып бир казыкта
Бир багыт алып турса
Баарына түзүк болот
Ураалап бир багытка
Барышса жеңиш болот
Ураалап туш тарапка

Тарашса кызык болот
Анача эле күлкү болот
Күлүшсө бузук болот
Кол кармап бир басышса
Башкага үлгү болот
Урпагы үлгү алып
Улантып үлгү жолун
Ынтымак улап кетет
Уланып алыс кетет
Гүл азык камдап алып
Биргелеп кууп кетет
Жеңиштүү кайтып келет
Желмаян болуп жетип
Эртелеп той – тамаша
Көңүлдүү турмуш өтөт
Тарыхта изи калып
Изденип үйрөнүшүп
Урпагын тарбиялап
Бир тууган болуп кет
Чыныгы ата деген
Узакка тарбиялап
Көрөгөч болуп өтөт
Өтсө да аты өчпөй
Атагы алыс кетет
Жомокто аты калып
Окуса мооку канып
Тарбия таасирдүү деп
Арадан 100 жыл өтсө
Аты өчпөй дагы кетет
Энекең айткан акыл
Үйрөнсөң болот баатыр

Баатырдын баркын билип бакса баатыр
Бет келген жоону жеңип келсе баатыр
Бел байлап элин коргоп турса баатыр
Түн ката кароолдо болсо баатыр

Баатырдын баатырдыгы жүрөгүндө
Жоо келсе кыя чапкан кылычында

Кун кууп желмаяндай жетип барган
Саяпкер, ал таптаган тулпарында
Бек сактап элин коргоп турса сонун
Жоо келсе кебелбестен турса сонун
Тоо гүлүн колго кармап кошо басып
Кыз – жигит кыя жолдо басса сонун

Аш – тойдо акын кошуп турса сонун
Таң шоола комуз күүсү кандай сонун
Кошулуп кошо басып жары менен
Бир басып, жорго минип салса сонун

Кош ооз мынтык алып аска –зоодо
Кооздоп кооз үндү салса сонун
Кошкуруп айбат берген, ак жолборсту
Коркпостон так мандайга атса сонун

Кыргыйды кыя жолдон салса сонун
Ашууда бүркүт түлкү алса сонун
Жигити буруу жерде бурулушта
Кымча бел кызы күтүп турса сонун

Аскада алгыр бүркүт турса сонун
Кызгалдак көздүн жоосун алса сонун
Аш – тойдо аралашып кыз жигиттер
Таң ата көңүлдөрүн ачса сонун

Жайкы күн тоонун гүлү кандай сонун
Аралап жаштык күнү өтсө сонун
Жашынып ашуусунун белесинде
Жигити кызды сүйүп турса сонун

Жарашат ак жоргосун чапса сонун
Саяпкер таптап күлүк бакса сонун
Каткырып калың эл кол чапканда
Кыз – куумай жигит жетип өпсө сонун.

Жылгага жылкы айдап барса сонун
Жылоолоп жигит кызды турса сонун

Басмайыл бошоп барып жигит өөп
Узабай чалкасынан түшсө сонун
Акырын кыз жылмайып күлүп барып
Жигитбек туруңуз деп турса сонун

Белбоодон бекем кармап эки балбан
Тирешип эл алдында турса сонун
Теңсинбей теңине албай турган кезде
Көтөрүп чалкасынан чапса сонун

Аскадан тунук булак акса сонун
Суу чачып кыз жигити турса сонун
Кыяда кызыл арча селкинчекте
Кыз жигит аркы терки тепсе сонун

Суу бойлоп кулун байлап жүрсө сонун
Жардамым керекпи деп жигит келсе
Сездирбей кызы көзүн кысса сонун
Бек кармап кымча белден коё бербей
Бекинип жигит кызды турса сонун
Унутулгус ушул күндү эстейли деп
Эстеликке түбөлүк калса сонун

Баласы атасындай болсо сонун
Өз кызын энекеси тарбиялап
Тамшантып кыз жигитти турса сонун
Илгери, илгери өттү эле деп
Карыя таасир сөзүн айтса сонун

Конушу чаң басканда көчсө сонун
Сырдашып көңүл кири кетсе сонун
Көгүчкөн жар боюнда уясынан
Балапан балдар алып бакса сонун

Каткырык, калың күлкү салса сонун
Карматпай кыз жигитке кетсе сонун
Кыялкеч кызы менен бирге басып
Бурууда бурулушта тартса сонун

Бурулбай кыз бултуюп турса сонун
Таарынтып кол шалдайып турса сонун
Жай кетип, шашты кетип турган кезде
Кыз карап, бир жылмайып койсо сонун

Ат жабдык алтын, күмүш болсо сонун
Катарлап боз үйлөрү консо сонун
Которуп жаңы конуш баштаганда
Жигити кызын алып качса сонун

Келээрки жайкы жайлоо башталганда
Арчалуу бешик үйдө болсо сонун
Конушка аркы - терки конушканда
Арадан 3-4 жылы өткөн кезде
Жетелеп өз балдарын өтсө сонун

Баягы конушта деп эскеришип
Жаштыгын бир эскерип өтсө сонун
Көкүрөк күчүгүм деп бек кучактап
Бооруна бекем, бекем кысса сонун
...байланыш үзүлдү, саат 9.41
Эргешбай ыраазымын.

9 – ноябрь, 1999 жыл саат 12.30
Ошумбек олуянын өзүнүн айтуусу менен жазылып алынган

"ОШ БАЯНЫ"

Ош баяны Ошумбектен башталат. Оштун өз тарыхынан баштайын. Бул мындан биздин заманга чейин 20 – кылымдан нары 60 кылым өткөн. Ошол 60- кылымдын 24- кылымында биринчи болуп Ошко биз келген элек. Азыр Ошко 5600 жыл толду. Аны тарых кийин далилдейт. Азыр илимдин күчү жетпейт. Далилдер Сулайман тоосунун түбүндө жатат (ийдиш, жазуулар, адамдын денеси (6,30 м) сандык мумуялан-

ган, ичинде көп нерселер бар). Анда биз Ким Алай (Гималай) тоосунан 4-төө минген кыргыз жигиттер алыска азык камдап, саякатка жөнөдүк. Ал кезде алыска саякат жасоо өзүнчө кызыктуу иш эле. Себеби эл, жер бетинде өтө аз болгон. Баары мейкин талаа, токой, чөл, жаныбарлар дүйнөсү эле. Бир жарым ай жол жүрүп, ал төртөөбүз азыркы Оштун дарыясынын жээгине келип кондук. өзүнчө эле зоопарк экен. Жаныбарлар, канаттуу куштардан башка бир жан жок экен. Азыркы мечит турган жерде 4 арча бар экен, төөлөрдү төртөөсүнө байлап, биз жөө тоого чыктык. Азыркы Бабур үйүнүн ордуна келип эс алып олтурдук. Айлананы карадык, мейкин кооз жер экен. Ал убакта гүл азык деген тамак камдап, алыска айлык – күндүк жолго чыгышкан. Ошентип гүл азыгыбыз түгөнүп, айбандардын, куштардын этин, жумурткасын чийки жешке аргасыз болдук.

Ошумбек улуусу, кичүүлөрү Орунбек, Ойлуубек, Оморбектер элек. Биз бул жерде бир ай эки күн туруп жердин кооздугуна көнүп, бул жерге жашагыбыз келди, бирок айылга барып кабар берүү үчүн кайра кеттик. Азып, тозуп жеттик. Көргөндөрдүн баарын жомок кылып айттык. Ким Алайдын ызгардуу суугунан тажагандар биз менен экинчи жолу азыркы Ошко 32 төө менен жигиттер келдик. Алачык куруп терини тескери жаап жашай баштадык. 3- ай 5 күн болгондо он бири элибизге жөнөштү. Айылга барышып, кызыктуу жомоктой кылып айтышат. Кооздугуна, мөмөлөрүнүн даамдуулугун уккан эл баары кызыгат. Айрыкча сүйлөшкөн кыздары кошо келип, өзүнчө түтүн булатып жашагылары келишет. Бирок ата – энелерине айта албай толгонушат. Кыздар бир жеңесин Жеңишкүл дегенди чакырып алып сыр чечишет да бир чечимге келишет. Жалаң айылдын жаштары, кыз –келини шаан-шөкөт курабыз деп сүйлөшөт. Ата – энелери макул болушат. Жаштар баягы 11 жигит кошо уналарын камдап, тымызын даярданып чыгышат. Жигиттер сүйгөн кыздарына да 11 төөнү билгизбей бир күн мурда тоого жөнөтөт. Бир гана Жеңишкүл гана билет. Биринчи эле күнү Ошумбек баштаган, 22 кыз – жигиттер азыркы Ош аймагын көздөй жөнөшөт. Калгандары тоодо шаан – шөкөт курушат. Алар эки топ болуп ойнойбуз деп гана коюшат. Жеңишкүл ичинен сыздап, не деп жооп бере-

мин деп кала берет. Жаштыктын деми кандай күчтүү, сүйүүнүн күчүнө айла барбы деп ойлойт 6-чы күнү айылга келишет. Алар өздөрүнчө кетишкен, келип калышат деп коюшат. Эки күн өткөндөн кийин, эл дүрбөлөңгө түшүп издей башташат. Төөлөрдүн издери менен кууп жөнөшөт. Акыры арып – чарчап кайтышат да, аларды Ошумбек баштап кеткен, баягы мактаган жагына деген туюмга келишет. Кыз качты деген салт ошентип башталат. Алар Ошумбек баштаган жерге келип, кооздугуна кызыгып, өз жерин унутуп жашоосун улантат. Ошентип кыргыздар дагы бир жерге ээ болот. Ал кезде жер ээледим, мени деген ой болбогон, жөн эле биз жаңы конушта жашап атабыз деп коюшкан. Жылдар өттү, балалуу- чакалуу болуп өздөрүнчө бир айыл болот. Төөлөр суу бойлоп эркин жүрүшөт. Бир күнү Оморбекти түштө даректын түбүндө уктап жаткан кезинде, жылан чагып өлтүрөт. Оморбектин Ак төөсүн эч ким энчилегиси келбей, ал төө суу бойлоп суунун башына, аягына барып, баарын ыйлатат. Ошентип ал төө кез – кезде көрүнүп коюп жүрө берет. Күйүтүнө чыдабаган бура болуп буркулдап, адамды өзүнө жолотпойт. Ак бура тиерде жүрү, биерде жүрү деп, акыры ал өлүгүн көрсөтпөй жылдар өтүп жок болот. Элдер Ак буура жүргөн суунун башына бардым, аягына бардым дешип, кийинки урпактарыбыз жөн эле Ак буура суусу деп коюшат. Ак Бууранын руху азыр да көзү ачыктарга көрүнөт. Ак Буура мазары деген да жер болгон ээси Ак Буура болуп калган. Кийин Пакистан тараптан да кыргыздар келип алар өзүнчө айыл болуп олтурат. Айыл –айыл, уруу-уруу болуп жашоо ошентип башталган. Ар кайсыл тараптан келгендер өзүнчө обочо жерге жашап калышкан. Тоонун ээси илимдүү молдо эшен экен. Аян берип Ошумбеке илим үйрөттү, Ошумбек көп адамдарга дарыгер болду. Азыр да аян боюнча билим алып китеп жазгандар бар. Касиети күчтүү болуп, көп адамдарга устат болду. Кийин кайда барасың, кайдан келдиң деген сурооого Ошпириме барамын, Ошпиримен келатам деп көп жыл айтып жүрүштү. Кийин кыскартып Ош болуп кетти.

...байланыш үзүлдү саат.1.21

12 – сентябрь 2000 – жыл саат 16.00
БАЙЛАНЫШТА: "КАНЫКЕЙ ЭНЕ"

Ала – тоо арча кайың сырдуу дүйнө
Ааламдан байланышып сыр беребеген
Сыр сандык кылымдарга жаткан дүйнө
Сыр ачып, сыр түйүнүн чечер дүйнө.

Ала –Тоо аскасында сырлар жатат
Сыр катып аска – зоодо аркар жатат
Ааламдан сырдашууга мезгил келди
Сыр ачкыч сыр сандыкка белги берди.
Белгиси аскадагы жайылган таш
Ар бири тарых сырын катышкан таш
Сырдашып сыр ачкычын алган кезде
Сыр ачып, түшкө кирген сүйлөшчү таш.

Сырдуу таш сырын катып тоодо жатат
Кылымга сырын бербей зоодо жатат
Сырдуу таш, кылымдарга сыр каткан таш
Ачкычын алган кезде айтууга маш.

Жашоонун доорлору өткөн кезде
Доордун окуясы катылган таш
Ташына кино болуп калган сүрөт
Ачкычын алган кезде өзү сүйлөйт.

Ааламдан сүйлөшүүгө буйрук келет
Ачкычын алган пенде салам берет
Муңканып муңу чыкпай, сактаган таш
Чыныгы так тарыхты айтууга маш.

Таш сыры, тарых сыры, илим сыры
Кыргыздын ташка берген белектери
Кыргыздын көтөрүүчү желектери
Ташында илим жатат, тарых жатат
Такталып, аныкталчу баары жатат.

Сүрөтү кино болуп калтырылган
Сыртына сүрөт болуп, ал тартылган

Акылдуу кыргызымдын бабалары
Илимди белегим деп ташка баскан.

Байыркы бабалардан акыл – насаат
Катылып, сырдуу болуп, ташта жатат
Ааламдан кыргызыма түшкөн илим
Жазылып аска – зоодо жаткан илим

Ачууга аска – зоону араласа
Ачууга өмүр жолун, ал арнаса
Ачылбайт аалам ачкыч буйрубаса
Кыргызым өсүп өнгөн өлкө болгон
Ааламдан эң биринчи келген болгон
Дүйнөгө эң биринчи ал таралып
Илими аска- зоодо калган болгон
Бир гана аалам жакта арманыбыз
Атейисмин ишенбейм деген жооп
Түшүнүүгө чама жок калганыбыз

Урпак үчүн ааламдан биз келгенбиз
Аалам жактан илимди биз беребиз
Тарбиялап урпакты билим менен
Унутулган тарыхты биз беребиз

Аалам билет тарыхты, жылдыз билет
Өз тарыхын кылымга сактап жүрөт
Сугарылып илими ташта жүрөт
Белек кылып бабалар берген экен
Ташка сактап илимди калган экен
Аскасында жайылган илим ташы
Оңой менен бербеген бекем экен
Бек сактаган илими кымбат экен
Таң калтырат дүйнөнү ошол илим.

Кылымдарга сактаган ыйык илим
Илим жолун жолдогон пендеси бар
Кыргызыма арнаган олжосу бар
Кыргызымдын бактысы болжолу бар
Сакталуучу Оштогу олжосу бар

Кылымдардан кылымга сактап келген
Кыргыз билим белгиси, бергиси бар
Манас ата̀ң сактаган алтыны бар
Салам айтып бир келет, сен билип ал
Энекеңдин барктаган белеги бар
Кыргызыма анын да кереги бар
Бир кезекте болуучу тереги бар.
Алп кара куш ааламда жүрөгү бар
Энекеңдин Аллага тилеги бар
Кыргыз үчүн арнаган түнөгү бар
Рухтардын тилеги бирөө гана
Бек сактаган белегин дүйнө элине
Даңазалап кыргызга ачып берүү
Бермет шуру бекитпей тагып берүү
Таш жайыкта (саймалуу таш)
Жайылган билим жатат
Ачылбаган илимдин кенчи жатат
Аллабыздын буйругун күтүп жатат
Сыр сандыкта сыр күтүп, бачым жатат
Кыргызыма түбөлүк акыл жатат.
Ачылбастан армандуу болуп жатат
Арман күүсүн чечишип акыл жатат

Ала Тоолуу аскада илим жатат
Сыр ачкычын чыдамсыз күтүп жатат
Ар бир ташты сактаган рух жатат
Сыр сандыгы сыр бербей дагы жатат
Сыртын салбай сырдуу таш сырын айтат
Белеги деп кыргыздын баарын айтат
Бетегелүү майданда беш ташы бар
Беремин деп шашылып, ал да жатат

Бермет шуру тагынган белеги бар
Даңазалап дүйнөгө өрнөгү бар
Бери кел деп белегин бермеги бар
Таш жайыкта жайылып жайма жатат
Жазма кыргыз тамгасы баары жатат

Жайлуу жерде сакталган кыргыз илим
Даңазасын дүйнө эли күтүп жатат

Неужели атеис ишенбейм деп,
Рухтарың көрүнбөйт, мен сезбейм деп
Кыргызымдын бактысын тээп жатат.

Күйүп турат башында жарык жылдыз
Башка келген бакытты колдо кыргыз
Азырынча, орто эле жолдо кыргыз
Оюш – кыйыш жолдосуң ойлон кыргыз
Олжо турат алдында болжо кыргыз.
Атеиссиң билемин илимдүүсүң
Алла алдында чынында бир тыйынсың
Өмүр өтсө жашаган бир рухсуң
Отчётуңа келгенде түшүнөсүң
Өмүр өтөт билинбей өмүр өтөт
Калтырылган көңүлдөр бирге кетет
Калган илим аскада таш жайыкта
Изилденбей, ал жатат бир башкача.

Аалам жатат, Ай жатат, аска жатат
Каткан сырын билдирбей баары жатат
Кылымдардын алмашуу ашуусунда
Сыр чечүүгө камынып алар жатат.

Аалам сыры чечилгис, сырдуу дүйнө
Сырын бербей камтыган кырдуу дүйнө
Байланышып ааламга насип менен
Сыр алышып, сыр чечип берген дүйнө

Сыр чечүүгө ааламга насип этсе
Сынагынан өтүүгө чыда пенде
Кыйноосу бар, ааламдын сыноосу бар
Сыр чечишет сыноодон өткөн кезде
...байланыш үзүлдү: 17.05
Эргешбай ыраазымын.

23- август 2000- жыл түнкү саат 3.15
БАЙЛАНЫШТА: "САЙМАЛУУ ТАШТЫН ЭЭСИ"

Саймалуу ташта салтыбыз
Сайманы сайган калкыбыз
Кылымдан кылым сактаган
Саймалуу таштын ээси биз

Кыргызым тоодо өскөнбүз
Кыраан куш болуп жетилип
Кыргыйек болуп тепкенбиз
Кыйкырып кырда өткөнбүз
Кыр деген бийик жер болот
Кыйкырган кыргыз эл болот
Турганың бийик жер болсо
Үндөрүң бийик эл болсоң
Бийиктигиң билип ал
Көңүлгө бекем түйүп ал

Өркүндөп өсүп жеткенсиң
Кыргызым бардык элден өктөмсүң
Боз үйгө жеткен акылың
Карышкыр баскан такымың
Тоодо өскөн кыргыз баатырың
Баатырдыгын билбестен
Бийиктигиң сезбестен
Кылымдар өксүп жатырың
Байгеге түшсөң күлүксүң
Аш – тойдо төрдө улуксуң
Сайганың сая кетпеген
Сан душман келсе кыйынсың
Албаттуусуң, бүркүтсүң
Тоодо өскөн толук кыргызсың
Сан жылдыздын ичинен
Бийиктеги жылдызсың
Аскада аркар, куш болот
Акылы ашык куш салат
Арчасы жашыл кыш болот
Арчалуу бакта шаңшыган
Аска тоо учуп балкыган

Жаңыртып көңүл көтөргөн
Ак таңдай кыргыз кыз болот
Кыяда жорго салдырган
Аскадан бүркүт алдырган
Алкинчек тээп аскада
Бүркүтчү кесип тандаган
Бир көргөн пенде таң калган
Аскадай кыргыз бийиксиң
Аргымак минсең жарашкан
Таң калып чөлдө карашкан
Аргымак оозун чойдуруп
Жел жетпей учуп бараткан
Эс алып жорго салдырган
Көтөрүп көңүл жүргөнсүң
Көргөндөрдөн өзгөчө
Унутуп тарых өксүбөй
Өзгөчөсүң билип ал
Кыйынын кыргый салдырган
Алкинчек тээп аскада
Балапан бүркүт алдырган
Балдарың өскөн аскада
Аскадай кыргыз бийиксиң
Унутпай аны билип ал
Тарыхыңды тактап ал
Ааламдагы архивтен
Жээрибей эле окуп ал
Ата- бабаң сактаган
Тарыхыңды барктап ал
Барктабасаң тарыхты
Тамгасы жок байкуш деп
Байкуш болуп жүрүп ал
Байкуштугуң түшүнсөң
Жеңи – Жоктун байкушун
Күндүр – түндүр окуп ал
Байкушка өзүң теңебей
Маанисин терең билип ал
Чоң чарык койчу дебестен
Аскада кыргыз илимин
Ардактап ал, билип ал
Ачкычын алган элчини

Ээрчитип барып окуп ал
Кайсы калк экен сайган деп
Өзүңө өзүң таң калбай
Өзгөчө калксың окуп ал
Өлтүрбөй тарых сактаган
Саймалуу таштын ээсин
Таң калбай эле көрүп ал
Өзүмүн ата- бабам деп
Өксүтүп, өзүм жүрөм деп
Өксүтпөй эми таанып ал
Өзүңдүн эле бабаңмын
Сактаган өзүң абаңмын
Өз атаңды жээрибе
Башка эл деп ээрибе
Өзүңдү өзүң өксүтүп
Илимсиз деп тепсебе
Кечеги эле өскөндү
Көкөлөтүп көксөбө
Илимиң өскөн көкөлөп
Аскада турат бөпөлөп
Ааламдан алган Анварбек
Айланып жүрөт корголоп
Өркүнүң өссө кыргызым
Аскада илим корголот
Ким сайган сайма ташын деп
Тааныбай урпак күйгүзбө
Илимдин жетпей баркына
Өздөрү кеткен артына
Илимсиз элди башкарып
Зыяны тийген калкыма
Жетпеген илим баркына

Кыргызды душман жектеген
Тоосуна кууп жетпеген
Илими өскөн кыргыздын
Билими өскөн кыргыздын
Жакындап душман келгенде
Аскада кыргыз мергенде
Душманын жайлап тоңдурган
Жай күнү булут чакырган

Дубалап карын жаадырган
Көк муштум кылып жайында
Душманын муузга тоңдурган
Нөшөрлөп жаан жаадырып
Сел менен өлүк агызып
Коротпой мылтык октору
Өзүнө өзүн жоктотуп
Өз чөлүн көздөй агызган
Өзгөчө илим өркүндөп
Өскөнсүң кыргыз билип ал
Илимге маани бербестен
Өзүңдү өзүң тепседиң
31 тамгаң бар экен
Унутуп урпак кеттиңер
Ааламдан алган Анварбек
Аңдабай аны кеттиңер
Акырында караңгы кыргыз
Байкуш деп
Өзүңдү өзүң тептиңер
Өксүтүп жүрдүң бабаңды
Сактаган ата – бабаңды
Саймалуу ташка сактаган
Илимиң жатат кыргызым
Уруштуруп окусаң
Билимиң жатат кыргызым
Өксүтпөй ата – бабаңды
Өжөрлөнбөй эрте кел
Өзүң келбей алып кел
Тарыхың тактап билип ал
Аскадагы илимди алдастабай таап ал
Ашыгып маани бербестен
Акырын байкап таап ал
Ал отуз бир тамганды
Адаштырбай окуп ал
Алдыңа тулпар токуп ал
Алдыга чапса чарчабас
Чабандес бар билип ал
Уйкусуз тулпар таптаган
Саяпкер бар билип ал
60 жыл таптаган

Актаның бар таанып ал
Ааламда туруп барктаган
Бектениң бар билип ал
Баарысы ата- бабаңар
Абайлап аалам караңар
Ааламда ачкыч илими
Аңдап – таңдап ойлоп ал
Алыстатпай ачкычты
Мээримиң төгүп ал
Ак жүрөктү тазартып
Байланышты түзүп ал
Аскада турган Анварды
Адашпастан таанып ал
Аскадагы илимди ардактап ал барктап ал
Алгачкы кыргыз илим деп
Аңдап –тандап окуп ал
Саймалуу таш тарыгын
Таң калбай эле таанып ал
Сактаган ата- бабам деп
Бек кучактап сүйүп ал
Сезбедим деп күйүп ал
Урпагыңан урпака
Улаштырып айтып өт
Улуулугун кыргыздын
Урпактарым билип ал
Аскасы асман тиреген
Бийиктигиң билип ал
Мактануу эмес кыргызым
Өзүңдү өзүң кордобо
Байкуштар деп зордобо
Бийиктеп жетчи болжолго
Жаштарың түшсүн ак жолго
Түшүнбөй жүрдүң таш жолдо
Такшалып эми жетилдиң
Тай тайлап жолго жүрүп ал
Бири- бириң жетелеп
Аскалуу зоодон ашып ал
Саймалуу ташты таап ал
Сактаган бабаң байлыгын
Сактап ал да, барктап ал

Кыргызыма белекти биз беребиз
барктап ал
Бирөө эмес баарыбыз
Ташка сайма тартканбыз
Сайма деген ал сүрөт
Сүрөт эмес ал турмуш
Анда биздин салтыбыз, баркыбыз
Бүтүндөй кыргыз калкыбыз
Жатырыбыз жалпыбыз
Учурашып биз менен
Жабылып келип билип ал
Саймалуу ташта сыр жатат
Кыргызга керек ыр жатат
Ак таңдай кыргыз акыны
Ырдашып жүрөр муң жатат
Тарых жатат, эл жатат
Тагдыр жатат, так жатат
Бакыт байлык дөөлөтү
Баары жатат, жай жатат
Кылымдардан кылымга белек жатат
Кут жатат
Белегин алып бере албай
Бейкуттукта көп жатат
Белеси жатат, бек жатат
Аша албай урпак таң атат
Таңданып душман карашар
Көргөзмө жатат, көл жатат
Агыны катуу суу жатат
Аскасы бийик зоо жатат
Аркары менен кулжасы
Алыстап качып баратат
Карысы азык таратат
Урпагы узап баратат
Узанып уста көп жатат

Кыргыздын жашоо турмушу
Таш жайыкта (саймалуу ташта)
Жайылып
Жайлоодой жатат, жай жатат
Чарчанып күтүп ал жатат

Күрсүнүп коюп көп жатат
Көмүскө жатат, бек жатат
Берметтей сулуу таштары
Бекитип билим ал жатат
Белегим бермет берем деп
Камынып жатат, барк жатат.
Байлыгы менен дөөлөтү
Байкалбай жатат, бай жатат
Айтылбай далай көп жатат
Кыргыздын көркү сакталып
Көркөмсүз болуп, ал жатат
Көмүскөдө көрүнбөй
Кайгы муң чыкпай, чыр жатат
Талашса баары такталат
Ошондо кыргыз баркталат
Тарыгы анан так болот
Башына бакыт куш конот
Байлыгы артып кыргыздын
Бак дөөлөт келет, кут келет
Ааламдан Алла колдосо
Жеринде бакыт орносо
Бакыт куш элге бир конот
Саймалуу таштын тарыгы
Кыргызга тийген жарыгы
Тарыхынын аныгы
Арнаган кыргыз калкына
Сактаган Алла белеги
Дайыма тийет кереги
Кыргыздын болот желеги
Акындар ырдайт сайма деп
Кол чаап турат сайра деп
Кетирбей турат кайра деп
Илимпоз турат бийиктей
Аскада турат кийиктей
Алысты көрөт иликтей
Арчасыз жерде жайма таш
Изилдеп жүрсө келбе таш
өмүрүң жеткис чексиз таш
Белекке бергиз бекем таш
Кызыгып көрсөң келбес таш

Сай - сайда жаткан таштары
Тарыгы болот баштагы
Илимдин болгон башаты
Эгиндин болгон кош аты
Бардыгын ташка жайлаган
Сүрөтү турат бир ташта
Желеге кулун байлаган
Жылгага жылкы айдаган
Нак кыргыздын турмушу
Таранып турат бир кызы
Айылдын эле жылдызы
Жакада турат кундузу
Тиги айылдын нур кызы
Нурданып турат нур берип
Нурданган ташка түс берип

Нурданган ташта сыр жатат
Жазылчу дастан, ыр жатат
Чыныгы акын ырдаса
Түгөнбөс байлык, муң жатат
Кыргыздын кылым карытар
Тарыгы жатат, так жатат
Башына конгон бак жатат
Сергитип көңүл ачышкан
Кыз – жигит ташта бир басат
Үн кошуп бирге ырдашат
Коштошот комуз күүлөрү
Таштарда болот үйлөрү
Рухтар ага жайгашып
Булбулдай турат сайрашып
Бирине- бири үндөшүп
Өзүнчө ташта турмуш бар
Байкаса ташта укмуш бар
Укмуштан чыгат укмуштар
Укмушта укмуш турмуш бар
Укмушту тарткан бир кыз бар
Саймалуу ташта сайраган
Сайраңдап жүргөн акын бар
Ар бир ташка жакын бар
Бир кезде элдин акыны

Руху таштын жакыны
Уламыш болуп жатыры
Азыр да тарых акыны
Саймалуу таштын ээси
Тамшанып күтүп жатыры
Аскада бийик отуру
Тарыгын айтып берем деп
Камданып дайым отуру
Үмүтүн үзбөй урпактан
Күткөнсүп карап отуру
Күрсүнүп коюп жөтөлүп
Чоң үмүт менен олтуру
Үмүттү урпак актайлы
Байланышты барктайлы
Сыр айтып сырды чечишип
Сырдашуу жерден баштайлы
...байланыш үзүлдү, саат 6.40
Эргешбай ыраазымын.

КАНДАЙЧА БУЛ ИШКЕ АРАЛАШЫП КАЛГАНЫБЫЗ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА БАЯН

Бизге белгисиз болгон Рухтардын арасынан Актаң баатыр деген, мен сени 60 жыл сездирип, сездирбей тарбиялап келдим, эми убакыт келди ааламдын ачылбаган сырларынан сага берер сырлары көп, Ааламда сага келчү периште көп, айтууга ички сырын камдап турат, ар бири сыр чечишип, муң чыгарып, жеңилдеп, сага келип кетип турат. Ойлонбо ойлуу Эргешим, мындан ары сен жазганды бил, ал эми калган уюштуруу маселелерин Кеңешбек аркылуу чечебиз. Аны да биз атайын даярдап келип сага жолуктурдук. Экөөң эриш аркак болуп бирге иштейсиңер. Силер жөнүндө Рухтар биз кам көрүп турабыз деп кагаз бетине бадырайтып жазды-рып койду.

Мени таң калтырганы ушул маалыматтардан кийин менин жан дүйнөмдө кандайдыр бир тынчсыздануу башталды. Бир ордумда олтура албай, эч нерсеге көңүл чаппай, Кербенге келип Эргешбай агайга жолугушууну эле самап туруп алдым. Бул эмнеси, эмне болуп жатам деп өзүмдү өзүм токтотууга аракет жасадым, бирок эч жыйынтык чыгара албадым. Акыры тобокел Кербенге барып көрөйүнчү эмне сыр мени күтүп турат экен деп Кербенге келдим. Уметалиева көчөсүндө жашаган Фарида эженикине бардым. Ал киши Эргешбай агайдын досунун аялы. Ал кишиден Эргешбай агай айылынан Кербенге келип жатабы деп сураганы барган элем. Биз сүйлөшүп бир топко олтуруп калдык. Аңгыча сырттан Эргешбай агай кирип келе жатат. Ал киши мени көрө коюп, ой тобо ушундай да болобу деп жакасын кармады. Эмне болду деп таң кала карадым. Мен токойго барып отун алып жатсам, сен азыр тез Кербенге жөнө Кеңеш келип күтүп жатат деп шаштымды алышты. Үйгө келип Кербенди көздөй жөө эле чуркап жөнөдүм, жолдо кандай келгенимди байкабай калдым. Билбейм мындай абалга туш болбогон элем. Баягы сага жолуккандан бери менде тынчылык жок. Мен баланчамын, мен түкүнчөмүн деп өз баяндарын жаздыра башташты. Эң кызыгы бирөөсү Актаң баатыр мен боломун сени 60 жыл тарбияладым, эми жакындан таанышабыз, мындан

ары өмүрдү бирге өткөрөбүз дейт деп таң кала айтты. Мен болсо өзүмчө эле кубанып, бир жакшы нерсе боло тургандай эле ордумда олтура албай калдым. Күтүлбөгөн эле жерден Эргешбай агайга кеңеш бере баштадым. Сиз жогорку күчтөр аркылуу маалымат аласыз. Сиз аркылуу жаздырышат. Сиздин милдетиңиз жазып алуу десем, ал киши чоочуп кетти кой балам эмне деп жатасың, мен эч нерсени сезбесем, көрбөсөм, ким экенин билбесем, жашым 60 ка келгенде шерменде болбоюн, кой жөн эле тирилик кылайын деди. Бирок мени кандайдыр бир күч сүйлөтүп жатканын сезип калдым. Мен айтайын деген ой айтылбай, оозумдан башка сөздөр айтыла баштады. Мен агайларга сездирбегенге аракет кылып, канчалык өзүмдүн оюмду айтайын десем болбоду. Эргеш агайга кадимкидей басым менен көрсөтмө бере баштадым, өзүм ичимден уялып, кыйналып бүттүм. Сизге берилген жол, жогорку күчтөрдөн суроо жооп менен маалымат аласыз. Кагаз бетине суроону жазсаңыз, алар жооп беришет десем, ошондой да болчу беле кой балам деди. Жок сиз азыр кагаз калемди колго алыңыз, жаздырышат десем мага эмне дээрин билбей ручка кагазды колго алганда эле жаздыра башташты. Биз силерди атайын алып келип жолуктурдук, экөөң эриш-аркак болуп биз менен бизге элиңерге кызмат кыласыңар. Бүгүндөн баштап тузуңарды коштук деген сүйлөм да арасында жазылып кетти. Кызык тузу кошулган адамдар бир үй бүлөөдө жашаган адамдар болот, бул эмне деген табышмак деп ойго баттым. Агай аркылуу кандайдыр бир сырдуу нерселер ачыла тургандай туюлуп жатты. Мен агайга суроо берип сырткы күчтөрдөн жооп алгым келип, бассам турсам түйшөлө баштадым. Ал кишиге жолукканча шашам. Бассам турсам эле оюмда Кыргыз улуу эл болгон, байыркы эл болгон, эмне үчүн алфавити болгон эмес, жок, болуш керек, бизге окшогон эле элдердин өз алфавити бар деп толгоно бердим.

Бир күнү Эргешбай агайга айттым ушундай болуп жатат, сиз космостон сурап көрбөйсүзбү балким Кыргыздын жазуусу болсо, кыргыз алфавитин жаздырар десем, чоочуп кетти. Мен болбой сизге жаздырат оюңузга алып коюңуз ушул суроону, бар же жок деп айтышат десем, күлүп мейли сен айткандай эле болсун деп жумушка кеткен. Кечинде Фарида

эженин үйүндө жолукмакпыз, мен эртерээк барып күтүп олтургам. Агайым мени көрүп күлүп келе жатат, Кеңеш сенин заказыңды космостон аткарышты, сени бекер түйшөлтпөптүр. Кыргыздын өзүнүн тамгалары бар экен, жолдо келе жатсам белги болуп калды, колума жарым барак тийди эле, жаза баштасам эле кыргыз тамгасы деп, бул белгилерди кагазга түшүртүп маанисин чечмелеп койду. Азырынча 11 тамга калганын да жаздырабыз деп бүтүрдү деп мага жарым барак кагазды сунду, мен аябай толкунданып көзүмө да жаш айланып кетти. Ошондо мен башкача бир абалга туш келдим. Аны сүрөттөп да албайм. Ошентип агай аркылуу кыргыздын байыркы 31 тамгасы бар экени такталды. 31 тамганын келип чыгышы жөнүндөгү тарыхы да жазылып алынды. 2000- жылы Аалам газетасына басып чыгарган элек.

Ноябрь айында 1999- жылдын төмөндөгүдөй маалымат жазылды.

Эртең Кеңешбек Өктөмгө барып айтсын, ал күйөө баласына айтсын Жунай Мавлянов атындагы лицей-мектеп интернаттан силерге жатып иштегенге шарт түзүп берсин, жатакананын бурчундагы бөлмө деп, бөлмөнү да аныктап коюптур. Өктөм эженин күйөө баласы ошол интернаттын директору. Мен аткарылабы же аткарылбайбы деп текшерип көрүүнү туура көрүп, Өктөм эжеге барып айтсам ал киши таң кала ойлонуп олтуруп эгер Эргешбай маалымат алып жазып жатса бул жөнөкөй нерсе эмес, ал киши көзү жетпесе мындай нерсеге аралашпайт эле дегенде эшиктен күйөө баласы кирип келди, экөөбүз тең шашып калдык. Өктөм эже биздин маалыматты күйөө баласына ыгын таап айтып түшүндүрдү. Мени жүрүңүз деп ээрчитип кабинетине алып барып, орун басарын чакырып бул кишилерге ылайыктуу бир бөлмө таап бериңиз деди. Ал киши мени ээрчитип жатаканага алып барып, түз эле космостон белгиленген бөлмөгө кирдик, боюм дүркүрөп бирөө күтүп тургандай туюлду. Сыр бербестен бөлмөнүн ачкычын алып агайга келип жүрүңүз космостун бул тапшырмасын аткарып көрөлү, дагы бизди кандай сюрпризде күтүп турат бара көрөбүз деп. Эртеси ошол бөлмөдөн жолукмак болуп үйлөргө жөнөп кеттик. Үйгө барып бала чакага айтып түшүндүрүп, менин ден соолугум ушул сырткы күчтөр ар-

кылуу дурус боло турган болсо, мен алардын көрсөтмөсүн так аткарып көрөйүн, силер мага көңүл бурбай өз тиричилигиңерди жасай бергиле. Силерди кудайга тапшырдым, мен башка салганды көрдүм деп эртең мененки автобус менен Кербенге келе бердим.

Лицейдин жатаканасында 1,5 ай күнү түнү иштедик. Манас Атанын Рухунан баштап биз билбеген рухтар келип кадимкидей белги берип өздөрү жана кыргыз жөнүндө маалыматтарды берип жатышты. Бир топ маалыматтарга эксперимент жасадым туура чыгып жатты. Ишенбейин десем, ишенимдүү жактары көп. Бир күнү эле Аксынын ордосу мейманканага барып жашайсыңар деген маалымат берилди. Бул жерде бекер жашап жатабыз ал жерде мейманкана акысын төлөөгө туура келет. Өзүбүз айлык албасак кандай жашоо болот деп бул маалыматка ишенимсиз карадык. Силер ойлонбогула биз силер үчүн баардык шартты түзөбүз. Силердин милдетиңер так аткаруу деген билдирүү болду.

Мен агайыма кайрылдым сураңызчы бизге ким жардам берет бул маселеде. Сураса Ибраимов Кеңеш, Озокеев Эргешаалы жардам берет деген маалымат кетти.

Эртеси мен көчөдөн бара жатсам Ибраимов Кеңеш аке жолугуп ал – жайды сурап калды, мен болуп жаткан окуялар тууралуу маалымат бердим. Ал Эргеш агайды жакшы тааныйт экен. Эгер Эргешбай болсо мен ага ишенем. Силерге шарт түзүп бериш керек экен да. Силерге кандай жер ылайыктуу деп сурап калды, мен бизге иши кылып иштегенге ыңгайлуу жер болсо болду ошол жерде жашап иштей беребиз дедим.

Мен өзү жөнүндөгү маалыматты айтканым жок, кандай болоор болду экен деп сынап турам. Жүр үйгө барабыз деп машинасына салып үйүнө бардык, аялы Анаржан эжеге биз жөнүндө айтып, буларга иштеп, жашаганга жай керек экен, ылайыктуу жай барбы, ойлонуштуруп көрчү деди, ал эже синдисинин менчик мейманканасын айтты. Менден сурады болобу ошол жер деп, жашаганга бөлмө болсо эле болот десем, анда кеттик мейманканага, барсак өзүнчө бөлмө жок экен, мен кирип чыкканда жолто болот го деп ыңгайсыз абалда калдым. Бирок ичимден космос-

тун маалыматы туура келбей калды деп ойлоп турам. Аңгыча эгер бул жер туура келбесе, тигил мейманканадан алсак кандай болот деп сурады. Эгер өзүнчө бөлмө болсо болот дедим, анда кеттик ошол жерге барабыз. Администратордон дурусураак бөлмө барбы эч ким жолто болбой турган эгер болсо бул адамдарга бериңиз, акысын мен каржылайм деди. Бизди №30-бөлмөгө алып барды. Ошол жерде 2001 – жылдын октябрына чейин жашап, иштеп, күнү – түнү сырткы күчтөрдүн көрсөткөн жолу менен болдук.

Бишкек шаарына келип, ушул күнгө чейин бирге иш жүргүзүп келе жатабыз. Ал эми Кербендеги мейманкананын акысын Озекеев Эргешалы менин силерге жардамым деп өзү эле демилге көтөрүп, акысыз жашатты. Кербенге караганда Бишкекте жашоо өтө кыйын, кандай жашоо болот деп, тобокелге салып келе бердик. Пенделерге айтып жеткирүү кыйын, бирок бизге шарт түзүлүп жашоо турмуш күндөн күнгө оңолуп, коомчулук менен иш жүргүзүүгө жетиштик.

Биз бирөөлөрдүн көзүн карап иш кылганыбыз жок. Болгону барга да, жокко да кайыл болуп буйруган насипти терип жеп, жогорку күч дейбизби, сырткы күч дейбизби, иши кылып көрүнбөгөн бир күчтөрдүн маалыматына таянып иш жүргүздүк.

Бул күчтөр адам баласына жакшы жашоого жол көрсөтүп, жакшы болууга чакырганы болбосо, терс жагын көрө элекбиз.

Биздин максат параллел дүйнөнүн (же жогорку күчпү) айтор көзгө көрүнбөгөн күчтөр менен тыгыз байланышта болуп, алардын бизге берген маалыматтары боюнча так иш алып барып, бизди кайда алып барат, оң жагынабы же терс жагынабы, ар бир кадамыбызга анализ жасап, сырткы күчтөр менен байланышууга болобу же жокпу деген жыйынтык чыгаруу.

Эмесе бизге багыт берип жол көрсөтүп, тарбиялап келе жаткан космостогу устатыбыз Актаң баатырдын акыл-насаатына көңүл буралы.

11.02.2001 саат түнкү 3:27
АКТАҢ БААТЫР БАЙЛАНЫШТА

60 жыл таптагам
Мен өзүңдү барктагам
Мен ыраазы Эргешбай
Үмүтүмдү актаган

Азып жүрүп таптагам
Ардактагам, барктагам
Азаматсың Эргеш дос
Эмгегимди актаган

Үмүт менен таптагам
Үмүт үзбөй барктагам
Үмүтүмсүң Эргеш дос
Үмүтүмдү актаган
Аалам жактан таптагам
Адашпастан барктагам
Айкөл Манас өңдөнүп
Мен ашыкпастан таптагам

Алыс жактан таптагам
Акырындап барктагам
Адаштырбай ак жолдон
Айдап жүрүп таптагам

Азамат деп таптадым
Ак жолдо деп барктадым
Аалам жакты аралап
Айтып кабар барктадым

Бир Алланын буйругу
Адаштырбай кармадым
Байланышты түзүүгө
Бүт өмүрдү арнадым

Айланайын Эргешбай
Кана эмесе чуркагын

Болуп калды саат төрт
Эрежени бузбагын
(таңкы саат 4:00 дө 3 кмге чуркап келебиз)

Эрегишти эңсеген
Эркелеткен бууданым
Эзелтеден байгеден
Озуп чыккан тулпарым

Аалам жактан байкадым
Сен арыштап чуркагын
Ааламдагы Актаның
Таңда сага ыктадым.
Ымыркайдан бирге өскөн
Ырыс берген Актаның
Ырыскылуу досум деп
Бек кучактап жыттадым.
Байланышты баштаган
Уйку безип таптагам
Саяпкериң мен болом
Бек жылоолоп барктаган
Барар жериң таптаган
Мен ыраазы Эргеш дос
Бар үмүттү актадың
(дос деп эркелетип макташчу)

Эсиңдеби Эргешбай
Эркелетип айдагам
Караванга чурка деп
Эс алдырбай айдагам

Актан баатыр менмин деп
Эс оодарып кармагам
Өмүрлөшүм Эргеш дос
Өксүтпөстөн кармайын
Өрүш менен өйдөлөп
Ай ааламга айдаймын
Аралатып жылдызды
Амандашып кармайын
Түбөлүккө дос болуп

Бүт өмүрдү арнаймын
Өйдө турган жылдызды
Белегим деп арнадым
Бек кучактап кармагын

Уйку безип Эргешбай
Эмгек менен кармагын
Өмүрүндү арнагын
Аскадагы бүркүттөй
Тапка келип алысты
Талыбастан карагын

Аскадагы Актаның
Абайлаган бакканың
Ааламдагы Актаның
Кабар берип тапканың
Камчы менен чапкылап
Мазарларда таптадым
Эсиңдеби аскада
Жер кучактап жатканың

60 жыл алыста
Жанашпастан таптадым
Жакындашып барганда
Жалт бурулуп качпадың

Абайлаган Актаның
Акырындап таптадым

Байкатпастан байырлап
Байырлашып таптадым
Баарын жеңип чыгат деп
Саяпкермин таптадым
Чабандестей чапканым
Чарчабайт деп алыска
Уйку бербей таптадым

Алып чыгып аскага
Алыс көр деп баштадым
Актаныңдын үмүтүн
Азаматсың актадың

Аалам жылдыз кабарын
Акырындап аласың
Азырынча сен ага
Канаат кылбай жатасың
Кызыгына жылдыздын
Кызыгып сен батасың
Кызууланып чыга албай
Уйкусуз түн атасың
Уйкусурап ак таңда
Ушалап көз ачасың
Урмат менен сый менен
Узун өмүр жашайсың
Улуулугуң өркүндөп
Урмат сыйда жашайсың
60 жыл таптаган
Эмгегимди билесиң
Ары чап деп мактаган
Сөз маанисин билесиң

Том, том кылып кабарды
Жазган кезде билесиң
Кызыл жүзүң кубарып
Азган кезде билесиң

60 күн суу ичип
Арыбасаң билесиң
150 жакындап
Карыбасаң билесиң
Жомокто жок пенде деп
Жазган кезде билесиң
Ак жүзүңдөн нур чачып
Турган кезде билесиң

Аалам менен байланыш
Жасаганда билесиң
Аллабыздан буйрукту
Алган кезде сезесиң

Аралашсаң ааламга
Нур келгенде сезесиң
Араласаң жакындан
Күн келгенде билесиң

Байланышып Актанга
Бир жүргөндө билесиң
Жаңы тарых барагын
Ачкан кезде билесиң

Камырабай бек уктап
Жаткан кезде билесиң
Элес болуп түшүңдөн
Өткөн кезде билесиң
Актаныңдын эмгегин
Аткарганда билесиң
Алыс сапар кам көрүп
Таптаганда билесиң
Ак эмгектен үмүттү
Актаганда билесиң

Булут болуп ааламга
Барган кезде билесиң
Ак нур алып ааламдан
Төгүлгөндө билесиң

Карып болгон тарыхты
Ачкан кезде билесиң
Эски тарых барагы
Жарык болсо билесиң

Жылдыздардан төгүлүп
Сөздөр келсе билесиң
Мени жаз деп кезектеп
Көздөр келсе билесиң

Жылдыз болуп төгүлүп
Нур келгенде сезесиң
Таамай сөздү жазгын деп
Үн келгенде сезесиң

Алмаштырбай так жаз деп
Буйруганда сезесиң
Уйку көрбөй так жазып
Барктаганда сезесиң
Ар бир сөздүн маанисин
Тактаганда сезесиң

Аалам жактан ак шоола
Келген кезде сезесиң
Аалам сөзүн баркта деп
Кабар берсе сезесиң
Жылдыздагы кабарды
Жазган кезде сезесиң
Жымыңдаган нур келип
Жылыганда сезесиң

Аалам сырын ачууга
Өмүр жетпейт, ким билет?
Бек байланып киришкен
Пенде билет, Эл билет

Араласа жылдызды
Арбак билет, дух билет
Арнап тарых жаздырса
Өткөн өмүр пендеси
Рух билет чындыкты

Рух сөзү чындык сөз
Аркы дүйнө ал сөзү
Анык тактап жаздырган
Өткөн өмүр, көргөн күн

Сезиминде жашоосун
Алып кетет о дүйнө

Эскеришип жашоосун
Эскертишет пендеге

Ааламдагы айкын сөз
Алып келсе далил сөз
Акыл-насаат жаздырса
Пендесине бакыт сөз

Аалам сөзүн акыл менен укkан жакшы
Байланыштын баркына жеткен жакшы
Баарлашып ааламга ою менен
Жашоосуна бакытты тапкан жакшы

Жылдыздардан жылуу сөз алган жакшы
Жылуулугун сөздөргө канган жакшы
Жылуу нуру пендеге таасир берип
Жыргал турмуш тартуулап турса жакшы
Аалам жактан бейтааныш болсо жакшы
Жол көрсөтүп берсе жакшы
Ак пейилдүү пендени алга баштап
Рух сөзү таасирин берсе жакшы

Айрылбайт сенден Актаның
Арыбай чаап, мактадым
Алмаштырбайм эчкимге
Ааламдан издеп тапканым

Жылооң менде Эргешбай
Жылмышып колдон чыкпайсың
Арыбай алыс учасың
Айдаган Актан шумкарсың

Таптаган Актан шумкарсың
Таң калтырып учарсың
Саяпкер Актан буудансың
Бурулбай көккө учарсың

Чабандесиң Кеңешбек
Чапканда Эргеш сезерсиң
Озуп чыгып байгеден

Жеткенде Эргеш сезерсиң
Жердеги Кеңеш саяпкер
Таптаганга таң калам
Уктабаңыз агай деп
Уйкусун алып таптайт деп
Уктатып тулпар бакпайт деп
Камчылап Кеңеш таптаган
Кеңешине таң калам
Экөөсүн издеп тапкам деп
Ааламда өзүм мактанам

Арыган кезде камчы сал
Баса, баса бачым сал
Таштуу жолдо такшалтып
Актаңда Кеңеш таптап ал
Агайыңды барктап ал
Кез келген жерде мактап ал
Эмгекчил агай Эргешти
Эркелетпей чаап ал
Эс алдырып кез кезде
Эркине коюп таптап ал

Ааламдан сага тапшырдым
Алмаштырбай таптап ал
Жердеги сенсиң саяпкер
Уйкусун алып таптап ал
Эл сөзүнө терикпей
Акылдуусун барктап ал

Аалам жердин ортосун
Байланышат Эргеш дос
Кабар алып бек жазып
Сыр алышат Эргеш дос
Дем берип жүр жарчы дос
Айылдан өскөн жакын дос
Айныса акыл кошкон дос
Ар күнү келип күткөн дос
Ойлонуп үйдө жаткан дос
Жардамын берген жан досу
Жанаша жүргөн бир досу

Жабыркатпай досуңду
Жалтактатпай күтүп ал
Ааламдагы Актандай
Жылоолоп камчы салып жүр
Жылдызга карай айдап жүр
Жылт этип качып кетпестен
Жылоосун бекем кармай жүр
Эки Кеңеш биригип
Духовный Кеңеш бере жүр
Чөгүп жүрөт көңүлү
Көтөрүп көңүл бирге жүр
Дем берип алга үндөй жүр

Жакын жүргөн достору
Жалт берип үркүп кеткендей
Бала кезден достору
Байкабай өтүп кеткендей
Баарлашкан достору
Байкушум деп кеткендей

Суу жетпей көктөн өскөндөй
Бүшүркөшүп калп эле
Учурашып өткөндөй
Душманына кошулуп
Душман болуп кеткендей
Жамандашып кошулуп
Максатына жеткендей

Ааламда баары такталуу
Алына карай баркталуу
Көңүлгө албай Эргеш дос
Алгалап барат такшалуу
Таш жолдо жүрөт тапталуу
Эмгеги менен баркталуу
Эзилип жүрөт Актаның
Эске албайт экен жердеги
Эркинче өскөн пенделер
Эсине алсын пенделер
Эргешбай бизге кеменгер

Эсине алсын Эргешим
Саяпкерим Кеңешим
Аалам жакка чаба бер
Катуу камчы кое бер
Чарчаганда Эргешиң
Дем күчүңдү бере бер
Байланыш үзүлдү. Саат 8:10

Кыргызда макал бар го "жөн жерден өрт чыкпайт" деп, бул байланыштардын да өзүнчө бир сыры болсо керек. Ошондуктан бул маселеде кызыккан адамдар, окумуштуулар чөйрөсү биргелешип иликтөө жүргүзүп, тактоо бүгүнкү күндүн талабы го деп ойлойм. Менин көзүм жетип турат.

Эгер атеисттик ойдон арылып, жүрөгүбүз менен берилип, ишенимдүү аракет жасасак. Жаңы илимдин эшиги ачылганы турат. Ата –бабаларыбыз табият сырларына көңүл буруп, оң-терс жактарын ылгап, керектүүлөрүн жашоолоруна пайдаланып келгени белгилүү.

Айрыкча байыркы таштагы жазууларды чечмелөөгө аракет кылып көрсө дурус болор эле .келгиле жалпы аракет кылып көрөлү, жыйынтык чыгаралы.

Биздин даректибиз:
Бишкек шаары
Айтикеев Кеңешбек тел.: 0773-65-52-17
Ажыбаев Эргешбай тел.: 0773-51-34-98

РУХТАР МЕНЕН
СЫРДАШУУ

Мукабадагы сүрөттүн автору: *Турсункулов А.*
Компьютерге баскан жана калыпка келтирген: *Талканов Э.К.*

Терүүгө 01.01.08 Басууга 15.03.08. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16. «Таймс ариби» менен терилди.
Офсет кагазына, офсет ыкмасы менен басылды.
Көлөмү 10,2 накта басма табак. Нускасы 1000. Заказ № 366.

Отпечатано в типографии «ДЭМИ»
Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Кулатова, 1/3